## 2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит объектилери:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү; борбордук аппарат; Борбордук казыналык; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фон; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы.

**Аудит мезгили:** 2022-жыл.

**Аудиттин максаты:** 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышын, бюджеттен сырткары жана атайын эсептин каражаттарын, мамлекеттик активдерди жана пассивдерди тескөөнү баалоо.

**Аудитин предмети:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.09.2021-жылдагы № 169 “2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары” токтому;
- “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору жана тапшырмалары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишин жана бюджеттик процессти жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

**Аудитти жүргүзүү мөөнөтү:** 20.03.2023-жылдан 15.08.2023-жылга чейин.

**Жоопту тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги мамлекеттик каражаттарды тескөөдө мыйзамдын сакталышына, органга өкүлдөлгөн ыйгарым укукту жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспектеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги берген документтердин негизинде жүргүзүлгөн.

Аудит тарабынан бюджеттик чөйрөгө тиешелүү ченемдик-укуктук актылар, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденди. Аудит өзүнө корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Аудит тарабынан аткарылуучу жол-жоболор бул жагдайларда ылайыктуу, чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептелет.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 30.05.2023-жылдагы № 01-3/687 катына ылайык, 2021-жылга республикалык аудиттин жүрүшүнө мурда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштары толук эмес көлөмдө аткарылган.

74 пункттун ичинен 61 пункт аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган: 1, 5, 9, 35, 58, 63; 7 пункт аткарылган эмес: 7, 14, 15, 23, 24, 34, 55.

Калыбына келтирилүүгө тиешелүү 91 631,50 миң сом сумманын ичинен 70 912,30 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилүүгө сумманын калдыктары 20 719,20 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

2021-жылга республикалык аудиттин жүрүшүнө мурда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштары толук эмес көлөмдө аткарылган.

74 пункттун ичинен 61 пункт аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган: 1, 5, 9, 35, 58, 63; 7 пункт аткарылган эмес: 7, 14, 15, 23, 24, 34, 55.

Калыбына келтирилүүгө тиешелүү 91 631,50 миң сом сумманын ичинен 70 912,30 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилүүгө сумманын калдыктары 20 719,20 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштарын толук жана өз учурунда аткарылышын камсыз кылсын.

## 2022-жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин параметрлери 2021-жылдын 22-декабрында "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, кирешелер боюнча - 282 112,9 млн. сом жана чыгымдар боюнча - 291 234,6 млн. сом суммасында бекитилген жана республикалык бюджеттин 9 121,7 млн. сом суммасында чектелген тартыштыгы белгиленген.

Республикалык бюджеттин түзүлүшүн талдоо, белгилүү бир тутумдуу жана субъективдүү дал келбестиктердин жана мыйзам актылары менен кабыл алынган каталыктардын болушун көрсөттү.

Дүйнөдөгү саясий туруксуздукка карабастан, 2022-жыл ичинде улуттук экономиканын өсүү темпи он динамиканы көрсөткөн, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин алдын ала баалоосу боюнча 107,0 %, ды түзгөн, экинчи жактан социалдык коргоо, экономикалык маселелер, коомдук тартип жана коопсуздук чөйрөсүндө бюджеттик чыгымдардын көбөйүүсү жүргөн, бул болсо, бюджеттин ири өлчөмдөгү тартыштыгынын болгонун көрсөткөн, мамлекеттик бюджеттин дисбалансынын бир кыйла көбөйүүсүнө алып келген.

Алсак, 2022-жылы мамлекеттик бюджеттин факты жүзүндө тартыштыгы, 2021-жылдагы 1 763,6 млн. сом - 0, 2 пайызга каршы, ИДПга (10 400,7 млн. сом) карата 1,1 пайызды түзгөн.

2008-жылдан бери бюджетти орто мөөнөттүү болжолдоо иш-чараларын иштеп чыгууда жана мыйзамдуу тартипте кабыл алууда белгилүү бир жетишкендиктер бар, алар бюджет боюнча чечимдерди кабыл алуу жана салык-бюджеттик саясатты иштеп чыгууга олуттуу таасирин тийгизбейт.

Учурда, мамлекеттик бюджетти түзүү практикасы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан белгиленген контролдук цифраларга негизделген. Мекемелердин бюджети керектөөлөр боюнча эмес, Финансы министрлиги караган каражаттардын көлөмү боюнча түзүлөт, бул болсо, бюджеттик процесске көп жолу өзгөртүүлөрдү киргизүү негизин түзөт.

Талдоо көрсөткөндөй, Финансы министрлиги көпчүлүк учурда алардын пайдаланылышынын натыйжалуулугуна карата контролдоо

функциясын начарлатуу менен, ресурстарды бөлүштүрүү функциясын гана аткарат.

Декларацияланган жана министрликтер жана ведомстволор тарабынан формалдуу аткарылган программалык мамиле, практикалык баалуулукка ээ эмес.

Республикалык бюджеттин милдеттенмелеринин жана чыгымдарынын натыйжалуулугун баалоо, азырынча мамлекеттик каражаттардын чыгымдарынын рационалдуулугун жана натыйжалуулугун аныктоонун так критерийлерине негизделбейт, анткени, бюджеттик мекемелерди каржылоонун бекитилген стандарттарына негизделген, бюджеттик пландоонун бирдиктүү базасы түзүлгөн эмес.

Мындан сырткары, республикалык бюджеттин чыгымдарынын түзүмү, бюджеттик чыгымдардын артыкчылыктуу чыгымдуу мүнөзү жөнүндө күбөлөндүрөт. Бул болсо, республиканын бекитилген бюджетинде олуттуу өзгөртүүлөргө алып келген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин эки жолудан ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн. Бирок, №130 “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2022-жылдын 31-декабрында гана кабыл алынган же белгиленген мөөнөттөн 61 календардык күн кечигүү менен, же факты жүзүндө жүргүзүлгөн чыгымдар алдында.

Алсак, 2022-жылдын 31-декабрындагы №130 “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен кирешелер 273 691,2 млн. сомго чейин (такталгандан 8 421,7 млн. сомго азаюу менен), чыгымдар 304 043,9 сомго чейин (такталгандан 12 809,3 млн. сомго көбөйүү менен) такталган, демек, бюджеттин тартыштыгы 30 352,7 сомго чейин (такталгандан 21 231,0 млн.сомго көбөйүү менен); такталган.

Бирок, мыйзам менен белгиленген бюджеттик багыттолорду толук аткаруу камсыздалган эмес.

Негизинен, республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 98,8 пайызга (болжолдоо – 273 691,2 млн. сом факт – 270 427,5 млн. сом) аткарылган, ***киреше булактары бөлүгүнө 3 263,8 млн. сом жеткире түшкөн эмес,*** анын ичинен, салык кирешелери – 524,4 млн. сом (МСК – (-)1 195,2 млн. сом, МБК – (+) 610,8 млн. сом), тышкы булактардан трансферттер – 483,7 млн. сом, салык эмес кирешелер – 2 259,2 млн. сом, мында, финансылык активдерди сатуу 3,8 млн. сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы, такталган 304 043,9 млн. сом багыттоолор алдында 283 477,6 млн. сомду (93,2 пайызды) түзгөн, ***же каралган бюджеттик чараларды 20 566,3 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.***

2022-жылга республикалык бюджеттин аткаруунун айырмаланган белгиси болуп, башкаруу, экономика секторлору жана социалдык чөйрө бөлүгүндө бюджеттик каржылоо (атайын каражаттарды эске алуу менен), бюджеттик параметрлердин жүз пайызга аткарылбашы жана бирдей эместиги менен айырмалангандыгы эсептелет.

Чыгымдар беренелери боюнча бюджеттин аткарылышын кароодо, сметалык багыттоолордун бардык көрсөткүчтөрү боюнча пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгы аныкталган. ***Каралган бюджеттик чаралар 20 566,3 млн. сомго жеткире каржыланган эмес,*** *атайын каражаттардын эсебинен* ***сметалык багыттоолор 6 668,5 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.***

***Ошентип, "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 3, 4-беренелери жарым-жартылай аткарылган эмес.***

***Республикалык бюджеттин корголгон беренелери (атайын каражаттарды эсепке албастан) 3 100,2 млн. сом суммасында аткарылган эмес,*** анын ичинен: эмгек акы – 1904,2 млн. сом (бул болсо, Кыргыз Республикасынын Президентинин 21.12.2022-жылдагы № 401 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Жарлыгына байланыштуу), Социалдык фондго чегерүүлөр - 357,2 млн. сом, медикаменттерди сатып алуу – 255,1 млн. сом, тамак-аш продуктыларын сатып алуу – 252,4 млн. сом, социалдык камсыздоо, социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар – 39,2 млн. сом, ММКФга трансферттер – 292,1 млн. сом.

***Демек, "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-пункту дагы аткарылган эмес.***

Мында, бир кыйла аткарылбаган бюджеттик милдеттенмелерди көрсөтүү менен, бюджеттин чыгымдарын рационалдуу эмес жана натыйжасыз пландоо жөнүндө белгиленген, бул болсо, 2829 "Топтолгон финансылык резервдер" беренесин 73 797,3 млн. сомго негизсиз администрлөөгө алып келген (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы № 161-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө" буйругу), анын ичинен, республикалык бюджет - 70 000,0 млн. сом жана жергиликтүү бюджет - 3 797,3 млн. сом. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде талаптары сакталган эмес. "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык

бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында алар 704 “Экономикалык чыгымдар” бөлүмүнүн чыгымдар милдеттенмелеринде бекитилген.

Б.а башында республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга бир кыйла өлчөмдөгү 73,8 млрд. сом “ачык эмес” чыгым милдеттенмелери коюлган, алар бюджетти аткаруунун жүрүшүндө  кошумча каржылоо булактары катары  башкы чыгымдар беренелери боюнча кайрадан бөлүштүрүлгөн.

***Көрсөтүлгөн мыйзамдын 5-беренесинин 1-пункту менен белгиленген, мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткаруу параметрлери дагы аткарылган эмес жана 2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин отчетунда берилген эмес***. Же, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин берген отчетту толук кандуу эмес деп констатциялоого болот.

Бирок, мамлекеттик инвестицияларды каржылоонун ички булактары 923,4 млн. сомду түзгөн, Мыйзам менен 1 025,2 млн. сомго такталган көлөм алдында, 33 698,1 млн. сомго болжолдоо алдында тышкы - 32 365,5 млн. сом.

Мында төмөндөгүлөрдү белгилей кетүү керек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  16.08.2017-жылдагы  № 488 “Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен,  2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко Мамлекеттик инвестициялар программасы боюнча маалыматтар салынган эмес жана берилген эмес. бирок, “Кыргыз Республикасынын  2022-жылга республикалык  бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында 7-тиркеме менен, 2022-2024-жылдарга мамлекеттик инвестицияларды өнүктүрүү бюджетине чыгымдар бекитилген.

2022-жылга бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча объективдүү жана субъективдүү  четтөөлөр жөнүндө маалымат жок.

**72 315,5 млн.сом** нарктагы төмөндөгүдөй олуттуу компоненттер жок:

- 28 170,4 млн. сомго Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын тейлөө жөнүндө төлөмдөр тууралуу отчет;
- 44 145,1 млн. сом нарктагы республикалык өнүгүү бюджетинин аткарылышы;
- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнө Евразиялык экономикалык Кеңештин мүчө өлкөлөрүнөн ресурстардын күн сайын келип түшүүлөрү (27-тиркеме);
- сырттан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө отчет (28-тиркеме);
- компенсациялык алымдардын, атайын, демпингге каршы суммаларды чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө отчет (29-тиркеме).

Бюджеттин тартыштыгы башында бекитилгенден 3 928,6 млн. сомго ашыруу менен 13 050,3 млн. сом суммасында түзүлгөн жана такталгандан 17 302,4 млн. сомго аз. Буга байланыштуу, 2022-жылдын декабрындагы тактоо процессинде бюджеттин тартыштыгын 21 231,0 млн. сомго көбөйтүү, реалдуу эмес болжолдоонун натыйжасы катары бааланат.

Бюджеттин тартыштыгын жабууга 29 856,0 млн. сом пайдаланылган же 16 805,7 млн. сом ашыкча, ал 4 057,5 млн. сомго чейин аларды тейлөө боюнча республикалык бюджет үчүн кошумча эсептик чыгымдарга алып келген, 14 295,5 млн. сом суммасында (чыгаруу - 19 820,5 млн. сом, төлөө – 5 525,1 млн. сом) "Мамлекеттик баалуу кагаздар" аспабы түрүндө бюджеттин тартыштыгын жабуунун максатка ылайыктуу булактарын колдоонун натыйжасында түзүлгөн.

Акча каражаттарынын корлорундагы таза өзгөрүү, республикалык бюджеттин бекитилген параметрлерине киргизилген (-) 12346,6 млн. сомго каршы 4459,3 млн. сом өлчөмүндө түзүлгөн, бул болсо, отчеттун долбоорунда көрсөтүлгөн 13 050,3 млн. сом суммасындагы тартыштыкка күмөн жаратат.

## 2022-жылга республикалык бюджеттин кирешелер бөлүгүнүн аткарылышынын натыйжалары

2022-жылдын январь-декабрына карата республикалык бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 300 622,3 млн. сомду же белгиленген пландык мааниден 99,6 %ды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, бюджеттин жалпы кирешеси 43,3 %га же 90 795,3 млн. сомого өскөн.

Мамлекеттик инвестициялардын гранттарын жана атайын эсептин каражаттарын эсепке албастан, жалпы кирешлер планы 100,3 %га аткарылган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, мамлекеттик инвестициялардын гранттарын жана атайын эсептин каражаттарын эсепке албастан, кирешелердин жалпы көлөмү 83 400,2 млн. сомго же 45,0 %га көбөйгөн.

**2022-жылга республикалык бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 270 423,5 млн. сомду же пландан 98,8 %ды түзгөн.** Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, кирешелер 44,3 %га же 82 983,8 млн. сомго өскөн.

Каралып жаткан мезгилге карата салык кирешелеринин көлөмү 228 961,6 млн. сомду же пландан 100,5 %ды түзгөн (ашыра аткаруу суммасы - 1 228,1 млн. сом). 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, салык кирешелери 77 776,2 млн. сомго же 51,4 %га өскөн.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан** салык жана төлөмдөр 74 310,8 млн. сомго же пландан 100,8 %га камсыздалган (ашыра аткаруу суммасы - 610,8 млн. сом). Өткөн жылга салыштырмалуу, бажы төлөмдөрүнүн келип түшүүлөрү 58,5 %га же 27 422,5 млн. сомго өскөн, бул болсо, импорттун

өсүүсү менен байланыштуу болгон (Улуттук статистика комитетинин 2022-жылдын январь-декабрына карата маалыматтары боюнча үчүнчү өлкөдөн импорттун көлөмү, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 2,2 эсе көбөйүү менен, 6 534,9 млн. АКШ долларын түзгөн).

Отчеттук мезгил ичинде **Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан** 156 339,5 млн. сом суммасында кирешелер чогултулган, пландуу көрсөткүч 100,5%га аткарылган. Өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, Салык кызмат администрлеген кирешелер 47,9 %га же 50 625,5 млн. сомго өскөн.

**Салык кызмат тарабынан администрленген салыктык кирешелер** 154 650,7 млн. сомду же пландан 100,4 %ды түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 48,3 %га же 50 353,8 млн. сомго өскөн

Салык кирешелеринин өсүүсү экономиканын өсүүсүнүн эсебинен камсыздалган, ошондой эле салыкты администрлөөнү, экономиканын бардык тармагына талдоо жана мониторинг жүргүзүүнү жакшыртуу боюнча салык кызматынын иши жакшы таасирин берген. Ошондой эле, "СМАРТ Салым салык жол-жобосун санариптештирүү жол-жоболору өзүнүн натыйжаларын берген, анын ичинен электрондук эсеп фактураларды, контролдук-кассалык машиналарды, ЕАЭБ алкаганды товарларды эсепке алуу боюнча “Бириктирилген пост” тутумун жайылтуу.

Каралган мезгилге карата республикалык бюджеттин салыктык эмес келип түшүүлөрү 52 168,7 млн. сомду же пландан 96,2 %ды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү деңгээлине карата жыйымдар 7 265,4 млн. сомго же 16,2 %га өскөн. Келип түшүүлөрдүн бир кыйла өсүүсү, акциялардын мамлекеттик пакетине эсептелген дивиденддер, ижара акылары жана ресурстарды иштеп чыгуу жа пайдалануу боюнча жыймыдар, акы төлөнүүчү кызматтан келип түшкөндөр жана башка салыктык эмес кирешелер боюнча байкалган.

**Расмий трансферттердин** келип түшүүлөрү 19 492,1 млн. сомду түзгөн, пландуу көрсөткүч 97,6 %га аткарылган. 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, келип түшүүлөр 5 753,6 млн. сомго көбөйгөн.

Республикалык бюджеттин салыктык кирешелеринин көлөмү отчеттук жыл ичинде 203 432,0 млн. сомду же пландан 99,7 %ды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, салыктык кирешелер 71 296,5 млн. сомго же 54,0 %га өскөн.

(млн. сом)

| | **Факт 2021-ж.** | **План 2022-ж.** | **Факт 2022-ж.** | *План-дан четтөө (+/-)* | *План-ды ат-каруу %* | *Факты дан четтөө 2021-жыл (+;-)* | *Факты га карата өсүү темпи 2021 года (%)* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кирешелер** | **187 439,7** | **273 691,2** | **270 423,5** | *-3 267,7* | *98,8* | *82 983,8* | *144,3* |
| *МСК кирешелери* | *86 332,7* | *131 493,8* | *130 426,2* | *-1 067,6* | *99,2* | *44 093,5* | *151,1* |
| **Салык кирешелери** | **132 135,5** | **203 956,4** | **203 432,0** | *-524,4* | *99,7* | *71 296,5* | *154,0* |
| *МСКнын салык кирешелери* | *85 247,2* | *130 256,4* | *129 121,2* | *-1 135,2* | *99,1* | *43 874,0* | *151,5* |
| *МБКнын салык кирешелери* | *46 888,3* | *73 700,0* | *74 310,8* | *610,8* | *100,8* | *27 422,5* | *158,5* |
| **Алынган расмий трансферттер** | **13 738,5** | **19 975,8** | **19 492,1** | *-483,7* | *97,6* | *5 753,6* | *141,9* |
| **Салык эмес кирешелер** | **41 565,7** | **49 758,9** | **47 499,4** | *-2 259,6* | *95,5* | *5 933,6* | *114,3* |

## Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке алуу менен) жалпы чыгымдары (кезектеги чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар), 335 077,7 млн. сомго такталган план алдында 311 142,3 млн. сомду түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдары 99 441,6 млн. сомго көбөйгөн. ИДПга карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жалпы чыгымдары 33,8 %ды түзгөн.

### Функционалдык классификациялоо боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы (млн. сом)

| **Бөлүмдөрдүн аталышы** | **Факт 2021-ж.** | **Сал-ыштырма сал-мак %** | **ВВП га кара-та %да** | **План 2022-ж.** | **Факт 2022 -ж.** | **%** | **Пландан четтөө** | **ИДПга карата салыштырма салмак** | **2021-ж. карата четтөө** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| **Бардыгы** | **211 700,8** | *100,0* | **28,6** | **335 077,7** | **311 142,3** | 100,0 | - 23 935,3 | *33,8* | *99 441,6* |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | **64 192,1** | *30,3* | 8,7 | **88 736,5** | **83 861,8** | 27,0 | - 4 874,7 | *9,1* | *19 669,7* |
| Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук | **30 172,2** | *14,3* | 4,1 | **52 785,8** | **49 553,1** | 15,9 | - 3 232,7 | *5,4* | *19 380,9* |
| Экономикалык маселелер | **32 762,5** | *15,5* | 4,4 | **60 497,6** | **53 912,6** | 17,3 | - 6 585,1 | *5,9* | *21 150,1* |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо | **689,0** | *0,3* | 0,1 | **1 449,5** | **1 188,7** | 0,4 | - 260,9 | *0,1* | *499,6* |

| Бөлүмдөрдүн аталышы | Факт 2021-ж. | Сал-ыштырма сал-мак % | ВВП га кара-та %да | План 2022-ж. | Факт 2022 -ж. | % | Пландан четтөө | ИДПга карата салыштырма салмак | 2021-ж. карата четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүү | **9 672,2** | *4,6* | 1,3 | **17 574,9** | **15 899,0** | 5,1 | - 1 675,9 | *1,7* | *6 226,8* |
| Саламаттык сактоо | **8 221,6** | *3,9* | 1,1 | **8 241,6** | **7 437,6** | 2,4 | - 804,0 | *0,8* | *- 784,0* |
| Эс алуу, маданият жана дин | **4 872,7** | *2,3* | 0,7 | **7 564,9** | **7 126,6** | 2,3 | - 438,3 | *0,8* | *2 253,9* |
| Билим берүү | **48 320,5** | *22,8* | 6,5 | **78 987,9** | **73 175,6** | 23,5 | - 5 812,3 | *8,0* | *24 855,1* |
| Социалдык коргоо | **12 797,9** | *6,0* | 1,7 | **19 238,9** | **18 987,3** | 6,1 | - 251,6 | *2,1* | *6 189,4* |

- 2021-жылга карата ИДП - 739 818,5 млн.сом; * 2022-жылга карата ИДП - 919 444,6 млн.сом.

## 2021-2022-жылдарга чыгымдар тобу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин аткарылышы

(атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке албастан)

(млн. сом)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Тобу | Факт 2021-ж. | План 2022-ж. | Факт 2022 -ж. | *Пландан четтөө (5-4)* | *2021-жылга карата четтөө (5-3)* | (%) 2021-жылга карата |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *8* | *9* |
| **Бюджеттик каражаттардын эсебинен** | | **178 711,5** | **288 769,0** | **266 594,7** | *-22 174,3* | *87 883,2* | *149,2* |
| **Операциялык чыгымдар** | | 153 803,9 | 224 662,9 | 208 895,4 | *-15 767,5* | *55 091,5* | *135,8* |
| | 211 | 57 821,8 | 87 241,8 | 84 978,0 | *-2 263,8* | *27 156,2* | *147,0* |
| 2111. Эмгек акы | | 57 821,8 | 87 241,8 | 84 978,0 | *-2 263,8* | *27 156,2* | *147,0* |
| | 212 | 7 408,4 | 11 599,9 | 11 158,2 | *-441,8* | *3 749,8* | *150,6* |
| 2121. Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр жана чегерүүлөр | | 7 408,4 | 11 599,9 | 11 158,2 | *-441,8* | *3 749,8* | *150,6* |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 221 | 15 621,8 | 22 907,3 | 18 676,0 | *-4 231,3* | *3 054,2* | *119,6* |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 222 | 3 385,2 | 4 692,3 | 4 201,7 | *-490,6* | *816,5* | *124,1* |
| Коммуналдык кызматтар | 223 | 2 959,0 | 3 688,9 | 3 555,5 | *-133,5* | *596,5* | *120,2* |
| Резидент эместерге пайыздар | 241 | 3 783,2 | 5 161,7 | 4 978,6 | *-183,1* | *1 195,5* | *131,6* |
| Резиденттерге пайыздар, башкаруу секторунан сырткары | 242 | 4 651,9 | 5 968,0 | 5 967,9 | | *1 316,1* | *128,3* |
| Башкаруу секторунун башка бирдиктерине пайыздар | 243 | 2,1 | 0,9 | 0,9 | | *-1,1* | *46,1* |
| Мамлекеттик ишканаларга субсидийлер | 251 | 5 279,9 | 5 940,8 | 5 827,9 | *-112,9* | *548,0* | *110,4* |
| Жеке ишканаларга сусийдилер | 252 | 768,9 | 71,6 | 41,0 | *-30,6* | *-727,9* | *5,3* |

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Тобу | Факт 2021-ж. | План 2022-ж. | Факт 2022 -ж. | *Пландан четтөө (5-4)* | *2021-жылга карата четтөө (5-3)* | (%) 2021-жылга карата |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эл аралык уюмдарга гранттар | 262 | 570,5 | 818,1 | 811,3 | *-6,9* | *240,8* | *142,2* |
| Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар | 263 | 38 647,5 | 56 219,5 | 48 599,0 | *-7 620,5* | *9 951,5* | *125,7* |
| Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар | 271 | 488,3 | 188,6 | 170,2 | *-18,4* | *-318,0* | *34,9* |
| Социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар | 272 | 11 747,1 | 17 272,4 | 17 225,1 | *-47,4* | *5 477,9* | *146,6* |
| Ар кандай башка чыгымдар | 282 | 668,5 | 2 890,9 | 2 704,2 | *-186,8* | *2 035,6* | *404,5* |
| Финансылык эмес активдерди сатып алуу | 31 | 24 907,6 | 64 106,1 | 57 699,2 | *-6 406,9* | *32 791,7* | *231,7* |

2022-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жалпы чыгымдары (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке албастан) 266 594,7 млн. сомду түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдары 87 883,2 млн. сомго же 149,2 %га өскөн.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин ИДПга карата жалпы чыгымдары (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке албастан) 28,9 %ды түзгөн.

## Республикалык бюджеттин аткарылышы

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке алуу менен) жалпы чыгымдары (кезектеги чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар) 304 043,9 млн. сомго такталган план алдында 283 477,6 млн. сомду же 93,2%ды түзгөн. ИДПга карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жалпы чыгымдары 30,8 %ды түзгөн.

Өткөн жылга салыштырмалуу, республикалык бюджеттин жалпы чыгымдары 92 492,7 млн. сомго же 148,4 %га көбөйгөн, мында олуттуу өсүү төмөндөгүлөр боюнча жүргөн: “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” - 21,1 млрд. сом, “Билим берүү” - 22,5 млрд. сом, “Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук” -19,4 млрд. сом, “Экономикалык маселелер” - 19,3 млрд. сом. “Саламаттык сактоо” бөлүмүн каржылоо, 2021-жылдагы каржылоо деңгээлине 795,5 млн. сом жеткен эмес.

## 2021-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин чыгымдарынын негизги бөлүмдөрү боюнча салыштырмалуу таблица

(атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке албастан)

(млн. сом)

| Бөлүмдөрдүн аталышы | Факт 2021-ж. | Салыштырма салмак % | ИДПга карата % | План 2022-ж. | Факт 2022-ж. | Планга кар-ата % | Пландан четтөө | Салыштырма сал-мак % | ИДПга карата % | 2021-жылга карата четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **190 984,9** | *100,0* | **25,8** | **304 043,9** | **283 477,6** | 95,3 | - 20 566,3 | *100,0* | *30,8* | *92 492,7* |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | **62 255,5** | *32,6* | 8,4 | **87 793,0** | **83 390,3** | 95,0 | - 4 402,7 | *29,4* | *9,1* | *21 134,8* |
| Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук | **30 061,8** | *15,7* | 4,1 | **52 638,6** | **49 425,4** | 93,9 | - 3 213,2 | *17,4* | *5,4* | *19 363,6* |
| Экономикалык маселелер | **31 742,3** | *16,6* | 4,3 | **57 471,5** | **51 047,4** | 88,8 | - 6 424,1 | *18,0* | *5,6* | *19 305,1* |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо | **689,0** | *0,4* | 0,1 | **1 449,5** | **1 188,7** | 82,0 | - 260,9 | *0,4* | *0,1* | *499,6* |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүү | **2 085,2** | *1,1* | 0,3 | **4 925,9** | **4 859,8** | 98,7 | - 66,1 | *1,7* | *0,5* | *2 774,6* |
| Саламаттык сактоо | **7 936,8** | *4,2* | 1,1 | **7 913,7** | **7 141,4** | 90,2 | - 772,3 | *2,5* | *0,8* | *- 795,5* |
| Эс алуу, маданият жана дин | **3 532,3** | *1,8* | 0,5 | **5 503,6** | **5 234,1** | 95,1 | - 269,5 | *1,8* | *0,6* | *1 701,8* |
| Билим берүү | **40 713,0** | *21,3* | 5,5 | **68 153,5** | **63 189,6** | 92,7 | - 4 963,9 | *22,3* | *6,9* | *22 476,6* |
| Социалдык коргоо | **11 969,0** | *6,3* | 1,6 | **18 194,7** | **18 001,0** | 98,9 | - 193,7 | *6,4* | *2,0* | *6 032,0* |

2021-жылга карата ИДП - 739 818,5 млн.сом; * 2022-жылга карата ИДП - 919 444,6 *

Чыгымдардын жогорку деңгээли төмөндөгүлөргө туура келген: Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" - 83 390,3 млн. сом же 29,4%, "Билим берүү" - 63 189,6 млн сом (22,3 %), "Экономикалык маселелер" - 51 047,4 млн. сом (18,0 %), "Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук" - 49 425,4 млн. сом (17,4 %) жана бардык калган бөлүмдөргө - 12,9 %.

## 2022-жылга чыгымдар тобу боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы

(атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИП кредиттерин эсепке албастан)

(млн сом)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Топ | План 2022-ж. | Факт 2022-ж. | *% планы аткаруу* | Четтөө (+;-) |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы чыгымдар** | | **252 353,1** | **240 474,8** | 95,3 | -11 878,3 |
| **Операциялык чыгымдар** | | 199 694,5 | 192 077,1 | 96,2 | -7 617,5 |
| **Кызматкерлердин эмгегине төлөө** | **211** | **77 060,6** | **75 156,4** | 97,5 | -1 904,2 |
| 2121. Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр жана чегерүүлөр | 212 | 9 973,1 | 9 615,9 | 96,4 | -357,2 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 221 | 17 345,7 | 13 786,6 | 79,5 | -3 559,1 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 222 | 2 337,5 | 2 157,9 | 92,3 | -179,7 |

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Топ | План 2022-ж. | Факт 2022-ж. | *% планы аткаруу* | Четтөө (+;-) |
|---|---|---|---|---|---|
| Коммуналдык кызматтар | 223 | 2 746,7 | 2 689,3 | 97,9 | -57,4 |
| Резидент эместерге пайыздар | 241 | 5 002,6 | 4 822,3 | 96,4 | -180,2 |
| Резиденттерге пайыздар | 242 | 5 968,0 | 5 967,9 | 100,0 | -0,0 |
| Башкаруу секторунун башка бирдиктерине пайыздар | 243 | | | | |
| Мамлекеттик ишканаларга субсидийлер | 251 | 2 656,8 | 2 560,7 | 96,4 | -96,1 |
| Жеке ишканаларга сусийдилер | 252 | 50,4 | 23,7 | 47,0 | -26,7 |
| Эл аралык уюмдарга гранттар | 262 | 814,9 | 808,2 | 99,2 | -6,7 |
| Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар | 263 | 56 219,5 | 55 180,6 | 98,2 | -1 038,9 |
| Социалдык жөлөк пулдар жана төлөмдөр | 271 | 188,6 | 170,2 | 90,3 | -18,4 |
| Калкка социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөк пулдар | 272 | 16 613,8 | 16 592,9 | 99,9 | -20,9 |
| Ар кандай башка чыгымдар | 282 | 2 716,2 | 2 544,2 | 93,7 | -172,0 |
| Финансылык эмес активдерди сатып алуу | 31 | 52 658,6 | 48 397,8 | 91,9 | -4 260,8 |

Экономикалык классификациялоо боюнча республикалык бюджеттин жалпы чыгымдары чыгымдардын бардык беренелери боюнча 11 878,3 млн. сомого жеткире аткарылган эмес, мында, аткаруу төмөндөгү беренелер боюнча түзүлгөн: “Эмгек акы” - 97,5 % (75 156,4 млн. сом), “Социалдык фондго төгүмдөр” - 96,4 % (9 615,9 млн. сом), “Резиденттерге пайыздар, мамлекеттик башкаруу секторунан сырткары” - 100,0 % (5 967,9 млн. сом), “Калкка социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөк пулдар” - 99,9 % (16 592,9 млн. сом), “Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар” - 98,2 % (55 180,6 млн. сом).

Чыгымдардын жогорку деңгээли эмгек акы боюнча чыгымдарга туура келет – жалпы чыгымдардан 31,2 %, “Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар” - 22,9 %, “Финансылык эмес активдерди сатып алуу” - 2 0,1 %), “Социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар” – 6,9 % жана калган чыгымдарга – 18,9 %.

## Макроэкономикалык кырдаалды баалоо

Улуттук статкомитеттин 2022-жылдагы маалыматтары боюнча ИДПнын өсүүсү байкалган - 6,3 %дан 971,0 млрд. сомго чейин, көзөмөлдөнбөгөн экономиканын масштабы 0,2%дан 155,0 млрд.сомго чейин (20,8 %га каршы 21,0 %), акча массасынын - 30,6 %дан 443,7 млрд.сомго чейин, салыктык түшүүлөрдүн чогултуу деңгээли - 54,0 %дан 203,4 млрд.сомго чейин өскөн.

236,0 млрд. сом өлчөмүндөгү 24,3 % өз ара байланыш көрсөткүчтөрүнүн (акча массасынын жана ИДП өсүүсүнүн темпи) ортосундагы айырма байкалууда.

Салыкты чогултуу деңгээлинин өсүү темпи ( 54,0 %), акча массасынын өсүү (30,6 %) динамикасынан 23,4 % алдыга чыккан жана күчөтүлгөн салыктык администрлөө деңгээлин көрсөтөт.

Мында, көзөмөлдөнбөгөн экономиканын масштабынын болушуна байланыштуу, салык жүгүнүн түзүлгөн коэффициентинин (20,9 %)

натыйжасында, салыктардын потенциалдуу резервдери **32,4 млрд. сомдон 49,3 млрд. сомго чейин бааланган.**

2022-жылы акыркы керектөө, топтоо жана экспорттоо үчүн багытталган жана экономиканын бардык тармактары боюнча өлкөдө жүргүзүлгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын мүнөздөгөн ИДП болуп эсептелген, негизги көрсөткүчтөрдүн улуттук эсептеринин тутуму, “Кумтөр” долбоорунун таасирин баса көрсөтүү менен түзүлгөн.

2022-жылы долларды алмаштыруунун жылдык орточо курсу 84,1162 сом/АКШ долларын түзгөн (2022-жылы 85,5 сом/АКШ долларында күтүлгөн), бул болсо, 4,1 млрд. сомго мамлекеттик карызды тейлөө боюнча чыгымдарды ашыкча пландоого алып келген, башында болжолдонгондон 1,39 сомго төмөн.

Республикалык бюджеттин салыктык деңгээлинин көлөмү, 202-жылдагы деңгээлден 71 296,5 млн. сомго же 54,0 %га өсүү менен 203 432,0 млн. сомду түзгөн.

Б.а. Салыкты чогултуу деңгээлинин өсүү темпи (54,0 %), акча массасынын өсүү динамикасынан 23,4 % алдыга чыккан жана күчөтүлгөн салыктык администрлөө деңгээлин көрсөтөт.

Салыкты чогултуу деңгээлине Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 3-беренесинин 2-пунктун аткаруу таасирин тийгизет, ага ылайык, Эгерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан түзүлгөн макулдашуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланса же макулдашуу Жогорку Кеңеш ратификациялаган макулдашууну аткаруу үчүн Жогорку Кеңештин тапшырмасы боюнча түзүлсө, же болбосо Жогорку Кеңештин тапшырмасы боюнча түзүлгөн мындай макулдашуу кийин аны аткарууну улантуу максатында Министрлер Кабинети тарабынан өзгөртүлсө, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралгандан башка ченемдерди белгилесе, анда мындай макулдашуу менен жөнгө салынган салык мамилелерине ушул Макулдашуунун ченемдери колдонулат.

Бир ченемди ишке ашыруу бир кыйла татаалдай көрүнөт, анткени, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары төмөнкүдөй ченемдик укуктук актылардан турат: Кыргыз Республикасынын Салык кодексинен, ушул Кодекстин негизинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылардан (мындан ары - Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын актылары).

Көрсөтүлгөн ченемден улам, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамы менен каралбаган башка ченемдерге караганда, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамынын булактарынын жана салык мамилелерин жөнгө салуунун негиздери боло албайт десе болот.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 5-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамы анын ичинен салык салуунун мыйзамдуулугуна, салык салуунун милдеттүүлүгүнө, салык тутумунун бирдиктүүлүгүнө негизделерин эске алуу менен, Кыргыз

Республикасынын Салык кодексинин 3-беренесинин 2-бөлүгү салык тутумунун жогоруда саналган принциптерине туура келбейт, анткени, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамы менен каралганга караганда, ушул башка ченемдерди белгилейт.

Республикалык бюджеттин (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке алуу менен) жалпы чыгымдары (кезектеги чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар), 304,0 млрд. сомго такталган план алдында 283,5 млрд. сомду же 93,2 %ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу, республикалык бюджеттин жалпы чыгымдары 92,5 млрд. сомго же 48,4 %га өсүү менен көбөйгөн.

ИДПга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жалпы чыгымдары 30,8 %ды түзгөн.

Бир айлык орточо эмгек акы 2021-жылдагы көрсөткүчтөрдөн (19330 сом) 20%га өсүү менен 26 540 сомду түзгөн.

## ИДПны пайдалануу түзүмү

| Аталышы | 2021 млрд. сом | Жыйын-тыгына карата %да | 2022 млрд. сом | Жый-ынты-гына карата %да |
|---|---|---|---|---|
| ИДП | 782,9 | 100 | 971,0 | 100 |
| Негизги керектөөгө чыгымдар | 799,3 | 102,7 | 942,6 | 97,0 |
| Үй чарбасынын чыгымдары | 660,7 | 84,4 | 758,8 | 78,2 |
| Мамлекеттик башкаруу органдарынын чыгымдары | 130,2 | 16,6 | 174,6 | 18,0 |

Мамлекеттик бюджеттин жана бюджеттен сыртаркы фонддордун эсебинен каржыланган негизги керектөө боюнча чыгымдар174,6 млрд. сомго чейин 1,4%га өскөн.

### *701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүмү*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.09.2021-жылдагы № 169 токтому менен бекитилген, 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарына ылайык, жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргонуу жана укук тартибине 52 391,4 млн. сом көлөмүндө бөлүнгөн акча каражаттары каралган, же жалпы чыгымдарга карата 23,2 %.

Атайын каражаттарды эске алуу менен, бирок ММКФ жана Социалдык фондго трансферттерди эске албастан, 701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүмү боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы 34 791,3 млн. сомду, 702, 703 "Коргонуу жана коомдук тартип" бөлүмү боюнча - 49 425,4 млн. сомду түзгөн.

(млн. сом)

| | Факт 2021-жыл | 2022-жылга болжолдоо ОНФП | Факт 2022-жылга РБ | Четтөө (гр.4-гр.3) | Өсүү темпи %% |
|---|---|---|---|---|---|

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы чыгымдар | 190 894,9 | 225 483,9 | 283 477,6 | +57 993,7 | 125,7 |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргонуу жана коомдук тартип | 56 951,4 | 52 391,4 | 84 216,7 | +31 825,3 | 160,7 |
| Салыштырма салмак % | 29,8 | 23,2 | 29,7 | | |

Көрсөтүлгөн бөлүмдөр боюнча факты жүзүндө түзүлгөн чыгымдар 84 216,7 млн. сомду же жалпы чыгымдарга карата 29,7 %ды түзгөн, бул болсо, орто мөөнөттүү келечекте фискалдык саясаттын болжолдонгон негизги багыттарына караганда 6,5 %га көп, бирок 2021-жылдагыдай эле республикалык жалпы чыгымдарга карата чыгымдар деңгээлинде калган.

Мында, көрсөтүлгөн бөлүмдөр боюнча факты жүзүндөгү чыгымдар болжолдонгондон 31 825,3 млн. сомго (160,7 %) ашырылган, 2021-жылдагы фактыга салыштырмалуу, “мамлекеттик аппараттын” жана “күч блогунун” чыгымдары 27 265,3 млн. сомго же 1,5 эсе өскөн. Чыгымдардын көбөйүүсү республикалык бюджеттин кирешелеринин өсүүсү менен байланыштуу болгон, алар эмгек акыларды, пенсияларды, жөлөк пулдарды, капиталдык чыгымдарга чыгымдарды ж.б. көбөйтүүгө багытталган.

Республикалык бюджеттин 701-бөлүмүнүн чыгымдары төмөндөгүдөй түзүлгөн:

(млн. сом)

| | 2022-жылы бекитилген | 2022-жылы тактлаган | Четтөө гр.3-гр.2 | Факт 2022-жылы | Четтөө гр.5-гр.3 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** | **71 075,1** | **87 793,0** | **16 717,9** | **83 390,3** | **-4 402,7** |
| Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар | 2 031,4 | 4 766,2 | +2 734,8 | 4 369,8 | -396,4 |
| Бюджеттик-финансылык маселелер | 1 949,3 | 3 150,8 | +1 201,5 | 2 754,6 | -396,2 |
| Эл аралык мамилелер | 3 117,8 | 4 180,0 | +1 062,2 | 2 770,1 | -1 409,9 |
| Кадрдык тейлөөнүн жалпы маселелери | 88,2 | 101,0 | +12,8 | 90,2 | -10,8 |
| Пландоо кызматы жана жалпы багыттагы статистикалык кызмат | 716,0 | 938,7 | +222,7 | 765,2 | -173,5 |
| Жана башка жалпы кызматтар | 779,2 | 1 908,8 | +1 129,6 | 1 842,4 | -66,4 |
| Калкты каттоо боюнча кызматтар | 321,9 | 317,4 | -4,5 | 315,2 | -2,2 |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар менен байланыштуу НИОКР | 341,9 | 423,4 | +81,5 | 350,3 | -73,1 |
| Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү | 233,6 | 185,2 | -48,4 | 170,7 | -14,5 |
| Кымбат баалуу металлдар | 22,8 | 33,2 | +10,4 | 26,2 | -7,0 |
| Жалпы багыттагы башка мекемелер | 4 556,0 | 1 257,3 | -3 298,7 | 1 149,1 | -108,2 |
| Башка категорияга кирбеген, жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтардын башка кызмат көрсөтүүлөрү | 865,7 | 3 270,9 | +2 405,2 | 2 748,2 | -522,7 |
| Мамлекеттик карызды төлөө менен байланышкан операциялар жана баалуу кагаздар | 11 463,4 | 11 040,6 | -422,8 | 10 857,7 | -182,9 |
| Тендөөчү трансферттер | 1 423,2 | 1 423,2 | 0,0 | 1 415,7 | -7,5 |
| Максаттуу трансферттер | 874,4 | 5 905,2 | +5 030,8 | 5 165,9 | -739,3 |
| Милдеттүү медициналык | 15 614,7 | 19 538,8 | +3 924,1 | 19 246,7 | -292,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| камсыздандыруу фондунун бюджетине республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары | | | | | |
| Социалдык фонддун бюджетине республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары | 26 675,6 | 29 352,3 | +2 676,7 | 29 352,3 | 0,0 |

701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүмүнүн бекитилген параметрлери 87 793,0 млн. сомго чейин такталган, же 16 717,9 млн. сомго (123,5 %) өсүү менен, анын ичинен, чыгымдардын бир кыйла өсүүсү төмөндөгү бөлүмдөр боюнча жүргүзүлгөн:

- "Максаттуу трансферттер" 5 165,1 млн. сомго же 6,75 эсе. Көбөйүү негизинен төмөндөгүлөрдүн эсебинен болгон:

- ✓ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы № 181, 182, 183 токтомдоруна ылайык, маданият, билим берүү жана социалдык коргоо кызматкерлеринин эмгек акыларынын 2 129,4 млн. сомго, Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы № 266 Жарлыгына ылайык, муницпалдык кызматчылардыкын – 1 260,5 млн. сомго, КР ККнын (аскер комитеттери) жалдама персонадардыкын – 4,8 млн. сомго жогорулатуу;
- ✓ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзүнчө мамлекеттик ыйгарым укуктарды өкүлдөө (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.12.2014-жылдагы № 715 токтому) КР УСК – 167,5 млн. сом, КР МКК – 56,1 млн. сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.04.2010-жылдагы № 206 токтомуна ылайык, электр энергиясын пайдалангандыгы үчүн компенсациялоого каражаттарды бөлүү – 148,7 млн. сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы № 266-б буйругуна ылайык, Каракол шаарын өнүктүрүүгө каражаттарды бөлүү - 885,0 млн. сом;
- ✓ Жылуулук энергиясы боюнча карызды төлөө – 261,1 млн. сом. Анын ичинен, Ош шаары боюнча - 221,0 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.11.2022-жылдагы № 650-б буйругу), Токмок шаары - 40,1 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 09.11.2022-жылдагы № 610-б буйругу);
- ✓ Коммуналдык кызматтар жана айыл аймактарынын ар кандай чыгымдары - 112,9 млн. сомов (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 08.04.2022-жылдагы № 201 токтому);
- ✓ Кыргыз Республикасынын Президентинин 06.12.2021-жылдагы № 547 Жарлыгына ылайык, түшпөй калган жер салыгын компаенсациялоо - 306,6 млн. сом ж.б.

Мында, "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын 11-беренеси менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары теңдөөчү трансферттерди биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр (электр энергиясын кошпогондо) боюнча чыгашаларды каржылоого багыттоо каралган жана Республикалык бюджеттен теңдөөчү трансферттердин эсебинен коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды толук каржылоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоопкерчилик жүктөлгөндүгүн, белгилей кетүү керек. Ошону менен бирге, 2022-жылы коммуналдык кызматтар боюнча карызды төлөө максатында, республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке 261,1 млн. сом жана 112,9 млн. сом багытталган.

"Республикалык бюджеттен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине республикалык бюджеттен каражаттарды бөлүү" - 3 924,1 млн. сом же 1,25 эсе, эмгек акыны жана башка чыгымдарды көбөйтүүнүн эсебинен;

- "Республикалык бюджеттен Социалдык камсыздандыруунун бюджетине республикалык бюджеттен каражаттарды бөлүү" - 2 676,7 млн. сом же 1,1 эсе, пенсияларды жана жөлөк пулдарды көбөйтүүнүн эсебинен;

- "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтын башкы кызмат көрсөтүүлөрү" - 2 405,2 млн. сом же 3,78 эсе, эмгек акыны жана башка сметалык багыттоолорду көбөйтүүнүн эсебинен;

- "Аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдары"- 2 734,8 млн. сом же 2,35 эсе ж.б.у.с.

Ошону менен бирге, төмөндөгү бөлүмдөр боюнча чыгымдар азайтылган:

- "Жалпы багыттагы башка мекемелер" - 3 298,7 млн. сом же 72,4 %;

- "Мамлекеттик карызды төлөө жана баалуу кагаздар менен байланышкан операциялар" - 422,8 млн. сом.

Мында, мамлекеттик карызды төлөө жана баалуу кагаздар менен байланышкан операциялар эл аралык финансы институттары, чет өлкөлөрдүн Өкмөттөрү жана башка эл аралык уюмдар менен түзүлгөн макулдашууларга ылайык түзүлөөрүн, белгилей кетүү керек. Ал жерде, төлөмдүн мөөнөтү жана суммасы так айтылган, демек, бул берене боюнча чыгымдарды азайтуу, алар боюнча чыгымдарды ченемден ашык пландоонун натыйжасы болуп эсептелет.

"Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр" бөлүмүнүн бюджети - 4 402,7 млн. сомго, , "Коргонуу, коомдук тартип" - 3 213,2 млн. сомго аткарылган эмес, мында, бардык бөлүмдөр жеткире каржыланган эмес, анын ичинен абдан олуттуулары: "Эл аралык мамилелер" - 1 409,9 млн. сом, "Максаттуу трансферттер" - 739,3 млн. сом, "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтын башка кызмат көрсөтүүлөрү" - 522,7 млн. сом, "Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар" - 396,4 млн. сом, "Бюджеттик-финансылык маселелер" - 396,1 млн. сом, "Республикалык бюджеттен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине республикалык бюджеттен каражаттарды бөлүү" - 292,1 млн. сом ж.б.у.с.

Республикалык бюджеттин 701-бөлүмүнүн чыгымдары экономикалык классификациялоо боюнча төмөндөгүдөй берилген:

(млн. сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Бере-ненин коду | 2022-жылга бекитилген | 2022-жылга такталган | Четтөө гр3-гр2 | Кассалык чыгымдар | Четтөө Гр5-гр3 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Эмгек акы | 21 | 7164,4 | 9089,8 | +1925,4 | 8461,6 | -628,2 |
| Соцфондго төгүмдөр | 212 | 911,5 | 1296,8 | +385,3 | 1166,1 | -130,7 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 22 | 1223,5 | 1583,1 | +359,6 | 1451,2 | -131,9 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 222 | 250,5 | 302,1 | +51,6 | 271,9 | -30,1 |
| Коммуналдык кызматтар | 223 | 226,9 | 280,1 | +53,2 | 271,9 | -8,2 |
| Пайыздар | 24 | 11408,1 | 10970,5 | -437,6 | 10790,3 | -180,3 |
| Субсидийлер | 25 | | 50,4 | +50,4 | 23,7 | -26,7 |
| Гранттар жана төгүмдөр | 26 | 48291,0 | 56921,6 | +8630,6 | 55881,3 | -1040,3 |
| Социалдык төлөмдөр жана жөлөк пулдар | 27 | 2,9 | 68,4 | +65,5 | 68,1 | -0,3 |
| Башка чыгымдар | 28 | 217,0 | 1680,7 | +1463,7 | 1556,6 | -124,1 |
| Атайын эсептин каражаттарынын эсебинен | | 640,3 | 2361,1 | +1720,8 | 943,5 | -1417,5 |
| **Операциялык чыгымдар** | | **70336,1** | **84604,6** | **+14268,5** | **80886,3** | **-3718,3** |
| Негизги фонддор | 31 | 170,9 | 1745,1 | +1574,2 | 1539,5 | -205,6 |
| Атайын эсептин каражаттарынын эсебинен | | 568,1 | 1443,3 | +875,2 | 964,5 | -478,8 |
| **Жыйынтыгы УФА** | | **739,0** | **3188,4** | **+2449,4** | **2504,0** | **-684,4** |
| **Бардыгы** | | **71075,1** | **87793,0** | **+16717,9** | **83390,3** | **-4402,7** |

Алсак, чыгымдарды болгону 16 717,9 млн. сомго көбөйтүү менен, бюджеттик каражаттардын эсебинен сметалык багыттоолор - 14 121,9 млн. сомго, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен - 2 596,0 млн. сомго көбөйтүлгөн. Чыгымдарды абдан олуттуу көбөйтүү төмөндөгү беренелер боюнча жүргүзүлгөн: “Мамлекеттик башкаруунун башка бирдиктерине гранттар” (ММКФ менен Соцфонго транферттер) - 8 630,6 млн. сом же жалпы көбөйтүүдөн 51,6 %, “Эмгек акы” - 1 925,4 млн. сом (11,5 %), “Негизги фонддор” - 1 574,2 млн. сом (9,4 %) ж.б. Атайын эсептин каражаттары 2 596,0 млн. сомго такталган, бул болсо бардык көбөйтүүдөн 15,5 %ды түзгөн.

Ошону менен бирге, бөлүнгөн акча каражаттарын көбөйтүү алардын толук аткарылышына өбөлгө болгон жок, бөлүмдүн бюджети 4 402,7 млн. сомго жеткире аткарылган эмес.

Атайын эсептин каражаттары 2 101,9 млн. сомго (47,7 %) жеткире аткарылган эмес.

**Аныкталды /Корутунду**

2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко карата “республикалык бюджет боюнча 2022-жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет” тиркемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция минитсрлигинин алдындагы

Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун чыгымдары төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн:

(миң сом)

| | | Бекитилген | Такталган | Факт | Такталгандан фактылык четтөө | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2 боюнча чыгымдардын жыйынтыгы** | | **78 595,1** | **80 403,8** | **65 825,8** | **-14578,0** | **81,9** |
| Имараттар жана курулмалар | 3111 | 0,0 | 1 600,0 | 111 321,0 | 109721,0 | 6957,6 |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 100,0 | 88,8 | 88,8 | 0,0 | 100,0 |
| **3 боюнча чыгымдардын жыйынтыгы** | | **100,0** | **1 688,8** | **111 409,8** | **109721,0** | **6597,0** |
| **Бюджеттик каражаттар боюнча жыйынтык** | | **78 695,1** | **82 092,6** | **177 235,6** | **95143,0** | **215,9** |
| **Уюштуруу боюнча жыйынтык** | | **78 695,1** | **82 092,6** | **177 235,6** | **95143,0** | **215,9** |

“Имараттар жана курулмалар” беренеси боюнча чыгымдарды 1,6 млн. сомго тактоо менен, такталган чыгымдардан 109,7 млн. сомго ашыруу менен, кассалык чыгымдар 111,3 миң сомго көрсөтүлгөн жана бюджеттик каражаттар боюнча жалпы чыгымдар, такталган 82,1 млн. сом алдында 177,2 млн. сому түзгөн.

Бул отчет Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлгөндүктөн, тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүн эмес, демек, берилген отчет 701 “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүмүнүн **95,1 млн. сомго** кассалык чыгымдар бөлүгү боюнча туура эмес.

**Сунуш**

Отчетту түзүү бюджеттик каражаттарды алуучулардын отчеттук маалыматтарына ылайык жүргүзүлсүн. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун жыйынтык суммасына таасирин тийгизген техникалык каталарга жол берилбесин.

702, 703 “Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук” бөлүмдөрүнүн чыгымдары 73 894,9 млн. сомго чейин такталган, же 36 722,0 млн. сомго (198,8 %) көбөйүү менен, мында НФА сатып алууга чыгымдардын өсүүсү 346,2 %ды түзгөн.

(млн. сом)

| | Бекитилген | Такталган | Бекитилгенден тактал.четтөө | Факт | Бекитилгенден фактылык четтөө |
|---|---|---|---|---|---|
| Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук | 31 032,6 | 52 638,6 | +21 606,0 | 49 425,4 | -3 213,2 |
| Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук (НФА) | 6 140,3 | 21 256,3 | +15 116,0 | 19 870,5 | -1 385,8 |
| **Бардыгы** | **37 172,9** | **73 894,9** | **+36 722,0** | **69 295,9** | **-4 599,0** |

Алсак, сметалык багыттоолордун 37 172,9 млн. сомго бекитилген параметрлеринде, такталган чыгымдар 73 894,9 млн. сомду түзгөн, чыгымдар 69 295,9 млн. сомго каржыланган, же чыгымдар 4 599,0 млн. сомго жеткире аткарылган эмес.

“Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүгүнүн курамында, аларды администрлөө Финансы министрлигинин мамлекеттик аппаратты пландоо башкармалыгы тарабынан жүргүзүлгөн, мамлекеттик аппараттын чыгымдары турат.

“Күч блогунан” сырткары, мамлекеттик аппараттын бекитилген чыгымдарынын жыйындысы 14 534,0 млн. сомду түзгөн, 7 826,8 млн. сомго же 153,8 %га көбөйүү менен, чыгымдар 22 360,8 млн. сомго чейин такталган, 701-бөлүмдүүн курамында мамлекеттик аппараттын чыгымдарын көбөйтүү 46,8 %ды түзгөн. Мамлекеттик аппараттын чыгымдары 20 585,9 млн. сомго каржыланган, же “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, чыгымдар 774,9 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.

Төмөндөгүлөр боюнча сметалык багыттоолор абдан олуттуу көбөйтүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы - 3 039,2 млн. сомго, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Фонду - 700,6 млн. сомго, Президентинин Администрациясы (аппарат) – 237,3 млн. сом ж.б.

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши -330,3 млн. сомго, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (аппарат) – 366,9 млн. сомго, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгынын чыгымдар азайтылган – 22,2 млн. сомго, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Гаражы – 14,4 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы - 915,4 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги - 244,6 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы - 1 506,8 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы - 433,7 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы - 187,9 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги - 143,2 млн. сомго ж.б.у.с.

Чыгымдарды көбөйтүү төмөндөгүлөр менен байланыштуу:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 28.03.2022-жлдагы № 95 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгын аткаруу менен, эмгек акы шарттарын жакшыртуу;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы № 63 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Фондун түзүү жана толтуруу - 2 080,0 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Социалдык өнүктүрүү жана материалдык сыйлоо фонду боюнча 553,6 млн. сомго көбөйтүү;

- салык жол-жоболорун фискалдаштырууну 259,0 млн. сомго көбөйтүү;

- Бажы кызматын өнүктүрүү фондунун каражаттарын түзүү үчүн, 385,8 млн. сомго көбөйтүү ж.б.у.с

Ошону менен бирге, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорун түзүү боюнча иштер жүргүзүлгөн - 35 218,9 млн. сом жана эсептер - 37 294,4 миң сом, алар боюнча 2023-жылы каржылоодо чегерүү зарылдыгы бар.

**Социалдык сектордун чыгымдары**

<u>“Социалдык коргоо” бөлүмү боюнча</u>

**Аныкталды/Корутунду**

***<u>Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо маселелери</u>***

№ 1194-XII “Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1993-жылдын 7-майында кабыл алынган.

Ошону менен бирге учурда, “Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын, Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын, ички аскер жана башка аскер түзүлүштөрүнүн аскер кызматчыларын, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын прокурорлорун, тергөөчүлөрүн, ички иштер органдарынын, Мамлекеттик өрткө каршы кызматынын, Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу тутумунун мекемелеринин жана органдарынын, баңги заттарын контролдоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Атайын байланыш кызматынын жетекчилик жана катардагы курамдагы адамдардын жана алардын үй-бүлөлөрүн пенсиялык камсыздоо тартибин жана шарттарын, ченемдерин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын прокурорлору жана тергөөчүлөрү, Атайын байланыш кызматы, баңги заттарын контролдоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, финансы полициясынын, ички иштер органдарынын, Мамлекеттик өрткө каршы кызматынын, Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу тутумунун мекемелеринин жана органдарынын кызматкерлери, иштин өзгөчөлүгүнүн, багытынын, кайрадан дайындоо, алардын кызматын ички күтүү ал боюнча жылдыруу натыйжасында, атайын субъекттер **<u>болуп эсептелбейт,</u>** б.а. алар “Граждандык” адистерге кирет анткени, "Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, бул субъекттер класстык чендерди жана атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды алышат, **<u>бирок аскер наамдарын эмес</u>**.

Бул Мыйзамдын күчүн Кыргыз Республикасынын прокуратура

органдарынын прокурорлоруна, тергөөчүлөрүнө, ички иштер органдарынын жетекчилик жана катардагы курамдагы адамдарга, Мамлекеттик өрткө каршы кызматынын, Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу тутумунун мекемелеринин жана органдарынын, Атайын байланыш кызматынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө жайылтуу, пенсиялык камсыздоо боюнча **бюджеттин чыгымдарын бир кыйла көбөйтүүгө алып келген.**

Мында, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын прокурорлору жана тергөөчүлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, 65 жашка чейин прокуратура органдарында иштөөгө жана ошол эле учурда пенсияны толук алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ (Кыргыз Республикасынын аскер прокуратурасынын прокурорлору жана тергөөчүлөрү аскер кызматында иштеген жылдары 20 жылга жеткенде, аскер кызматына бошонот, мында көп жылдык иши үчүн пенсия алат, жарандык прокуратурага которулат, ал жерден толук кандуу эмгек акыны жана пенсиялык жашка жеткендиги боюнча кошуп төлөөнү да алышы мүмкүн деген кырдаалда) алат, б.а. прокуратуранын жөнөкөй аскер кызматчысын жана кызматкерин акчалай күтүү ортосунда олутту айырмачылык бар.

Учурда, "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган жана иштеп жатат, ал Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөөнүн негизги тартибинин жана шарттарынын жөнгө салат (бул ЧУАга ылайык, укук коргоо органдары – **ички иштер, салык кызматы органы чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жазаларды аткаруу чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, бажы иши чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле улуттук коопсуздук чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу орган жана укук коргоо органдарынын айрым функцияларын жүргүзгөн, мыйзамдын аткарылышын көзөмөлдөө чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу орган), б.а.** ЧУАнын тиешелүү долбоорун демилгелөөгө өбөлгө болот, ал башка кепилдиктер жана компенсациялар менен, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин пенсиялык камсыздоону регламенттейт.

Учурда Мыйзамда атайын байланыш кызматынын кызматкерлеринин укуктук абала жана статусу аныкталган эмес ("Атайын байланыш" МИ – өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнөн киреше алуучу жана республикалык бюджеттин каржылоосунда турбаган чарба жүргүзүүчү субъект) б.а. алар укук коргоо органдарынын аскер кызматчылары же күч түзүмдөрүнүн )же аларга теңдештирилгени менен) башка өкүлдөрү болуп эсептелишээри аныкталган эмес.

"Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жатпаган, офицердик курамдагы адамдар, прапорщиктер, мичмандар, мөөнөттөн ашык кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, прокуратура органдарынын прокурорлору жана тергөөчүлөр, ички иштер органдарынын, Мамлекеттик өрткө каршы кызматынын,

финансы полициясынын, Атайын байланыш кызматынын жетекчилик жана катардагы курамдагы адамдарынын, **аскер кызматында жана прокуратура, ички иштер, Мамлекеттик өрткө каршы кызматынын, финансы полициясынын, Атайын байланыш кызматында ушул Мыйзам менен белгиленген көп жылдык иши болгондо,** иштеген жылдары үчүн өмүр бою пенсия алууга укуктуу.

"Аскер кызматкерлерине, прокурорлорго жана прокуратура органдарынын тергөөчүлөрүнө, ички иштер мамлекеттик өрткө каршы кызмат органдарынын, финансы полициясы органын атайын байланыш кызматынын, жазык-аткаруу системасы, соттолгондор менен камакка алынган адамдарды кайтаруу жана конвойго алуу боюнча атайын бөлүмдөр катарындагы жана жетекчилик курамындагы адамдарга, алардын үй-бүлөсүнө иштеген жылдарын эсептөөнүн, пенсия, пособие дайындоонун жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 13-январында № 12 токтому менен бекитилген) талаптарына ылайык, пенсияны эсептөөдө эске алынуучу маянага акыркы ээлеген штаттык кызматы боюнча айлык акысы, кызматтан бошонгон күндөгү аскердик (же атайын) наамы боюнча айлык акысы жана иштеген жылдары үчүн ушул айлыктардан эсептелип чыгарылган проценттик кошумча акча кошулуп эсептелет.

Ошону менен бирге, "Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, **Атайын байланыш кызматынын** кызматкерлерине наамдар каралган эмес.

Ошентип, "тайын байланыш кызматы" МИнин кызматкерлерин ас кер кызматчыларынын категориясына кошуу үчүн зарыл шарттардын жоктугу менен, алар "Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, аскер кызматчылар катары пенсия алууну улантышууда. 2008-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата аларга республикалык бюджеттен 72,0 млн. сом бюджеттик каражаттар төлөнгөн. Көрсөтүлгөн факты жүзүндө боюнча укуктук баа берүү зарылдыгы бар.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети :***

Алардын мыйзамында гана көрсөтүү менен, аскер кызматы каралган мамлекеттик органдарды аныктоо менен, "Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен администрленген, аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоону реформалоо маселесин карасын.

**Аныкталды /Корутунду**

"Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик

камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик камсыздандыруунун милдеттүү субъекттери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруучулар милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууну жүзөгө ашыруучу лицензияга ээ болгон жана камсыздоочулар менен милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу келишимдерин түзгөн камсыздандыруучулар;
- ушул Мыйзамда, аскердик кызмат жана аскердик жыйындар каралган камсыздандыруучулар;
- аскер кызматчылары жана милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууда аларга теңештирилген адамдар.

Ошондой эле, аталган мыйзамдын 4-беренесине ылайык, милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу келишими камсыздандыруучунун жана камсыздоочунун ортосунда бир жылга түзүлөт жана Камсыздандыруу келишимине камсыздандырылган адамдар, камсыздандыруучунун жана камсыздоочунун милдеттенмелери жана жоопкерчилиги жөнүндө макулдашуу, камсыздандыруу учурларынын тизмеги жана камсыздандырылган адамга (пайда көрүүчүгө) камсыздандыруу суммаларын чегерүүнүн (төлөмдөрдүн) ыкмалары кирет.

Көрсөтүлгөн Мыйзамдын шарттарын аткаруу боюнча факты жүзүндөгү абал, камсыздандыруучулардын, ошондой эле мыйзамда каралган камсыздандыруу сый акыларынын жоктугун күбөлөндүрөт, мыйзам кезектеги жылда бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет каралган эмес.

Аталган мыйзамдын 7-беренесине ылайык, Милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу келишими түзүлбөй калганда, буга камсыздоочу күнөөлүү болбогон учурда камсыздандыруу учуру келип чыкканда камсыздандыруу суммасы милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууга бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарынан ушул Мыйзамда белгиленген өлчөмдө төлөнүп берилет деп каралгандыгын, белгилей кетүү керек. Мында, бул берене менен, камсыздандыруу суммасын төлөө процессине ким жүргүзөөрү такталган эмес. камсыздандыруу суммасын факты жүзүндө төлөө, ведомство аркылуу түздөн түз жүргүзүлөт, ал жерде, милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду аркылуу жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен сырткары, камсыздандыруу учурлары пайда болгон факт боюнча аскер кызматы каралган.

Ошентип, ведомстволордун өздөрү бир эле учурда камсыздандыруучу, ошондой эле камсыздандыруучу ишин жүргүзүүчү мекеме катары функцияларды аткарат, бул болсо, "Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына каршы келет.

2022-жылы "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз

Республикасынын Мыйзамы менен, “Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар” беренеси боюнча чыгымдардын төмөндөгүдөй көлөмдөрү каралган.

(миң сом)

| **Чыгымдар беренелеринин аталышы** | **Берен е-нин коду** | **2022-жылы бекитил-ген** | **2022-жылы тактал-ган** | **Четтөө Гр.3-гр2** | **Касса-лык чыгымдар** | **Четтөө гр.5-гр.3** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| РБнын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, № 31 тиркеме | 2711 | 106 435,1 | 188598,6 | +82163,5 | 170222,8 | -18375,8 |
| Социалдык фонддун трансферттери жөнүндө отчет | 263 | | | | 125368,2 | |
| **Бардыгы** | | | | | **295591,0** | |

Ошентип, “Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын администрлөөгө карата бирдей мамиленин жоктугу белгиленген, бул жерде каражаттардын бир бөлүгүн ведомство, ал эми бир бөлүгүн Социалдык фонд администрлейт.

Мында, Социалдык фонддун маалыматтары боюнча милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруунун 86 708,6 миң сом каражаттары факты жүзүндө төлөнгөн же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун трансферттери курамына 38 659,6 миң сом ашыкча чегерилген.

Камсыздандыруу учурлары, камсыздандырылган адамдын аскер кызматын өтөө мезгилинде же аскер кызматынан бошонгондон бир жыл өткөндөн кийин майыптыгы аныкталганда, камсыздандырылган адам аскер кызматын, аскердик жыйындарды өтөө мезгилинде оор же жеңил майыптыктыгы, же **оорусу** аныкталганда же камсыздандырылган адам каза болгондо башталат.

Аскер кызматчыларына жана аларга теңештирилгендерге милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруудагы камсыздандыруу суммасы, бул аскер кызматчыларынын ээлеген кызматы жана аскердик (атайын) наамы боюнча бир айлык эмгек акы суммасынан улам аныкталат, бул болсо, камсыздандыруу учурлары башталганда бир же ошол эле топтогу майыптыкты дайындоодо, аскер кызматчысы каза болгондо бирдей эмес төлөмдөргө алып келет, анткени, аскер кызматчыларынын кызматтык маяналары ээлеген кызматынан жана тиешелүү аскердик наамынан айырмаланат.

Ошондой эле, аскер кызматчысы каза болгондо майыптык алганда колдонулган ошол эле форма колдонулат, ал болсо, офицердик курамдын

улук же кенже, же катардагы аскер кызматчысы болсо да, адам өмүрүнүн орду толгус жоготуусуна акыйкаттуу жана объективдүү боло албайт.

Же, бир же ошол эле камсыздандыруу учуру боюнча төлөмдөр бирдей эмес жана объективдүү караганда акыйкатсыз деп жыйынтыктоого болот.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

- эсептөөдө кызматтык маяналарды жана аскер наамдарын колдоонууну чыгаруу менен, аскер кызматчысы каза болгондо, бир же ошол эле майыптыкта (ооруда) ар кандай төлөм суммаларын белгилөө бөлүгүндө, аскер кызматчыларынын өмүрүн жана ден соолугун мамлекеттик камсыздандыруу маселелерин жөнгө салуучу, колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын карасын;
- 2023-жылдын каржылоосунда "Милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу" беренеси боюнча 38 659,6 миң сом чыгымдар эсепке алынсын.

***<u>"Билим берүү" бөлүмү боюнча</u>***

"Билим берүү" бөлүмү боюнча 2022-жылга республикалык бюджеттин жалпы чыгымдарынын аткарылышы, такталган 68 153,5 млн. сом алдында 63 189,6 млн. сомду түзгөн, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, чыгымдар 22 476,5 млн. сомго көбөйгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча - 19 186,2 млн. сомго, атайын эсептин каражаттары боюнча - 2 150,1 млн. сомго, мамлекеттик инвестициялар боюнча - 1 140,2 млн. сомго.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.10.2022-жылдагы № 535-б, КПҮ буйругу менен, атайын эсептин каражаттарынан 2 000,0 млн. сомду чегерүүгө тапшырма берилген, анын ичинен, социалдык чөйрөгө - 1 270,0 млн. сом суммасы, анын ичинен Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти боюнча - 50,0 млн. сом; И. Раззаков атындагы КМУ – 60,0 млн. сом; И. Арабаев атындагы КМУ – 60,0 млн. сом; Ош МУ – 700,0 млн. сом; М. Адышев атындагы Ош ТУ – 200,0 млн. сом Б. Сыдыков атындагы КУМУ – 100,0 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчи мамлекеттик агенттиги – 100,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги – 650,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду - 80,0 млн. сом).

Мында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан буйруктун преамбуласына Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105, 109-беренелри кетирилген, алар көрсөтүлгөн чегерүүлөр үчүн негиз боло албайт, анын үстүнө Бюджеттик кодекс жана Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекс менен, бюджеттик мекемелердин атайын эсебинин

каражаттарын бюджетке чегерүү түрүндө кирешелер каралган эмес. көрсөтүлгөндөргө карабастан, 2 000,0 млн. сом мамлекеттин пайдасына жүгүртүлгөн киреше катары, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүндө эсепке алынган.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн каражаттар 2022-жылдын окуу жылы башталганда октябрь-ноябрында чегерилген, бирок, билим берүү уюмдарынын иши жаңы гана башталган, бул болсо, эмгек акы, салыктар, коммуналдык кызматтар боюнча милдеттенмелерди аткаруу боюнча белгилүү бир кыйынчылыктарды алып келгендиги мүмкүндүгүн, белгилей кетүү керек.

Аудит белгилейт, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесине ылайык, билим берүү уюмдарына акча каражаттарына, ага жеке жана юридикалык жактардан белек, кайрымдуулук түрүндө берилген мүлккө жана башка жеке менчик объектилерине, билим берүү уюмдарынын ишинин жыйынтыгы болуп эсептелген, интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгек продуктыларына, ошондой эле жеке ишинен түшкөн кирешелерге жана бул кирешелерден сатып алынган мүлккө карата **менчик укугу таандык. Ээликтен ажыратуу маселеси өз алдынча чечилет.**

Ошондой эле, ушул кезге чейин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.10.2022-жылдагы № 535-б буйругу менен каралган, мамлекеттик мекемелердин атайын эсебине чегерилген калыбна келтирүү ишке ашырылган эмес.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

- жогоруда көрсөтүлгөн уюм тарабынан 2,0 млрд. сом суммасындагы атайын эсептин каражаттары калыбына келтирилсин (Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти боюнча - 50,0 млн. сом; И. Раззаков атындагы КМУ – 60,0 млн. сом; И. Арабаев атындагы КМУ – 60,0 млн. сом; Ош МУ – 700,0 млн. сом; М. Адышев атындагы Ош ТУ – 200,0 млн. сом Б. Сыдыков атындагы КУМУ – 100,0 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчи мамлекеттик агенттиги – 100,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги – 650,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду - 80,0 млн. сом).

**Аныкталды/Корутунду**

Эмгек рыногун болжолдоо тутумун киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Эмгек ресурстарына керектөөлөрдү болжолдоо методикасы бекитилген.

Методикага ылайык, жумуштуулук боюнча аймактык органдар жана тармактык министрликтер берген маалыматтардын негизинде, калкты ишке орноштуруу жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тармактык министрликтер жана ишке орноштуруунун аймактык органдары беришкен

маалыматтардын негизинде эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын божомолун кесиптер жана адистиктер боюнча кыска мөөнөткө (1 жыл) жана орто мөөнөткө (3-5 жыл)[1] карата түзөт, бул болсо, өлкөнүнүн экономика тармагынын керектөөлөрүнө ылайык, адистерди даярдоо түзүмүн жана көлөмүн аныктоо үчүн негиз болуп эсептелет[2].

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.03.2012-жылдагы №203 токтому менен бекитилген, "Эмгек ресурстарына керектөөнү болжолдоо методикасынын" 9 жана 10-пункутун бузуу менен, региондор бөлүгүндө багыттар жана адистиктер боюнча "кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолу" түзүлгөн эмес жана жөнөтүлгөн эмес, бул болсо, өлкөнүн экономика тармактарынын керектөөлөрүнө ылайык, адистерди даярдоо көлөмүн жана түзүмүн аныктоо үчүн негиз болуп эсептелет.

Ошентип, Билим берүү министрлиги тарабынан, "кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолу" жок эле өз алдынча, Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бюджеттик жана билим берүү гранттык орундарынын бюджети түзүлөт.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлиги:***

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине "кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолду" жөнөтпөгөн Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлигинин кызматтагы адамдарынын жоопкерчилигин карасын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.03.2012-жылдагы №203 токтому менен бекитилген, "Эмгек ресурстарына керектөөнү болжолдоо методикасынын" кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолду түзүү жана аны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүү бөлүгүнүн талаптарын аткарууну камсыздасын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрли тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.05.2012-жылдагы № 331 токтому менен бекитилген, Орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизминин 2-пунктун бузуу

[1]Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.03.2012-жылдагы №203 токтому менен бекитилген, "Эмгек ресурстарына керектөөнү болжолдоо методикасынын" 9-пункту.

[2] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.06.2022-жылдагы №355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" жобо

менен, кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолу жок туруп, 2022-2023-окуу жылына карата гранттык, бюджеттик орундардын негизинде кабыл алуу көлөмүнүн жана адистерди даярдоо багыттарынын тизмесинин долбоору даярдалган. Анын негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.07.2022-жылдагы № 368 токтому менен, 2022-2023-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистиктердин тизмегин жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына билим алуучуларды кабыл алуу көлөмүн 6000 орун санады бекитилген.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан адистиктердин тизмеги жана бюджеттик орундарга кабыл алуу көлөмү, 2018-2022-жылдар мезгил аралыгына карата эмгек ресурстарына керектөөнү болжолдоонун негизинде жүргүзүлгөн (*Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 24.11.2017-жылдагы чыг.№ 18/7653 каты),* ал жерде бүтүндөй республика жана региондор бөлүгүндө конкреттүү адистиктер жана кесиптер көрсөтүлгөн, бул болсо, эмгек ресурстарына керектөөлөрдү түзүүдө формалдуу мамиле жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги*:**

- региондор бөлүгүндө жана багыттар жана адистиктер боюнча “кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолу” жок туруп, бюджеттик орундарга кабыл алуу көлөмүнүн жана адистерди даярдоо багыттарынын тизмесинин долбоорун даярдоо процессине тартылган кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын;

- гранттык, бюджеттик орундардын негизинде кабыл алуу көлөмүнүн жана адистерди даярдоо багыттарынын тизмесинин долбоорун түзүүдө, кыска мөөнөттө (1 жыл) эмгектик ресурстарга болгон жалпы муктаждыктын жалпы божомолун”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.06.2022-жылдагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” жобону жетекчиликке алсын.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.06.2022-жылдагы № 355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобо аткарылбастан, К. Карасаев атындагы БМУда жумуш берүүчүлөр (филологиялык билим берүү) менен кадрларды даярдоо боюнча келишимдер жарым-жартылай жок. Мында, 2022-жылы бюджеттик бөлүмдөрдүн 127 бүтүрүүчүсү окууну аяктаган, анын ичинен адистиги боюнча 118 бүтүрүүчү жумушка орноштурулган.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги*:**

- бюджеттик окутууга гранттарды администрлөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.06.2022-жылдагы № 355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобонун 7 жана 9-пункттарын шарттары сактасын.

**Аныкталды /Корутунду**

И. Раззаков атындагы КМТУ ишкердик субъекттери менен, бюджеттик негизде адистерди даярдоо боюнча келишимдерди түзгөн, анын негизинде 494 бюджеттик орун бөлүнгөн жана республикалык бюджеттен бирдиктүү берене менен 13 021,8 миң сом каржыланган. Мында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.05.2012-жылданы № 331 "Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттерин окутууну каржылоо механизминин" 13-пунктун сактабастан, И. Раззаков атындагы КМТУ тарабынан жумуш берүүчүнүн жеке каражаттарынын эсебинен окууга төлөө менен, максаттуу даярдоо боюнча бир дагы келишим түзүлгөн эмес.

2018-2022-жылдарга карата И. Раззаков атындагы КМТУ түзгөн келишимдерди талдоо, бюджеттик негизде адистерди даярдоо боюнча келишимдер жыл сайын ошол эле ишкердик субъекттери менен кайрадан түзүлгөндүгүн көрсөттү. Мисалы, гранттык орунду бөлүү жөнүндө табыштамаларга ылайык, 2018-жылдан 2022-жылга чейинки 5 жыл аралыгында 740700 "Жеңил өнөр жай буюмдарын конструкциялоо технологиясы" багыты боюнча "Aziar", "Нисси" ЖЧКлары, "Ателье мод Жылдыз" ЖАКы, "Credo fashon" ЖЧКсы ж.б. менен келишимде түзүлгөн.

Бюджеттик негизде кадрларды даярдоо боюнча ишкердик субъекттери менен мурда түзүлгөн келишимдер боюнча бүтүрүүчүлөрдү эмгек орноштурууну талдоо, жыйынтыктын жоктугун жана бюджеттик каражаттардын рационалдуу эмес пайдаланылгандыгын көрсөттү. Үч багыт (740700 "Жеңил өнөр жай буюмдарын конструкциялоо технологиясы", 740200 "Жаныбарлар тегиндеги тамак-аш продуктыларын чыгаруу жана технологиясы", 740100 "Өсүмдүктөн тамак-аш продуктыларын чыгаруу жана технологиясы") боюнча 2018-жылы грант менен кабыл алынгандардын ичинен окуунун аяктаганда келишимге ылайык, 2018-жылы 1 студент жумушка орноштурулган. 2022-жылы 72 бүтүрүүчүдөн 9 бүтүрүүчү жумушка орноштурулган, же 12,5 %.

Мында, мамлекеттик бюджеттен 1 адисти даярдоого, мамлекеттик бюджеттен чыгымдардын бирдиктүү беренеси боюнча гана орточо 105,4 миң сом чыгымдалат, же 63 бүтүрүүчүгө багытталган 6,6 млн. сомду рационалдуу эмес колдонулган каражаттардын категориясына киргизсе болот.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги*:**

Бюджеттик каражаттарды рационалдуу пайдалануу жана бюджеттик негизде окуган бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу боюнча ишкердик субъекттердин жана ЖОЖдордун жоопкерчилигин жогорулатуу максатында, бюджеттик негизде окуган бүтүрүүчүлөр жумушка орноштурулбагандыгы үчүн, бюджеттик каражаттарды ордуна коюуга чейин ЖОЖдордун жана жумуш берүүчүлөрдүн (ишкердик субъекттердин) жоопкерчилигин белгилөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.05.2012-жылданы № 331 "Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттерин окутууну каржылоо механизмине" өзгөртүү киргизүү боюнча чараларды көрүшсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.06.2006-жылдагы № 404 токтомунун 1-пунктуна ылайык, орто жана кесиптик билим берүү уюмдарына окууга кирген жана бюджеттик каражаттардын эсебинен медицина, фармацевтикалык адистер боюнча орто жана жогорку кесиптик билим алган Кыргыз Республикасынын жарандары Саламаттык сактоо министрлигинин бөлүштүрүүсүнө ылайык, 2 жыл иштөө, педагогикалык адистиктер боюнча - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бөлүштүрүүсүнө ылайык, үч жыл иштөө мөөнөтү менен жумушка жөнөтүлүүгө тийиш.

Көрсөтүлгөн адамдар, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигин окуу жайларында бюджеттик негизде окугандар, мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүндө же бюджеттик негизде окутуунун наркында, адисти даярдоого кеткен билим берүү уюмунун чыгымдарын ордуна коюуга милдеттүү, төмөндөгү учурларда:

- окууну аяктагандан кийин жөнөтүү боюнча иштер баш тартканда;
- өз каалоосу же жүйөсүз себептер менен ЖОЖдон/ОКОЖдан окуудан чыгарылганда;
- наркын төлөө менен келишим боюнча окууга же өзүнө жакпаган окууга которулгандыгына байланыштуу ЖОЖдон/ОКОЖдан окуудан чыгарылганда.

Аудит мезгили ичинде, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтарына ылайык, бюджеттик бөлүмдөрдүн жүйөсүз себептер менен 1 260 студент, жөнөтүү боюнча жумуштарга барбаган 211 бүтүрүүчү окуудан чыгарылган, натыйжада рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 77,4 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, бюджетке калыбына келтирилген - 12,5 млн. сом, республикалык бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш - 64,9 млн. сом.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:***

- жөнөтүү боюнча жумуштарга барбаган 211 бүтүрүүчүнүн, бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган 1 260 студенттин окуудан чыгарылганын

көрсөткөн, бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын;

- окуудан чыгарылган студенттерге чыгымдалган 64,9 млн. сом суммасындагы бюджеттик каражаттарды республикалык бюджетке ордуна коюу боюнча иштиктүү чараларды көрсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

ЖОЖдор тарабынан жүйөсүз себептер менен бюджеттик бөлүмдөрдөн окуудан чыгарылган студенттер тарабынан акча каражаттарынын кайтарылынышына карата эсеп жүргүзүлбөйт. Алсак, республиканын мамлекеттик ЖОЖдору боюнча 2018-2022-жылдар мезгил аралыгында кайтарылууга тиешелүү суммалар 111,4 млн. сомду түзгөндүгү аныкталган, анын ичинен, 22,3 млн. сом калыбына келтирилген, ал эми калыбына келтирилбеген калган сумма -- 89,1 млн. сомду түзгөн.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:***

- аудиттин жүрүшүндө аныкталган 2018-2022-жылдар мезгил аралыгында кайтарылууга тиешелүү суммаларды эсепке алуу боюнча көзөмөлдү күчөтсүн. Аудиттин жүрүшүндө 2018-2022-жылдар мезгил аралыгында аныкталган 89,1 млн. сомду республикалык бюджетке кайтаруу боюнча чараларды көрсүн;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.06.2022-жылдагы № 355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобонун кийинчерээк регрессивдүүү талаптар менен, ЖОЖдордун каражаттарынын эсебинен окуган окуудан чыгарылган студенттер тарабынан суммаларды кайтаруу бөлүгүнө өзгөртүү киргизүүнү демилгелесин.

**Аныкталды /Корутунду**

Кесиптик билим берүү тутумунда бирдиктүү берене менен берилген билим берүү мекемелеринин (ЖОЖдор) чыгымдар сметасы 632,3 млн. сом суммасында бекитилген. Эмгек акыны жогорулатууну караган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун негизинде, бирдиктүү берене менен берилген чыгымдар сметасы 253,0 млн. сомго көбөйтүлгөн. Мында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы № 370 токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген эмес, ал жерде мамлекеттик билим берүү грантынын базалык деңгээли 26 360 сомду түзгөн, анын ичинен, Социалдык фонддун төгүмдөрүн эске алуу менен, эмгек акыга 20 075 сом каралган.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги:***

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы № 370 токтомунун мамлекеттик билим берүү грантынын базалык деңгээлин бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелесин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы № 370 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдары үчүн мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүн аныктоонун методикасынын 11 жана 15-пунктун бузуу менен, кесиптик билим берүү тутумуна бирдиктүү берене менен берилген 21 490,0 миң сом суммасындагы чыгымдар, жатакананы (Ж. Баласагын атындагы КМУ) капиталдык оңдоого киргизилген. Кийинчерээк бюджеттик каражаттар, эмгек акы өлчөмүн жогорулатууга байланыштуу эмгек акыга пайдаланылган[3].

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги:***

ЖОЖдордун бюджетин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы № 370 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдары үчүн мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүн аныктоонун методикасы так жетекчиликке алынсын.

*“Саламаттык сактоо” боюнча*

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары” жөнүндө Жобонун 15-беренесин бузуу менен, мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө түздөн түз катышканына карабастан, калькуляциялоого штаттык жүгүртмөдө турган жана республикалык бюджеттен эмгек акы алган кызматкерлердин эмгегине төлөө боюнча чыгымдар киргизилген. Ошентип, 80,0 млн. сом төлөнгөн (Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти - 30,4 млн. сом; Бишкек шаарынын ЦПЗ жана МСЭК – 35,6 млн. сом; Ош шаарынын ЦПЗ жана МСЭК– 14,0 млн. сом.)

**Сунуш**

***Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти, Бишкек шаарынын ЦПЗ жана МСЭК; Ош шаарынын ЦПЗ жана МСЭК:***

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары” жөнүндө Жобонун 15-пункутунан, Кыргыз

---

[3] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №181 “Билим берүү тутумунун айрым категориядагы жана педагогикалык кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому

Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун 3-пунктунан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 5.1-пункутунан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын эмгегине төлөө жөнүндө” Жобонун 31-пунктуна ылайык келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.03.2022-жылдагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын эмгегине төлөө жөнүндө” Жобонун 31-пункутуна жана Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин кызматкерлери менен түзүлгөн жамааттык келишимге ылайык, кварталдык сый акыдан сырткары, 40,3 млн. сом суммасында ай сайын сый акылар төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.03.2022-жылдагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын эмгегине төлөө жөнүндө” Жобонун 31-пункуту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары” жөнүндө Жобонун 15-пункутуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун 3-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 5.1-пункутуна каршы келет

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары” жөнүндө Жобонун 15-пункутунан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун 3-пунктунан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2000-жылдагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 5.1-пункутунан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык

сактоо уюмдарынын эмгегине төлөө жөнүндө” Жобонун 31-пунктуна ылайык келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, социалдык чөйрөнүн чыгымдар тармагынын министрликтери жана ведомстволору боюнча ТМБнын ченемден ашык корлору жана алыш-бериш эсептеринде чегерилүүгө тиешелүү **88 069,6 миң сом** суммасындагы каражаттардын калдыктары аныкталган (аудиттин жүрүшүндө **13 079,2 миң сом** чегерилген), **67 936,9** миң сом бошотулууга тийиш, **7 053,5** миң сом чегерилүүгө тийиш.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, социалдык чөйрөнүн чыгымдар тармагынын министрликтери жана ведомстволору боюнча 7 053,5 миң сом суммасындагы дебитордук карыз жана ТМБлардын ченемден ашык корлорунун калдыктары эсепке алынсын.

**<u>Экономиканын реалдуу секторунда бюджеттин аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары</u>**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, Финансы министрлиги тарабынан айрым мамлекеттик органдар боюнча төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн эмес:

- **27 942,2** миң сом суммасында ТМБлардын ченемден ашык корлорун чегерүү, анын ичинен: Айыл чарба министрлигинин Токой чарбасында - **538,7** миң сом, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде - **21 192,1** миң сом, Геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинде – **227,2** миң сом, Жер ресурстары кызматынын алдындагы “Кадастр” МИде – **1 576,1** миң сом, Жаратылыш ресурстары, экология жана көзөмөлдөө министрлигинде – **3 859,4** миң сом, И. Абдыраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунда - **119,0** миң сом, Энергетика министрлигинде - **91,0** миң сом, Санариптик өнүктүрүү

министрлигинде - **242,3** миң сом, Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттикте - **96,4** миң сом;

- алыш-бериш эсептериндеги каражаттардын **2 157,1** миң сом суммасындагы калдыктары анын ичинен: КР АЧМ БА - **691,9** миң сом; Суу ресурстары кызматында (аппарат) - **284,3** миң сом; Геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинде **-1052,0** миң сом, Жол фондунда - **119,4** миң сом, Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттикте - **9,5** миң сом;

- Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-пункутун бузуу менен, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган, Бирдиктүү казыналыктын эсебинен сырткары турган бюджеттик каражаттардын калдыктары 31.12.2022-жылга карата **40 423,6** миң сом суммасын түзгөн, анын ичинен: Жаратылыш ресурстары, экология жана көзөмөлдөө министрлигинде – **11,7** миң сом, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунда - **40 411,9** миң сом. Бардыгы жалпы **70 522,9** миң сом суммасында.

Аудиттин жүрүшүндө жалпы **70 013,7** миң сом суммасындагы ТМБлардын ченемден ашык корлору, алыш-бериш эсептериндеги калдыктар жана эсептерлеги калдыктар эсепке алынган.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги** 2023-жылга такталган бюджетти түзүүдө, төмөндөгүлөрдүн болгонун эске алсын:

**-** ТМБлардын ченемден ашык корлору И. Абдыраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунда - **119,0** миң сом; Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттикте - **96,4** миң сом; Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттикте - **9,5** миң сом;

- дебитордук карыз Суу ресурстары кызматында (аппарат) - **284,3** миң сом.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы № 723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин бузуу менен, айрым мамлекеттик органдар тарабынан бюджетти түзүүдө, эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр боюнча негизделбеген эсептөөлөр берилген, анын натыйжасында, төмөндөгү беренелер боюнча бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары ашыкча каржыланган: 2111 “Эмгек акы” беренеси - **11 069,9** миң сом, 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр - **1 658,2** миң сом, буга байланыштуу, Социалдык фондго чегерүүлөр жана жеке киреше салыгы боюнча ашык төлөө пайда болгон, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча- **6 764,5** миң сом, Суу ресурстары кызматынын ведомстволук бөлүмдөрүндө - **2 053,7** миң сом, МЧС КР ӨКМдин ведомстволук бөлүмдөрүндө 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча - **2 251,7** миң сом, анын ичинен: ӨКМдин Бишкек шаары боюнча башкармалыгында **-501,9 миң сом,** ӨКМдин Нарын областы боюнча башкармалыгында -

**1 443,9** миң сом, ГЦПС - **305,9** миң сом; 2121 “Соцфондго төгүмдөр” беренеси боюнча **1 658,2** миң сом, анын ичинен: ӨКМдин Бишкек шаары боюнча башкармалыгында - **199,3** миң сом, ӨКМдин Ош областы боюнча башкармалыгында - **585,5** миң сом, ӨКМдин Нарын областы боюнча башкармалыгында - **415,6** миң сом, ӨКМдин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгында -**201,0** миң сом, Өрттү көзөмөлдөө кызматында - **256,8** миң сом. Жол чарба департаментинде 3111-берене боюнча - **9 489,2** миң сом, битумду сатып алууда КНС боюнча **9 489,2** миң сом суммасында ашык төлөөгө жол берилген.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги** 2023-жылга такталган бюджети түзүүдө, төмөндөгүлөрдүн болгондугун эске алсын:

- Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча ашыкча каржылоо - **6 764,5** миң сом, Суу ресурстары кызматынын ведомстволук бөлүмдөрүндө - **2 053,7** миң сом, МЧС КР ӨКМдин ведомстволук бөлүмдөрүндө 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча - **2 251,7** миң сом, анын ичинен: ӨКМдин Бишкек шаары боюнча башкармалыгында -**501,9 миң сом,** ӨКМдин Нарын областы боюнча башкармалыгында - **1 443,9** миң сом, Куткаруучуларды даярдоо боюнча мамлекеттик борбордо - **305,9** миң сом, 2121 “Соцфондго төгүмдөр” беренеси боюнча **1 658,2** миң сом, анын ичинен: ӨКМдин Бишкек шаары боюнча башкармалыгында - **199,3** миң сом, ӨКМдин Ош областы боюнча башкармалыгында - **585,5** миң сом, ӨКМдин Нарын областы боюнча башкармалыгында - **415,6** миң сом, ӨКМдин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгында -**201,0** миң сом, Өрттү көзөмөлдөө кызматында - **256,8** миң сом.

- Жол чарба департаментин КНС боюнча **9 489,2** миң сом суммасында ашык төлөнгөн каражаттарды республикалык бюджетке кайтаруу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департаментте үрөндүн наркын аныктоо методикасы жок. “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин бузуу менен, 2022-жылы үрөндүн наркы өз алдынча аныкталган, анын натыйжасында, үрөнчүлүк чарбаларына **36 333,1** миң сом суммасындагы мамлекеттик дотация, мамлекеттик монополияга каршы органда үрөндүн наркы негизделбестен берилген.

**Сунуш**

Мындан ары, үрөндү берүүдө “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.08.2022-жылдагы № 448 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүү тартиби жөнүндө” Жобонун ыйгарым укуктуу органдар

тарабынан дотациялык үрөндүн наркын негиздөө жана үрөнгө берилген бааны бекитүү бөлүгү так жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы № 723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибинин талаптарын бузуу менен, 2111 жана 2121-беренелери боюнча чыгымдарга керектөөнү тастыктаган керектүү эсептөөлөр жок туруп, 03.11.2022-жылдагы билдирүү маалымкатына ылайык, 2111 "Эмгек акы" беренесине бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары **449 679,1** миң сом суммасында көбөйтүлгөн, анын ичинен 2022-жылдын аягында **224 541,0** миң сом же 50,0 % азайтылган.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги*** эмгек акы фондун түзүүдө, ченемдик укуктук актыларга ылайык, мамлекеттик органдар жана бюджеттик мекемелер берген эсептөөлөргө талдоо жүргүзсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15.05.2023-жылдагы № 248 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибинин талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Жер ресурстары кызматында Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча ашык төлөө **621,3** миң сом суммасын жана жеке киреше салыгы боюнча - **237,8** миң сом суммасын түзгөн.2022-жылга баланстын "Дебитордук карыз маалыматтары" 6-тиркемесинде көрсөтүлгөн сумма чагылдырылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн **859,1 миң сом** суммасындагы дал келбестик, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык оңдолгон.

**Сунуш**

***Жер ресурстары кызматы:***

- бухгалтердик эсепти Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 312-пункутуна ылайык жүргүзсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №223 токтому менен бекитилген, Атайын эсептерде топтолгон башка каражаттарды аныктоо, чегерүү жана чыгымдоо тартибинин 4-главасынын 14-пунктуна ылайык, жылдын аягында атайын эсепте пайдаланылбаган каражаттардын **71 547,3** миң сом бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын алмаштырууга багытталган эмес. Тартиптин 6-главасынын 17-пунктуна

ылайык, ушул Тартип менен белгиленген талаптагыдай аткарылбаган учур, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексин бузуу болуп таанылат.

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Токой чарбасы тарабынан бюджеттен бөлүнгөн каражаттар **13 618,8 миң сом** суммасында алмаштырылган, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги тарабынан **52 524,0** миң сомго алмаштырылгандыгы аныкталган.

31.12.2022-жылга карата боюнча атайын каражаттар боюнча **37 629,6** миң сом суммасында дебитордук карыз бар, ал Мамлекеттик токой фондусунун жерлерин токой үчүн пайдалангандыгы боюнча жыйымдар өз учурунда өндүрүлбөгөндүктөн пайда болгон.

***Сунуш***

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин атайын эсебинде башка каражаттардын пайдаланылбаган **5 404,5** миң сом сумасындагы калдыктарын, министрликтердин бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын алмаштырууга багыттасын.

***Токой чарбасы:***

Мамлекеттик токой фондусунун жерлерин токой үчүн пайдалангандыгы боюнча жыйымдар өз учурунда өндүрүлбөгөндүктөн пайда болгон **37 629,6** миң сом суммасындагы атайын каражаттар боюнча дебитордук карызды өндүрүү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Ветеринардык кызматы тендердик документтин жана контракттын талаптарын бузуу менен, МЭБ лабораториясынын референсинен вакцинанын сапатын контролдоо боюнча паспортту же сертификаты алганга же кызматташуу боюнча МЭБдин регионалдык борборлору тааныганга чейин, шарпка каршы **91 000,0** миң сом суммасындагы вакцинаны кириштеген, ал жылдын аягында кредиттик карыз катары эсепте көрсөтүлгөн.

Вакцина факты жүзүндө 2023-жылдын 2-мартында келип түшкөн, андан кийин гана керектүү эсептик иш-чара жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

**Ветеринардык кызмат** бухгалтердик эсепти Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык жүргүзсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинде башка салык эмес кирешелер – Кыргыз Республикасынын жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын колдонуу үчүн **206 590,3** миң сом суммасындагы төлөм, 13.03.2014-жылдагы № 41 "Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин жана Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-октябрында №175 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы алуу жана пайдалануу тартибин бузуу менен, өз учурунда тиешелүү бюджетке которулган эмес. 194 515,9 миң сом суммасында келип түшкөн салык эмес кирешелер 2023-жылдын февралында республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге которулган *(аудиттин жүрүшүндө 12 074,4 миң сом жеткире чегерилген).*

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги:***

- 13.03.2014-жылдагы № 41 "Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-октябрында №175 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы алуу жана пайдалануу тартибине ылайык, "башка салык эмес кирешелер" тиешелүү бюджеттерге өз убагында которуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан аммиак селтирасын сатып алууну, 11.03.2022-жылы жабдуучу Өзбекстан Республикасынын "Узкимёимпэкс" ЖЧКсы менен келишим түзүү менен, монополияга каршы жөнгө салуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу менен жүргүзгөн. Келишимдин 1-тиркемесине ылайык, жеткирилген аммиак селтирасынын саны, 1 тоннасына 437,0 АКШ доллары менен, жалпы 13 110 000,0 АКШ доллары суммасында 30000 тоннаны түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы 06.04.2022-жылдагы № 12, каты аркылуу кабыл алуудагы чыгымдарды эске алуу менен, кг. үчүн 46,70 сом деңгээлиндеги бааны белгиленген. Келишимге ылайык Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан 917 373,1 миң сом чегерилген. Жалпы 227 420,2 миң сом суммасында 4 974,5 тонна минералдык жер семирткичтер сатылып алынган, же тоннасы 46,70 сомдон.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы (мындан ары – МКЖК) Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун Өзбекстан Республикасы чыгарган аммиак селтирасына болгон бааны азайтуу жагына кайрадан карап чыгууга байланыштуу 2022-жылдын 8-апрелинде келген 06.04.2022-жылдагы № 05-06/346 кайрылуусун карап чыгып, 4.04.2022-жылдагы № 09-1/774 каты менен, аммиак селитрасын сатып алууга каражаттар мамлекеттик бюджеттен бөлүнөөрүн эске алуу менен, МКЖК рынокто түзүлгөн дүң бааны эске алуу менен, ички рынокто сатылып жаткан аммиак селитрасына мурда белгиленген бааны азайтуу жагына кайрадан карап чыгуу үчүн негиз тапкан эмес, анткени, бул мамлекеттик киреше бөлүгүнүн түшпөй калышына алып

келет. Муну менен бирге, МКЖК монополияга каршы мыйзамдын алкагында МКЖК товардын өздүк наркынан төмөн бааны белгилөөгө укугу жоктугун белгилеген. Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан "Узкимёимпэкс" ЖЧКсына чегерилген курстук айырма жана республикалык бюджетке кайтарылган каражат **132 811,4** миң сомду түзгөн.

8 тонна келип түшкөн аммиак селитрасы тоннасы 46 700 сомдон 373,6 миң сом суммасында сатылган. Ал эми, калган 4 529,3 тонна тоннасы 30 000 сомдон жалпы **135 879,0** миң сом суммасында сатылган. Минералдык жер семирткичти сатып алууда жана сатууда нарктын айырмасы **78 051,6** миң сомду түзгөн.

Жер семирткичтердин 437,2 тонна калдыгы МКЖКнын 28.11.2022-жылдагы № 09-1/2388 катына ылайык, 1 килограммы 30 сомдон жалпы 13 116,0 миң сом суммасында сатылган. Минералдык жер семирткичтерди сатып алуу жа сатуудан бюджеттик каражаттарды жоготуу **210 863,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду республикалык бюджеттин жоготуусуна жол бербөө үчүн, ТМБларды сатып алууну Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.11.2021-жылдагы № 262 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жөнүндө” Жобого ылайык жүргүзсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 18.02.2022-жылдагы № 77-б буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна минералдык жер семирткичтерди сатып алуу үчүн, **975 369,6** миң сом бөлүнгөн, анын ичинен, ташуу жана сактоого - 19 648,8 миң сом. Минералдык жер семирткичтерди сатуудан түшкөн акча каражаттары 2022-жылдын 31-декабрына чейин республикалык бюдежттин кирешесине чегерилиши керек эле.

“Узкимиеимпекс” ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун эсебине **552 886,4** миң сомду кайтарган жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 21.11.2022-жылдагы № 635-б буйругуна ылайык, республикалык бюджетке чегерилген.

2022-жылы 136 252,9 миң сомго минералдык жер семирткичтер сатылган, анын ичинен 131 554,2 миң сом ушул кезге чейин республикалык бюджетин кирешесине түшкөн эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 18.02.2022-жылдагы № 77-б буйругунун 1-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду **131 554,3 миң сом**ду ушул кезге

чейин республикалык бюджетин кирешесине чегерген эмес *(аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан 27.07.2023-жылдагы № 40937106 МКП менен республикалык бюджетке **130 489,3**мс чегерилген).*

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду:***

- республикалык бюджеттин кирешесине каражаттарды өз учурунда чегербеген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин карасын;

- сатылган жер семирткичтер боюнча **1 065,0 миң сом** суммасындагы каражаттардын калдыгын бюджетке чегерсин.

**Аныкталды/Корутунду**

“Кыргызжылуулкэнерго” МИнин техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй мүнөздөлгөн:

- 515,67 миң Гкал жылуулук энергиясы иштелип чыккан, же каралган план 91,5%га аткарылган. Тармактардагы жоготуу 117,83 миң Гкал.ды түзгөн же жоготуу пландан каралгандан 0,3%га көбөйгөн. Жылуулук энергиясын пайдалуу берүү 333,42 миң Гкал.ды түзгөн же 90,38 %га аткарылган. Жылуулук энергиясы үчүн жыйымдар, пландагы 787 596,0 миң сом алдында 759 670,5 миң сомду же 96,45 %ды түзгөн.

Жылдын башында кредиттик карыз - 702 184,8 миң сомду, жылдын аягында - 937 117,3 миң сомду түзгөн, же 234 932,5 миң сомго же 33,4 %га көбөйгөн.

Жылдын башында дебитордук карыз - 214 615,7 миң сомду, жылдын аягында - 234 939,8 миң сомду түзгөн, же 20 324,1 миң сомго же 9,5 %га көбөйгөн, анын ичинен, республикалык бюджет боюнча - 897,5 миң сом, жергиликтүү бюджет боюнча – 26 207,1 миң сом жана башка уюмдар боюнча - 5424,3 им.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулкэнерго” МИ:***

- жылуулук тармагындагы жоготууларды азайтсын;

-иштелип чыккан жана сатылган жылуулук энергиясынын, электр энергиясынын, муздак суунун көлөмүн көбөйтсүн;

- дебитордук карызды өндүрүү боюнча иштерди күчөтсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинде жана анын борбордук аппаратында иштин сапатын жана татаалдыгын эске алуу менен, 2022-жылдын 4-кварталында иштин жыйынтыгы боюнча **5 661,7** миң сом суммасында квартал сайынкы сый акы төлөнгөн.

**Корутунду**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинде иштин сапатын жана татаалдыгын эске алуу менен, **5 661,7** миң сом суммасында сый акы төлөнгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, эмгек акы шарттары боюнча ченемдик укуктук актыларда каралбаган сый акыларды төлөөгө жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча" Жобонун 313-пункутун бузуу менен, курулуш иштеринин толук наркы чегерилген (Тоң райондук архиви "Сириус Строй" ЖЧКсына - 11 098,9 миң сом, Балыкчы шаардык архиви - 8000,0 миң сом, "Грузо Трейд" ЖЧКсына - 1200,0 тымс, "Компания Золотой Век" ЖЧКсына - 4699,6 миң сом, "Мейкин Улан" ЖЧКсына - 2380,1 миң сом).

**Сунуш**

Жабдуучулардын жана подрядчылардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн алдын ала төлөөнү 10 %дан ашырбоо бөлүгүндө, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**Штаттык сандын абал**

2011-жылдын 15-июнундагы № 45 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу" Мыйзам менен, республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган мамлекеттик, муниципалдык кызматчылардын жана башка категориядагы кызматкерлердин санынын чегин жана эмгегине акы төлөөнүн шарттарын аныктоо боюнча жогорку мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары каралат.

Бюджеттик чөйрөдөгү мамлекеттик, муниципалдык кызматчылардын жана башка категориядагы кызматкерлердин санынын чегин жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтому менен төмөндөгүлөр бекитилген:

1) Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин карамагындагы башка уюмдардын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги;

2) Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын жана борбордук органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги;

3) мамлекеттик органдардын башкаруучу түзүмдөрүнүн штаттык бирдиктеринин минималдуу ченеми;

4) мамлекеттик органдардын борбордук аппараттарынын, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызмат орундарынын ченемдик түзүмү;

5) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын жетекчилеринин орун басарларынын санынын чеги;

6) мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары кызмат орду киргизилген аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын тизмеси.

27.10.2021-жылдагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамга ылайык, эмгек акыны эсептөө тартиби, кызматтык маянанын, үстөктөрдүн жана компенсациялык суммалардын өлчөмдөрү Президент тарабынан аныкталат.

Белгилей кетүү керек, ушул кезге чейин мамлекеттик сектордун штаттык бирдиктерине, муниципалдык кызматчыларга, социалдык чөйрөнүн кызматкерлерине, ТТП/КТП бирдиктерине башкармалык тарабынан мониторинг жүргүзүлгөн эмес, б.а. бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерин жана жумушчуларын автоматташтырылган эсепке алуу тутуму жок.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 токтомуна ылайык, техникалык жана тейлөөчү персоналдын штаттык бирдигин эске алуу менен 01.01.2022-жылга карата 35475 бирдикти түзгөн, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун кабыл алынышы менен, 01.01.2023-жылга карата 265,5 штаттык бирдикке көбөйтүү менен 35740,5 штаттык бирдикти түзгөн.

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 107 бирдикке (Мамлекеттик салык кызматынын штаттык бирдигинин көбөйүүсүнүн учун);
- Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги 35 бирдикке;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия 39 бирдикке.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик түзүлгөн – 50 штаттык бирдик жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги -63 штаттык бирдик.

"Кыргыз Республикасынын Инвестициялар жана өнүктүрүү боюнча агенттиги "KADI" мамлекеттик мекемесинин базасында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик түзүлгөн – 73 штаттык бирдик.

«Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын карамагына берилген – 14 штаттык бирдик.

Берилген маалыматка ылайык, социалдык чөйрөнүнү кызматкерлеринин штаттык саны 01.01.2022-жылга карата – 275409, 01.01.2023-жылга карата – 281083 штаттык бирдикти түзгөн,

Финансы министрлигинин башкармалыгы өткөргөн штаттык санды жана эмгек акыны талдоодо:

- КР ӨКМдин штаттык санын талдоодо төмөндөгүлөр аныкталган: негизги персонал болуп эсептелген экономист жана бухгалтерлердин саны - 77 бирдикти, ал эми бухгалтерлер болуп эсептелген тейлөөчү жана техникалык персоналдар - 46 бирдикти түзгөн. Ошентип, экономист жана бухгалтерлер -123 бирдик, же орточо 44 кызматкерге 1 бухгалтер (экономист) туура келет, бирок айрым мамлекеттик органдарда 150-300 бирдикке 1 бухгалтер (экономист) туура келет.

Кадрлар бөлүмүнүн штаттык бирдиктеринин саны - 69 бирдик, анын ичинен борбордук аппаратта - 11 бирдик, ведомстволук бөлүмдөрдө - 16 бирдик, аймактык бөлүмдөрдө - 42 бирдик.

Негизги персонал болуп эсептелген иш кагаздарын жүргүзүүчүлөрдүн саны 41 бирдик, ошондой эле техникалык тейлөөчү персоналдар – 11 бирдик. Иш кагаздарын жүргүзүүчүлөрдүн жалпы саны – 52 бирдик, б.а. КР ӨКМдин борбордук аппараттын ошондой эле бөлүмдөрүнүн түзүмүн оптималдоо үчүн бардык негиздер бар.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (мындан ары - МЧБУ) штаттан ашык контингент маселесин талдоодо төмөндөгүлөр аныкталган, айрым МЧБУда (Бишкек шаары) штаттык бирдиктин саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 токтому менен бекитилген, Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарына туура келбейт. Бул, төмөндөгүлөргө байланыштуу болгон, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы МЧБУнун бюджетин “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34 жана 39-беренесине ылайык бекитет жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 “Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” токтомунун 4-пунктуна ылайык, мектепке чейинки билим берүү уюмдарына эмгек акынын жалпы фондунун чегинде өндүрүштүк зарылчылыкка жараша штаттык санды өз алдынча түзүү укугу берилген.

Ошондой эле, 2022-жылы 6762,75 штаттык бирдикке жеткен Милдеттүү камсыздандыруу фондунун тутумундагы жыл сайын бош кызмат орундарынын болгондугу жөнүндө тарыхый маалыматтар белгиленген, анын ичинен Бишкек шаарында 3113,75 бирдик, анткени 75743,25 штаттык бирдик бекитилген, 68980,25 штаттык бирдик иштеп жатат.

Автоматташтыруу жана санариптештирүү шартында, райондук аймактык бөлүмдөрү бар министрликтер жана ведомстволордун областтык түзүмдөрүн күтүү зарылдыгын жана максатка ылайыктуулугун карап чыгуу керек, алар Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү, ошондой эле мамлекеттик башкаруу секторунда эмгек акыны түзүүнүн бирдиктүү моделин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгына кол коюлган, ал жерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине төмөндөгү этаптар боюнча бюджеттик чөйрөдөгү кызматкерлердин эмгек акы төлөө шарттарын жакшыртуу боюнча тапшырылган:

- 2022-жылдын 1-апрелинен тартып - 275,4 миң штаттык сан менен, мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын социалдык чөйрөсүндөгү кызматчыларга;

- 2022-жылдын 1-августунан тартып - 57,8 миң штаттык сан менен, мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерге, ошондой эле мамлекеттик мекемелерди, анын ичинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелерин тейлөөчү техникалык жана кенже тейлөөчү персоналга, күч блогунун бош жалданган жана жарандык персоналына.

Көрсөтүлгөндү аткаруу менен, 2022-жылдын 1-августуна чейин бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы шарттарын жөнгө салган, Кыргыз Республикасынын Президентинин 14 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 6 токтому чыккан. 2022-жылдын 1-августуна чейин, бюджеттик чөйрөдө эмгек акы шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 32 токтому менен жөнгө салынган, ал жерде бардык мекемелерге кварталдык сый акылар белгиленген.

2022-жылдын 1-апрелине чейин бюджеттик чөйрөдө эмгек акы шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12 токтому менен белгиленген, 2022-жылдын 1-апрелинен кийин – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 6 токтому менен.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 19-сентябрындагы № 314 "Кыргыз Республикасынын аскер кызматчыларына жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине акчалай үлүштү төлөө системасын өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык 2022-жылдын 1-октябрынан тартып, 2022-жылдын 1-октябрынан тартып Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын системасынын кызматкерлерин кошпогондо, Кыргыз Республикасынын аскер кызматчыларына жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кызмат

өтөө үчүн үстөктөрдү жылдык эмгек акы фондунун 80 пайызына чейин жогорулатуу каралган.

Баткен областында кызмат өтөгөндүгү үчүн үстөктөрдү эсепке албастан, орточо эмгек акынын өсүүсү төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- укук коргоо органдарынын кызматкерлерине 210 %га чейин;
- аскер кызматчыларына 240 % га чейин.

Ошентип, бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы шарттары жөнгө салынган, ал жерде орточо эмгек акы төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- билим берүү илим кызматкерлерине 180 %га чейин;
- саламаттык сактоо кызматкерлерине 150 %га чейин;
- маданият, маалымат жана спорт кызматкерлерине 200 %га чейин;
- социалдык коргоо кызматкерлерине 200 %га чейин;
- мамлекеттик жарандык кызматчыларга 210 %га чейин;
- муниципалдык кызматчыларга 253 %га чейин;
-мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерге 212 %га чейин;
- техникалык тейлөөчү персоналдарга 178 %га чейин;
- кенже тейлөөчү персоналдарга 172 %га чейин;
- бош жалданган жана жарандык персоналдарга 169 %га чейин.

2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун 2-формадагы ведомстволук классификациялоо тиркемесине ылайык, “күч блогун” эске албастан, бюджеттик чөйрөнүн эмгек акы фондусунун динамикасы төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| | | 2022-жылы бекитилген | 2022-жылы такталган | Аткарылган (факт) | Четтөө |
|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 2111 | 54 784 362,1 | 77 060 641,2 | 75 156 441,2 | -1 904 200,0 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | 2121 | 6 602 696,2 | 9 973 079,7 | 9 615 900,3 | -357 179,4 |

Эмгек акыга 54 784,4 млн. сомго бекитилген чыгымдар менен, чыгымдар 77 060,4 млн. сомго такталган же 22 273,2 млн. сомго өсүү менен, бул беренеге факты жүзүндө бул беренге 75 156,4 млн. сом каржыланган, же 1 904,2 млн. сомго үнөмдөөнү түздү, бул болсо, Кыргыз Республикасынын Президентинин 21.12.2022-жылдагы № 401 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Жарлыгына байланыштуу, б.а. 202-

жылдын 4-кварталына карата кварталдык сый акылар мобилизация кылынган.

“Күч блогунун” эмгек акысы боюнча чыгымдардын өсүүсү 2 933,5 млн. сомду же 123,2 %ды түзгөн, 598,8 млн. сом жеткире каржыланган эмес.

Мында, эмгек акы боюнча чыгымдардын бир кыйла жеткире аткарылбашы төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти – такталган чыгымдардан 138,1 млн. сом (9,4 %);

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы – 115,3 млн. сом (9,0 %);

- КР ИИМ – 130,2 млн. сом (11,7 %) ж.б.у.с.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине каршы, жыл аягында кварталдык сый акыларды мобилизациялоо жүргүзүлгөн, бул болсо, эмгек акыларын 16 % - 20 % төмөндөтүүнү билдирген, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акы төлөө шарттарынын начарлашына алып келген, Жогорку Кеңештин кызматкерлери эмгек акыдан орточо 18,2 миң сомдон 38,6 миң сомго чейин, Президенттин Администрациясы - 25,4 миң сомдон 40,4 миң сомго чейин, Эсептөө палатасы - 12 миң сомдон 30,6 миң сомго чейин; БШК - 10,6 миң сомдон 25,1 миң сомго чейин, ЭКМ БА, КР ФМ, КР ИИМ, КР ЮМ - 14,4 миң сомдон 30,5 миң сомго чейин, министрликтер жана ведомстволор - 9,1 миң сомдон 21,2 миң сомго чейин “жоготушкан”.

Мында, жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдарды туура эмес администрлөө, 16,0 млрд. сомдун курамында Казыналыктын эсептеринде 2 261,4 млн. сом пайдаланылбаган эркин каражаттардын калгандыгына өбөлгө болгон. Же көрсөтүлгөн азайтуулар экономикалык натыйжаны берген эмес.

**Сунуш**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:*

Бул бюджеттик чара Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесине жана эмгек акыны 9,1 миң сомдон 40,4 миң сомго чейинки интервалда 16 % - 20 %да олуттуу азайтууга алып келген, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын эмгек акы шарттарын начаралатууга алып келгендиги жана “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине каршы жүргүзүлгөндүгү жана жөнүндө ушул аудиттин баалоосун эске алуу менен, анын натыйжалуулугу жана максатка ылайыктуулугу предметине эмгек акыны мобилизациялоо жыйынтыктарын карасын.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

- бюджеттик чөйрөнүн штаттык контингентин эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун жайылтуу мүмкүнчүлүгүн карасын;

- республиканын ченемдик укуктук актылар менен белгиленген шайкештик предмети боюнча бюджеттик чөйрөнүн штаттык санына туруктуу негизде талдоо жана мониторинг жүргүзсүн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" шарттары менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 60 бирдикке штаттык санынын шайкеш келбегендигин талдасын;

- мектепке чейинки билим берүү уюмдарында штаттан ашык континентке жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтомунун 4-пунктун алып салуу сунушталат;

- аймактык бөлүмдөрү бар министрликтер жана ведомстволордун областтык түзүмдөрүн күтүүнүн максатка ылайыктуулугун жана зарылдыгын карасын, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети сыяктуу;

- бухгалтерлердин (экономисттердин), кадр кызматкерлеринин, иш кагаздарын жүргүзүүчүлөрдүн бир кыйла санын эске алуу менен, КР ӨКМдин штаттык санын оптималдоо боюнча чараларды көрсүн.

**2022-жылга бюджет аралык трансферттер**

(млн. сом)

| Аталышы | Теңдөөчү гранттар (план) | Теңдөөчү гранттар (факт) | Максаттуу трансферттер (план) | Максаттуу трансферттер (факт) |
|---|---|---|---|---|
| Республика боюнча | 1 423,2 | 1 415,7 | 5 581,1 | 5 165,9 |

Максаттуу трансферттер боюнча 5 522,5 млн. сом каржыланган, кассалык чыгымдар 5 165,9 млн. сомду түзгөн, отчеттук жылдын аягында бюджетке 356,6 млн. сом кайтарылган.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджети республикалык бюджеттен бир кыйла каржылоону көрсөткөн, негизги дотациялык мүнөзгө ээ 7 175,5 млн. сом, анын ичинен теңдөөчү гранттар – 1 415,7 млн. сом, максаттуу гранттар – 5 165,9 млн. сом, дем берүүчү гранттар – 593,9 млн. сом.

Мында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде Бирдиктүү интерактивдүү карта (Кырдаалдык борбор) жок, ага өткөн жана учурдагы мезгилге ЖӨБ органдарынын финансылык жана экономикалык

абалынын динамикасы, бардык булактар боюнча каржылоо көлөмү, анын ичинен, региондорду өнүктүрүү фонддору, максаттуу, дем берүүчү жана теңдөөчү гранттар, капиталдык салымдар, башка гранттар, кредиттер жана долбоорлор берилмек.

**Сунуш**

Финансы министрлиги бюджеттик процесстин ачыктыгы, жергиликтүү бюджеттерди каржылоо боюнча ыкчам чечимдерди кабыл алуу максатында, жергилкитүү бюджеттин бардык булактары боюнча бюджеттен, анын ичинен региондорду өнүктүрүү фонддорунан бөлүнгөн акча каражаттарынын динамикасын, максаттуу жана теңдөөчү трансферттерди, стимгранттарды, капиталдык салымдарды, кредиттерди, долбоорлорду эсепке алуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кезектеги финансылык жана экономикалык абалы боюнча Бирдиктүү интерактивдүү карта (Кырдаалдык борбор) түзүү мүмкүнчүлүгүн карасын.

**Региондорду өнүктүрүү фонддору**

Региондорду өнүктүрүү фонддору **2 075,6** млн. сомго каржыланган, анын ичинен: Областтарды өнүктүрүү фонддору - **825,7** млн. сом, Райондорду өнүктүрүү фонддору – **1 249,9** млн. сом.

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетко карата Түшүндүрмө катта, 2022-жылы Региондорду өнүктүрүү фонддору аркылуу 3 115,5 млн. сомго же 66,6 %га такталган план алдында 2 075,6 млн. сомго 1 193 долбоор ишке ашырылган, анын ичинен 528 - социалдык, 353 – инфраструктуралык жана 312 – экономикалык долбоорлор.

2022-жылы Региондорду өнүктүрүү фонддору (областтык фонддор) тарабынан 1 327,0 млн. сом суммасында 236 долбоор каралган жана бекитилген, анын ичинен фонддордун каражаттарынан 1 062,4 млн. сом каралган *(Чүй областтык ӨФ – 78/235,6 млн. сом; Жалал-Абад областтык ӨФ – 60/469,2 млн. сом; Талас областтык ӨФ – 50/254,7 млн. сом; Ош областтык ӨФ – 29/48,0 млн. сом; Нарын областтык ӨФ – 14/25,6 млн. сом; Баткен областтык ӨФ – 5/29,3 млн. сом).* Райондук өнүктүрүү фонддору тарабынан 739,5 млн. сом суммасында долбоорлор каралган жана бекитилген.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 14.10.2021-жылдагы № 220 токтому менен бекитилген, "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" Жобонун 13-пункутуна ылайык, Фонддун каражаттары төмөнкүдөй тартипте бөлүштүрүлөт: 20%га чейин социалдык долбоорлорго; 50%га чейин регионду социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө жөндөм түзгөн экономикалык долбоорлорго, 30%га чейин ишкердик субъекттерин жеңилдетилген кредиттөөгө бөлүнөт.

Региондорду өнүктүрүү фонддорунун 1 801,9 млн. сом факты жүзүндөгү каражаттары (областтык фонддор - 1 062,4 млн. сом, райондук фонддор – 739,5 млн. сом) курулушка, имараттарды жана жайларды реконструкциялоого, мамлекеттик органдардын материалдык-техникалык базасын колдоого багытталган. Ошону менен катар, төмөндөгүдөй артыкчылыктуу багыттар камтылган эмес:

- регионду социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө жардам берүүчү мамлекеттик – жеке өнөктөштүк, экономикалык долбоорлорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу (*инновациялык технологияга негизделген өнөр жайынын бардык түрлөрү; электр энергетикасы; айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү; чогултуу өндүрүшү; ар кандай эксперттик-багытталган өндүрүш);*

- региондордо жаңы ишканаларды ачуу, туризмди өнүктүрүү боюнча иш-чараларды өткөрүү, эл аралык туризмди өнүктүрүү у. Жагымдуу чөйрөнү түзүү;

- инвесторлор же инвесторлор менен биргелешип каржылоо капиталына биргелешип катышуу принциптеринде жаңы ишканаларды ачуу;

- мөөнөтүүлүк, төлөмдүүлүк жана кайтарымдуулук негизинде ишкердик субъекттерин кийин кредиттөөө үчүн, кредиттик мекемелер тарабынан финансылык каражаттарды берүү, ал Типтүү жобого ылайык 540,5 млн. сомдон кем болбош керек. Мында, мөөнөтүүлүк, төлөмдүүлүк жана кайтарымдуулук негизинде Региондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын каржылоо механизми жөнгө салынган эмес.

Отчеттук мезгил ичинде финансылык-кредиттик мекемелер жана ишкердик субъекттер менен, экономикалык долбоорлор боюнча бир дагы макулдашуу түзүлгөн эмес, бир дагы ишкана ачылган эмес жана жумуш орундары түзүлгөн эмес.

Региондорду өнүктүрүү фонддору тарабынан курулуш жана материалдык-техникалык камсыздоо чөйрөсүндө, мамлекеттик органдардын айрым функциялары жарым-жартылай алмаштырылган деген жыйынтыкка келсек болот.

Мында, Региондорду өнүктүрүү фонддору төмөндөгү предметтер боюнча отчет берген эмес:

1) Региондорду өнүктүрүү фонддорунун ишинин Типтүү жобо жана Фонддун Уставы менен белгиленген эрежелерге жана жол-жоболорго шайкеш келиши;

2) каражаттардын максаттуу пайдаланылышынын сакталышы жана анын бекитилген планга туура келиши;

3) кредиттөө долбоорлорун жана программаларынын натыйжалуу аткарылышын баалоо;

4) Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамынын жол-жоболорунун жана ченемдеринин сакталышы.

**Сунуш**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 16.01.2023-жылдагы № 20 токтому менен бекитилген, “Региондорду өнүктүрүүнүн типтүү жобосуна” ылайык, Региондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын пайдаланылышын контролдоо, мониторинг жүргүзүү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

“Баткен областынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-пунктун, 2021-2035-жылдарга Батен областын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик программаны жана аны ишке ашыруу боюнча Жол картасын, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактабастан, Баткен областын өнүктүрүү боюнча 20 иш чара 250,0 млн. сом суммасында каржыланган эмес, анын ичинен: Кадамжай району боюнча - 80,0 млн. сом суммасында 9 иш чара; Баткен шаары боюнча - 70,0 млн. сом суммасында 3 иш чара; Кызыл-Кыя шаары боюнча - 50,0 млн. сом суммасында 3 иш чара; Сүлүктү шаары боюнча - 50,0 млн. сом суммасында 5 иш чара.

Каржыланган 250,0 млн. сомдун ичинен 41,8 млн. сом же 16,72 % өздөштүрүлгөн, 208,2 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен:

- Баткен району боюнча смета боюнча 125,0 млн. сом такталган, кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн эмес. Отчеттук жылдын аягындагы каражаттар, бюджеттик мыйзамга ылайык бюджетке кайтарылган;

- Лейлек району боюнча смета боюнча 125,0 млн. сом такталган, кассалык чыгымдар 41,8 млн. сомду түзгөн. Отчеттук жылдын а каражаттардын аягындагы 83,2 млн. сом суммасындагы калдыктары бюджеттик мыйзамга ылайык бюджетке кайтарылган. Лейлек мамлекеттик администрациясынын башкы бухгалтеринин түшүндүрмө катына ылайык, акча каражаттары 6.10.2022-жылы келип түшкөн. Конкурстук жол-жоболор “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлгөн. Конкурстардын жыйынтыктары боюнча 106,7 млн. сомго келишимдер түзүлгөн, бирок отчеттук жыл аяктагандыгына байланыштуу, бюджеттик мыйзамга ылайык пайдаланылбаган каражаттар бюджетке кайтарылган.

**Корутунду**

“Баткен областынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-пунктун, 2021-2035-жылдарга Батен областын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик программаны жана аны ишке ашыруу боюнча Жол картасын, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактабастан, Баткен областын өнүктүрүү боюнча 20 иш чара 250,0 млн. сом суммасында каржыланган эмес.

Каржыланган 250,0 млн. сомдун ичинен 41,8 млн. сом же 16,72 % өздөштүрүлгөн, 208,2 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес.

**Сунуш**

2021-2035-жылдарга Батен областын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик программа менен каралган чыгымдар өз учурунда толук көлөмдө жүргүзүлсүн.

**Дем берүүчү гранттар**

2022-жылы Долбоорлорду бекитүү боюнча комиссиянын отурумунун 04.03.2022-жылдагы № 15-01/3 протоколуна ылайык, дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 746,3 млн. сомго 297 долбоор бекитилген, 288 долбоор 593,9 млн. сом суммасында каржыланган, анын ичинен 275 объект аяктаган.

Олуттуу суммалар мектептердин куруу жана оңдоо иштерине бөлүштүрүлгөн - 213,4 млн. сомго 113 объект, инженердик-коммуникациялык инфраструктура объекттери - 133,3 млн. сомго 53 объект, балдар бакчалары - 105,1 млн. сомго 53 объект.

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылы республикалык бюджетти аткарууда, утурлама аудит тарабынан **аларды алуучулар тарабынан дем берүүчү гранттарды администрлөөдө болгон бузуулар** тастыкталган.

Дем берүүчү гранттардын администраторлору тарабынан, мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзам боюнча негизинен дал келбестиктерге жол берилген:

- Токмок шаарынын мэриясында, Чүй районунун Шамшы а/ө; Чүй районунун Ак-Бешим а/ө; Чүй районунун Кегети а/ө; Сокулук районунун Гавриловка а/ө; Сокулук районунун Саз а/ө; Сокулук районунун Күнтуу айыл өкмөтүндө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-бернесинин 3-бөлүгүнө ылайык, мөөнөтү бузуу менен подрядчыдар менен келишим түзүлгөн.

_ "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, квалификациялык талаптарга айтылган объекттен 1400 тонна ысык асфальт-бетонду жеткирүү жөнүндө келишим же 70-90 км.ден ашык чекте АБЗ менчигинин болушунун зарылдыгы жөнүндө талаптар кирген, бул болсо, бир эле талапкердин 20 649,4 миң сом суммага уткан жана 3 конкурска катышкан "Дили" ЖЧКсынын катышуусуна алып келген.

Аудит тарабынан төмөндөгүлөрдө курулуш ченемдерине шайкеш келүүсү предметине карата кошумча иш-чаралар өткөрүлгөн:

- Чүй районунун Шамшы а/ө 2 990,2 миң сом суммасында "Карагул жана Чоң Жар айылдарына ичүүчү суу тутумун кезектеги оңдоо";

- Чүй районунун Ак-Бешим а/ө 2 424,3 миң сом суммасында "АК-Бешим айылында клубдун ичин капиталдык ондоо";

- Сокулук районунун Гавриловка а/ө; 2 487,0 миң сом суммасында "Жангарач айылдындагы орто мектепти капиталдык ондоо";

- Сокулук районунун Күнтуу а/ө "Шалта айылындагы Д. Доронбеков атындагы орто мектепти темир тосмо менен тосуу";

-Аламүдүн райоунун Кара-Жыгач а/ө 3 674,4 миң сом суммасында "Бек_Тоо айылында тренердик кабинет, чечинүүчү жай, чайынмасы менен мини футбол аянтынын курулушу".

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги*:**

-дем берүүчү гранттарды администрлөөдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын так сатоо зарылдыгы жөнүндө аймактык органдарга жеткирсин.

**Аныкталды /Корутунду**

Утурлама аудитте төмөндөгүлөр аныкталган, сатып алуучу уюмдар тарабынан келишим милдеттенмелери белгиленген мөөнөттө аткарылбайт, ошону менен бирге айып пул санкциялары колдонулган эмес, анын ичинен:

- Токмок шаарынын мэриясы “Ленин көчөсүндөгү тротуарды капиталды оңдоо” долбоору боюнча «Дили» ЖЧКсына карата - 387,2 миң сом, “Токмок шаарындагы Ленин көчөсүндөгү тротуарды капиталды оңдоо (сол тарабын)” долбоору боюнча «Дили» ЖЧКсына карата - 439,1 миң сом;

- Чүй районунун Кегети а/ө “Келечек” балдар бакчасынын имаратынын жайларын оңдоо жана эшик-терезелерин алмаштыруу” долбоору боюнча «Заман Курулуш ЖЧКсына карата - 127,1 миң сом;

- Чүй районунун Шамшы а/ө “Карагул жана Чоң Жар айылдарына ичүүчү суу тутумун кезектеги оңдоо” долбоору боюнча «Ильяс Курулуш» ЖЧКсына карата - 598,0 миң сом;

- Москва районунун Беловодск а/ө “Степаненко атындагы мектептин тышкы фасадын актоо жана чатырын алмаштыруу” долбоору боюнча «Мессина» ЖЧКсына карата - 170,8 миң сом;

- Сокулук районунун Гавриловка а/ө “Жангарач айыныдагы орто мектепти капиталдык ондоо” долбоору боюнча «Ак-ниет Курулуш» ЖЧКсына - 129,0 миң сом;

- Сокулук районун Саз а/ө “М. Жаныбаев атындагы орто мектепти капиталдык оңдоо” долбоору боюнча «Бизнес Рамп» ЖЧКсына карата – 584,4 миң сом;

- Аламүдүн районунун Аламүдүн а/ө “Бөбөк Аламүдүн” бала бакчасынын аймагына резина төшөлмөсүн төшөө” долбоору боюнча - 225,1 миң сом.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн утурлама аудит тарабынан, сатып алуучу уюмдар келишим милдеттерин белгиленген мөөнөттө аткарбагандыгы, мында 2 660,7 миң сом суммасында айып пул санкциялары колдонулбаганы аныкталган.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жүргүзгөн талдоону эске алуу менен, дем берүүчү гранттарды администрлөө маселесин карасын жана тиешелүү чараларды көрсүн.

***Жергиликтүү бюджет***

| | **Бекитилген** | **Такталган** | **Аткаруу фактысы** | **Четтөө** |
|---|---|---|---|---|
| Оперативдүү чыгымдар | 23 062 686,0 | 26 676 272,7 | 24 800 925,5 | -1 875 347,2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| НФА сатып алуу | 3 825 274,1 | 11 685 895,3 | 9 329 858,3 | -2 356 037,0 |
| **Бардыгы** | **26 887 960,1** | **38 362 168,0** | **34 130 787,8** | **-4 231 380,2** |
| **МБнын аткарылышы жөнүндө отчетто** | **28 914 911,9** | **38 433 083,8** | **34 246 302,6** | **-4 186 781,2** |
| *НФАны сатуу* | *2 026 951,8* | *70 915,8* | *115 514,8* | *+44 599,0* |

Жергиликтүү бюджет 28 914,9 млн. сом өлчөмүндө бекитилген, НФАны сатууну эсепке албастан - 2 026,9 млн. сом. Чыгымдар 70,9 млн. сомго НФАны сатууну эске алуу менен, чыгымдар 38 362,2 млн. сомго такталган, же чыгымдар 9 447,3 млн. сомго көбөйтүлгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттен трансферттердин эсебинен – 6 581,6 млн. сом.

Жергиликтүү бюджетти аткаруу 115,5 млн. сомго НФАны сатууну эске алуу менен, 34 130,8 млн. сомду түзгөн, же чыгымдар 4 231,4 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.

Жергиликтүү бюджеттин профицити, баштапкы бекитилгенден 2 440,5 млн. сомго ашыруу менен, 2 649,7 млн. сом суммасында түзүлгөн жана бюджеттин такталган тартыштыгынан 5 759,0 млн. сомго жогору. Буга байланыштуу, 2022-жылдын декабрында тактоо процессинде жергиликтүү бюджеттин тартыштыгын 2 218,6 млн. сомго түзүү, реалдуу эмес болжолдоонун жыйынтыгы катары бааланат.

Бюджеттин 2 679,7 млн. сом профицити менен, 3 442,5 млн. сом ашыкча чыгымдалган, же жылдын аягында каражаттардын калдыгы 6 092,2 млн. сомду түзгөн.

Ошентип, бюджет аралык мамилени башкаруу чөйрөсүндө, көп жылдар бою жергиликтүүү бюджеттин туруктуу профицитин (2022-жылы – 2,6 млрд. сом) түзүүгө алып келген, бюджеттик тутумдун баланстуулук принцибинин сакталбашына жол берилген. Өздөштүрүлбөгөн каражаттардын калдыктарын талдоо, алар 2 эсе өскөндүгүн көрсөткөн (2021-жылы - 3,7 млрд. сом, 2022-жылы – 6,1 млрд. сом).

Мында, өткөн жылдын аягында өздөштүүрлбөгөн каражаттардын калдыктары түрүндө жергиликтүү бюджеттер үчүн кезектеги жылы резервдердин болгонуна карабастан, өсүү динамикасы менен республикалык бюджеттен трансферттерди бөлүү улантылууда. Алсак, 2022-жылы республикалык бюджеттен трансерттер 6,6 млрд. сом өлчөмүндө бөлүнгөн, анын ичинен, 2022-жылдын аягында өздөштүрүлбөгөнү – 6,1 млрд. сом.

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, бюджеттик мамилелер чөйрөсүндө мамлекеттик каражаттарды башкаруу деңгээли натыйжасыз деп бааланат.

Отчетту талкуулоонун жүрүшүндө берилген маалыматтарга ылайык төмөндөгүлөр болгон: 01.01.2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин жалпы калдыктары атайын эсептеги калдыктардан түзүлгөн – 372,1 млн. сом, жетиштүү ЖӨБ каражаттарынын калдыктарынан – 4 568,5 млн. сом, б.а.

алынган жеке кирешелердин калдыктары, дотациядагы ЖӨБдүн калдыктары – 1 203,7 млн. сом.

Мында белгилеп кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.12.2021-жылдагы № 315 токтому менен бекитилген, Теңдөөчү гранттардын көлөмүн аныктоо тартиби менен, отчеттук мезгилдин башындагы каражаттардын калдыктары, жылдан жылга калдыктардын өскөндүгүнө байланыштуу, кийинки мезгилге кирешелерди эсептөөгө киргизилбейт.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.12.2021-жылдагы № 315 токтому менен бекитилген, Теңдөөчү гранттардын көлөмүн аныктоо тартибине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

***2022-жылга натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанилеринин жана программалык бюджеттердин ишке ашырылышынын абалы***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 1 340,6 мин доллар жыйынтыктоочу чыгымдары менен “Программалык бюджетти пландоо үчүн, укуктук базаны чыңдоо” экинчи компонентинин курамында Көп кырдуу донордук тасттык фонд тарабынан каржыланган “Кыргыз Республикасында мамлекеттик каражаттарды башкаруу чөйрөсүндө потенциалды өнүктүрүү” экинчи долбоор ишке ашырылууда (Долбоор 2022-жылдын 31-августунда аяктаган).

**Аныкталды**

Аудит тарабынан бюджеттик чараларды ишке ашыруу жана натыйжалуулук индикаторлоруна жетүүнүн начар тутуму, бюджеттик программаларды жана чараларды ишке ашырууда натыйжалуулуктун индикаторлору жөнүндө берилген отчеттордун сапатынын төмөндөгү, маалыматтардын ишенимдүү, так булактарынын жоктугу, натыйжалуулук индикаторлорунун көрсөткүчтөрүнүн сапатсыз тутуму, натыйжалуулук индикаторлорунун көрсөткүчтөрүнө карата бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарын интеграциялоонун жоктугу, иш чараларды аткарууга карата жоопту адамдардын деңгээлинин төмөндүгү, программаны ишке ашырылынын натыйжалуулугун баалоо жөнүндө корутунду очетун түзүү үчүн зарыл болгон иш чаралардын натыйжалуулук индикаторлорунун көрсөткүчтөрүнүн күтүлгөн маанилерин сапатсыз пландоо белгиленген.

Финансы министрлигинде 3 бюджеттик программа боюнча индикаторлордун сапаты жок, айыл чарба министрлигинде – 4 программа боюнча 11 индикатор.

Энергетика министрлигинин бюджеттик программалары боюнча натыйжалуулуктун максаттуу индикаторлору, колдогу он динамиканы эске албастан бекитилген, калгандары 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык программасынын артыкчылыктарына туура келбейт (энерго генерирлөөчү кубаттуулукту

күчөтүү, энергитканы финансылык жакшыртуу, кайрадан улантылган энергия булактарынын катышуусун кеңейтүү, энерго жабдууларын модернизациялоо жана энерго натыйжалуу технологияларды жайылтуу).

Бааланууччу бардык БКББ үчүн 28 182,8 млн. сом суммасында Мамлекеттик инвестициялар программасынын натыйжалуулук индикаторлору бекитилген эмес.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын көрсөткүчтөрү менен бекитилген натыйжалуулук индикаторлорунун көрсөткүчтөрү 2 996,4 млн. сомго (МИП – 2 696,4 млн. сом, КВ – 300,0 млн. сом) дал келбегендиги аныкталган.

Терс натыйжага ээ максаттуу маанилерди ашырууда бюджеттик программанын натыйжалуулугунун индикатор-дестимуляторлорун туура эмес баалоого байланыштуу, "аткарылган" статуста белгиленген:

- "чогултулган салыктын 1 сом өздүк наркы" (МСК чыгымдары/салыктык түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнө карата) 20 % ашыруу менен же 0,003 жана "чогултулган бажы төлөмдөрүнүн 1 сом өздүк наркы" (МБК чыгымдары/жыл ичинде келип түшкөн төлөмдөр менен жыйымдардын жалпы суммасы) 28 %га жогорулоо менен же 0,004.

2021-жылдагы факты жүзүндөгү 2 688,7 млн. сом денгээлге салыштырмалуу терс динамикада "Мамлекеттик карыз каражаттарды кайтаруу боюнча пландуу көрсөткүчтөрдү аткаруу көлөмү" максаттуу индикаторун сапатсыз же азайтылган пландоо белгиленген.

"Бюджеттик чара", "жергиликтүү бюджеттердин пландалышына жана аткарылышына мониторинг" боюнча 3 индикторлор далилсиз база жана эсептөөлөрсүз ("Бюджет аралык трансферттерди алган жергиликтүү бюджеттердин үлүшү", жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарындагы мөөнөтү өткөн кредиттик карыздардын үлүшү", автоматташтырылган программалык камсыздоону колдонгон ЖӨБ саны) программалык камсыздоо "аткарылган" статусунда туура эмес көрсөтүлгөн.

АЧБнын бюджеттик программаларына карата 4 индиктор боюнча "аткарылган" статусу ыйгарылган: жайыт пайдалануучулардан келип түшкөн каражаттар - 5,7 млн. сомго 96,7 %; чегирткелерди аныктоо үчүн айыл чарба жерлерин изилдөө аянты - 97,1 %, малда пайда болгон ооруларды каттоо саны - 99,0 %; сугатка суу берүү - 97,7 %, отургузулган өсүүчү материалдардын саны – 99,2 %.

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча Финансы министрлигинин эсептөөсүндө, пландалгандан факты жүзүндө маанилер 30,0 % жогору же деталдуу талдоо жүргүзүлбөстөн 1 983,6 млн. сомго ашыруу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 436 токтомунун 28-пунктун бузуу менен, эсептөөлөр эске алынгандыгына байланыштуу, натыйжалуулукту туура эмес баалоого жол берилген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бардык баалануучу БКББ боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 436 "Натыйжалуулукту баалоо жана мониторинг жүргүзүү жөнүндө" токтомунун 6-главасынын 44-пункутун сактабастан, бюджеттик программалар боюнча бир гана программага тышкы баалоо жүргүзүлгөн.

Толук эмес баалоонун жыйынтыгында, натыйжалуулукту жакшыртуу жагында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлгөн корутундулар жана чечимдер реалдуу эмес даярдалган.

Жогоруда белгиленген аныкталгандарды эске алуу менен, 1 340,6 миң доллар каражаттар натыйжасыз чыгымдалган болуп эсептелет.

**Сунуш**

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында белгиленген артыкчылыктар менен шайкештик предметине өзүнчө программалар кайрадан каралсын.

Программалардын аткарылышынын туура статусун көрсөтүү менен, бюджеттки программалардын иш-чаралар планын аткаруу жыйынтыктары жөнүндө отчетттор шайкеш келтирилсин.

Камсыздалсын:

-Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын көрсөткүчтөрү менен капиталдык салым жана МИП натыйжалуулугунун индикаторлорунун дал келтирилсин;

-натыйжалуулук индикаторлоруна бөлүү принциптерин туура колдонуу жана бардык бюджеттик программалар боюнча сапат индиктаорлорунну болушу;

- "Мамлекеттик карыз каражаттарды кайтаруу боюнча пландуу көрсөткүчтү аткаруу көлөмү" максаттуу индикаторун реалдуу пландоо;

- индикаторлор менен каржылоо көлөмүнүн өз ара байланышы, ошондой эле бардык бюджеттик программалар жана чаралардын сандык жана сапаттык абалын көрсөткөн;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 436 "Натыйжалуулукту баалоо жана мониторинг жүргүзүү жөнүндө" токтомунун 6-главасынын 44-пункутун так аткаруу;

- бюджеттик программалардын натыйжалуулугу жана тышкы баалоо боюнча туура эсептерди түзүү;

- абдан толук кандуу баалоо үчүн, алардын көп санын камтуу менен, бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо.

Төмөндөгүлөргө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын:

- Мамлекеттик инвестициялар программасында натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанилерин баалануучу БКББ үчүн бекитпеген;

- 1 983,6 млн. сомго максаттуу каржылоодон сырткары же "Жалпы пайдалануудагы авто жолдорун жумуш абалында кармоо" БП 4 индикаторунун ашыкча аткарылышын жашырууга алып келген, бекитилген форматты сактабастан бюджеттик программаларды (Транспорт жана

коммуникациялар министрлиги) ишке ашыруунун логикалык матрицасын туура эмес берген;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги үчүн Көп кырдуу донордук тракттык фонд тарабынан каржыланган “Кыргыз Республикасында мамлекеттик каражаттарды башкаруу чөйрөсүндө потенциалды өнүктүрүү” экинчи долбоордун алкагында 1 340,6 миң сом жыйынтыкталган чыгымдар менен, “Программалык бюджетти пландоо үчүн укуктук базаны чыңдоо” 2 компоненти боюнча гранттык каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышы.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу бөлүгүндө республикалык бюджеттин аткарылышы**

**Аныкталды**

Кыргызстанда мамлекеттик карызды тескөө чөйрөсүндөгү саясатты, 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясы аныктайт. Стартегиянын негизги максаты болуп, мүмкүн болушунча азыраак сарптоолор жана тобокелдиктин акылга сыярлык деңгээли менен карыз алуу аркылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каржылоо керектөөлөрүн камсыздоо, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү, мамлекеттик карыздын туруктуулугун колдоо болуп эсептелет. Стратегиянын аткарылышын баалоо жана мониторинг жүргүзүү, мамлекеттик карызды башкаруу менен байланышкан конкреттүү операцияларды даярдоодо жана ишке ашырууда багыттарды же критерийлерди аткарган максаттуу сандык көрсөткүчтөрдүн маанисине ылайык жүргүзүлөт.

Стратегияны талдоо, 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстан карыз туруктуулугунун максаттуу индикаторлорду сандык чектөөнү ашырган эместигин көрсөткөн. Ошол эле учурда, 84 % пайызды түзгөн чет элдик валютадагы мамлекеттик карыздын салыштырма салмагынын көрсөткүчү өзүнө көңүл бурдурат, анткени, кезектеги маани 81,2 %ды түзгөн жана белгиленген чекке жакын турат.

Стратегия менен кредиторлор алдындагы тышкы карыздын садык чектөөсү – жалпы карыз суммасынан 45%дан ашык эмес каралган мамлекеттин негизги кредитору болуп, Кытай Экспорттоо-Импорттоо банкы кала берет, анын алдындагы карыз 31.12.-жылы 152 701,2 млн. сомду же 1 782,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул болсо 39,8 %. 2021-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу, бул кредитор алдындагы мамлекеттик карыз 325,6 млн. сомго көбөйгөн жана валютада 15,5 млн. АКШ долларында азайган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.06.2022-жылдагы № 335 токтому менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таанылган тизме бекитилген, анын ичине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.08.2002-жылдагы № 539 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик кепилдиктерди жана мамлекеттик карызды эсепке алуу китеби жөнүндө” Жобо кирген.

Күчүн жоготкон жобо менен, мамлекеттик кепилдиктер жана карыз (кредиттик) макулдашууларды каттоо, Борбордук казыналыктын директору финансы министринин колу менен, Финансы министрлигинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн эсептик жазуу ар бирине киргизилген Мамлекеттик кепилдиктерди жана мамлекеттик карызды эсепке алуу китеби н түзүү жана жүргүзүү үчүн, Финансы министрлиги ыйгарым укуктуу орган болуп эсептелет.

Бул жобонун ордуна учурда мамлекеттик карызды эсепке алуу үчүн жаңы ченемдик документ иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Корутунду**

Кыргызстан 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясы менен каралган, карыз туруктуулугунун максаттуу индикаторлоруна сандык чектөөнү ашырган эмес. Ошол эле учурда, 84 % пайызды түзгөн чет элдик валютадагы мамлекеттик карыздын салыштырма салмагынын көрсөткүчү өзүнө көңүл бурдурат, анткени, кезектеги маани 81,2 %ды түзгөн жана белгиленген чекке жакын турат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.06.2022-жылдагы № 335 токтому менен, күчүн жоготкон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.08.2002-жылдагы № 539 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик кепилдиктерди жана мамлекеттик карызды эсепке алуу китеби жөнүндө” Жобонун ордуна, мамлекеттик кепилдиктер жана карыз (кредиттик) макулдашууларды каттоо бөлүгүндө, мамлекеттик карызды эсепке алуу үчүн жаңы ченемдик документ иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес. эсеп китебин жүргүзүү бөлүгүндө ченемдик документтин жоктугуна карабастан, Мамлекеттик карыз башкармалыгы карыз (кредиттик) макулдашууларды каттоо боюнча керектүү жол-жоболорду сактоону улантууда.

**Сунуш**

Мамлекеттик карызды эсептөө китебине киргизүү үчүн, карыз (кредиттик) макулдашууларды каттоо эсептик жазууну каттоо бөлүгүндө, ченемдик документти иштеп чыгуу жа бекитүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

2022-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча мамлекеттик карыздын көлөмү (тышкы+ички), 32021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 9,5 %га көбөйгөн жана 478 225,6 млн. сомду (2021-жылы - 436 586,8 млн. сом), же 5 581,5 млн. АКШ долларын түзгөн (2021-жылы - 5 150,9 млн. АКШ доллары).

Мамлекеттик карыздын түзүмүндө ички жана тышкы карыздын салыштырма салмагы төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- ✓ 80,3 % - 384 093,2 млн. сом суммасында тышкы карыз же 4 482,9 млн. АКШ доллары (31.12.2021-жылга карата – 364 318,1 млн. сом же 4 298,3 млн. АКШ доллары) 2021-жылга

салыштырмалуу 19 775,1 млн. сомго же 184,6 млн. АКШ долларына көбөйүү менен;

- ✓ 19,7 % - 94 132,4 млн. сом суммасында ички карыз же 1 098,6 млн. АКШ доллары (31.12.2021-жылга карата – 72 268,8 млн. сом же 852,6 млн. АКШ доллары) 21 863,6 млн. сомго же 246,0 млн. АКШ долларына көбөйүү менен (эсептөө үчүн, КРУБдун АКШ долларынын расмий курсу колдонулган: 31.12.2021-жылы - 84,76 сом, 31.12.2022 –жылы - 85,68 сом).

Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 59-беренесинде *“Мамлекеттик карыздын чоңдугу карыздык туруктуулуктун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен Министрлер Кабинети тарабынан аныкталып, кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралат”* деп көрсөтүлгөн.

Бюджеттик кодекстин бул талабы, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын чондугунун жоктугунан улам сакталган эмес,

Мамлекеттик карыздын чектелген деңгээли 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясы менен, ошондой эле өлкөнүн ИДПсына карата максаттуу сандык көрсөткүчтөр түрүндө - 70%дан көп эмес гана белгиленген.

2022-жылы ички дүн продукциясын (ИДП - 919 414,6 млн. сом) эске алуу менен, ИДПга карата жалпы мамлекеттик карыздын катышы 52,0 %,ды, ал эми тышкы карыздыкы - 41,8 %ды түзгөн. Ошону менен бирге, ЕАЭБ жөнүндө келишим менен, мамлекеттик карыз 50 % өлчөмүндө белгиленген же ашыруу 2,0 пайыздык пункутту түзгөн.

**Корутунду**

2022-жылга бюджет жөнүндө мыйзамда өлкөнүнүн ИДПга карата мамлекеттик карызынын чектелген деңгээлинин жоктугу, мамлекеттик карыздын туруксуздук тобокелин түзүү менен, чектелбеген жаңы тышкы карыз алууларды тартуу үчүн шарттарды түзөт.

**Сунуш**

Кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда мамлекеттик карыздын чоңдугун кароо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарын сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

KFW Германия өнүктүрүү банкы тарабынан, *“Кыргызстандын региондорундагы аз кирешелүү жарандар үчүн ипотекалык кредиттөөгө карызды тейлөө боюнча тиешелүү төлөмдөрдү эки жыл ичинде жөнөтүү шарты менен”* 14 млн. 900 миң евро өлчөмүндөгү Кыргызстандын карызын эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алган.

24.05.2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Германия өнүктүрүү банкынын ортосунда 14 900,0 миң евро

суммасында “IV-турак жай программасынын карызын алмаштыруу “Карызды конверсиялоо жөнүндө” макулдашуу түзүлгөн, анын шартына ылайык, KFW Макулдашуунун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн кредиттик макулдашуулар боюнча негизги сумма жана пайыздар боюнча бардык төлөмдү төлөөдөн Кыргыз Республикасын бошотот.

Шарттарга ылайык Макулдашууга кол коюлган күндөн тартып, негизги сумма жана пайыздар боюнча милдеттенмелер токтотулган, ал эми тиешелүү суммаларды эсептен чыгарууну тастыктоо менен, ушул күндөн тартып таптакыр жокко чыгарылат. Алмашууга тиешелүү суммалар пропорционалдуу болушу керек. Алсак, Финансы министрлиги өзүнүн бюджеттик ресурстарынын ар бир сегиз айда (үч жолу), кол коюлган күндөн тартып Мамлекеттик ипотека компаниясына беш миллион евро (4 966 666,7 евро) жөнөтүшү керек, анткени МИК бул каражаттарды ипотекага багытташты үчүн, ал Бишкек жана Ош шаарынын тургундарына сырткары, бардык жарандарга берилет.

МИК боюнча биринчи төлөм Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.01.2023-жылдагы № 17-р буйругуна ылайык, анын уставдык капиталын көбөйтүү үчүн, “Кыргыз Республикасынын 202 -жылга республикалык бюджети жана 2024-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган, 1,0 млрд. сом өлчөмүндөгү каражаттардан 500,0 млн. сом өлчөмүндө жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

МИК линиясы боюнча Кыргызстандын региондорундагы аз кирешелүү жарандар үчүн ипотекалык кредиттөөгө карызды тейлөө боюнча тиешелүү төлөмдөрдү эки жыл ичинде жөнөтүү шарты менен, Германия өнүктүрүү банкы 14 900,0 миң евро суммасында карызды эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алган.

**Сунуш**

Түзүлгөн Макулдашуунун шарттарына ылайык жана негизделген экономикалык эсептөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын бюджеттик чыгымдар милдеттенмелерин жана мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгымдарды түзүү жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

2022-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо көлөмү, мамлекеттик казыналык облигацияларды (МКО) чыгаруу эсебинен олуттуу өскөн. Алсак, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен республикалык бюджетке 15 618,6 млн. сом (МГКВ - 1 050,0 млн. сом жана МКО - 14 568,6 млн. сом) мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан республикалык бюджетке түшүүлөр пландалган.

Киргизилген өзгөртүүлөр менен, МКОну чыгаруу баштапкы бюджетке карата 4 201,9 млн. сомго көбөйтүлгөн жана 18 770,5 млн. сомду түзгөн, ал эми МКВны чыгаруу мурунку деңгээлде калган - 1 050,0 млн. сом.

Андан ары, МКО көлөмүн факты жүзүндө ишке ашыруу, ошондой эле МКВны (МКВны факты жүзүндө чыгаруу - 196,6 млн. сом) чыгарууну азайтуу эсебинен, 853,4 миң сомго көбөйтүү бөлүгүндө оңдоого туш болгон.

МКОну чыгаруу көлөмүн көбөйтүү, чет элдик валютада МКОну жайгаштыруу натыйжасында болгон.

Алсак, 2022-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.10.2022-жылдагы № 534-р (КПҮ) буйругунун негизинде, **52,0 млн. АКШ долларында** чыгаруу көлөмү менен, чет элдик валютада номинирленген МКО киргизилген (бир облигациянын номиналдык наркы - 1000 АКШ доллары, жүгүртүү мөөнөтү – 10 жыл, **купонду коюм – пайызсыз,** негизги сумманы төлөө - жүгүртүү мөөнөтүнүн аягында бир жолку төлөм).

Бул чыгаруу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономика жана фискалдык саясат комитети менен макулдашылган (10.10.2022-жылдагы № 39, чечим (КПҮ).

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашылгандан кийин 1 айдан соң, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.11.2022-жылдагы № 600-р (КПҮ) буйругу менен, 52,0 млн. АКШ долларында пайыздарды төлөө боюнча жыл сайын кошумча чыгымдарды алып келген же 10 жылда - **5,2 млн. АКШ доллары же 445,5 млн. сом** (КРУБдун 31.12.2022-жылдагы курсу боюнча - 85,68 сомду эске алуу менен) бөлүгүнө 06.10.2022-жылдагы буйрукка өзгөртүү киргизилген.

28.11.2022-жылы аукцион өткөрүлгөн жана **52,0 млн. АКШ доллары же 4 391,0 млн. сомго** (эсептөөлөр үчүн КРУБдун расмий курстары колдонулган: 28.11.2022-жылы – 84,44 сом, 31.12.2022-жылы - 85,68 сомо, 01.04.2023-жылы - 87,42 сом) №1 глобалдуу сертификат тариzделген (GBA10321128 купондуу төлөм – жылына 2 жолу)

Талдоодо, АКШ долларынын курсу жогорулагандын натыйжасында, көрсөтүлгөн МКО наркы сомдун эквивалентинде төмөндөгүлөрдү түзгөндүгү аныкталган:

- 31.12.2022-жылы - 4 455,4 млн. сом, 64,4 млн. сомго (4455,4-4391,0) көбөйүү менен (бир гана айга);
- Аудит учурунда (01.04.2023-жылга) 4 545,8 млн. сом, жылдын аягына карата 90,4 млн. сомго (4545,8-4455,4 көбөйүү менен.

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, МКОнну наркын ай сайын көбөйтүү, чыгаруу күнүнөн тартып 30,1 млн. сомду (90,4/3 ай) түзгөн, демек, мындан ары мындай ай сайын доллардын курусунун өсүшү менен, төлөөдө МКОнун номиналдык наркынан эсептик көбөйтүү **3 612,0 млн. сомду** (30,1*12 ай 10 жыл) түзгөн.

**Корутунду**

2022-жылдын ноябрында аларды төлөөнүн натыйжасында республикалык бюджетке кошумча күч алып келүүчү, **52,0 млн. АКШ долларында** 10 жылдык МКОну чыгаруу аркылуу, ички карыз алышуу тартылган.

Бул тобокелдик, улуттук валютада ички карыз алышууну жүргүзүүдө болмок эмес, анткени, МКОнун доллардык наркын жана пайыздарды төлөөдө, инфляция жана девальвацияны эске алуу менен, ички карызды тейлөө бир кыйла көбөйт жана бюджеттик каражаттарга кошумча керектөө пайда болот. Алсак, аудит учурунда АКШ долларынын курсунун ай сайын өсүүсүн эске алуу менен, ***номианалдыктан МКОнун наркын көбөйтүү, төлөөдө 3 612,0 млн. сомду түзөт, 4 057,5 млн. сом пайыздарды эске алуу менен.***

11.08.2022-жылдагы № 92 Кыргыз Республикасынын Улуттук валютасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-главасына ылайык, сом Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында төлөмдөрдүн бардык түрлөрү боюнча чектөөлөрсүз кабыл алынууга милдеттүү болгон жалгыз мыйзамдуу төлөм каражаты болуп саналат.

Жогоруда жазылганды эске алуу жана ички карызды тейлөө боюнча кошумча чыгымдарды токтотууну эске алуу менен, ички арызды тейлөөнү улуттук валютада ички карыз алуу менен жүргүзүү керек эле.

2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясы менен, негизги максаттарда мүмкүн болушунча азыраак сарптоолор жана тобокелдиктин акылга сыярлык деңгээли менен карыз алуу аркылуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин каржылоо керектөөлөрүн камсыздоо белгиленген. Ошондой эле, ички карызга карата ***"сунушталган мамлекеттик баалуу кагаздардын мөөнөттүү түзүмү, чыгымдарды азайтуудан улам аныкталат"*** деп каралган.

Ошондой эле, доллардык МКОну чыгаруу, чет элдик валютада (втышкы карыз + МКОну чыгаруу) мамлекеттик карыздын салыштырма салмагынын көрсөткүчтөрүнүн кезектеги маанисин 81,2 % түзүү жана белгиленген стратегиялык чектөөлөргө жакын туруу менен көбөйтүлгөн - 84 %.

**Сунуш**

Ички карызды тейлөөдө республикалык бюджетке кошумча күч келтирүүнү (курстук айырмадан улам) алдын алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2008-жылдагы №556 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана тындыруу жөнүндө" Жобонун чет элдик валютада МКОну чыгарууну токтотуу бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

***Аныкталды***

2022-жылдын августунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан, казыналык милдеттенмелер түрүндө төлөнүүгө тиешелүү 88,1 млн. сом кредиттик карыз суммасына 11 чарба жүргүзүүчү субъекттер менен карыз макулдашуулары түзүлгөн. Шарттарга ылайык, казыналык милдеттенмелердин номиналдык наркы боюнча акча

каражаттарын которуу аркылуу, төлөө 2 жыл ичинде жыл сайын бирдей төлөм менен жүргүзүлөт.

## Ээлик кылуучулардын/ кредиторлордун реестри

| № | Ээлик кылуучулардын/ кредиторлордун аталышы | Жабдуучунун ИННи | Карыз макулдашуусу | | Сумма, млн. сом |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | датасы | номери | |
| 1 | "Су-4 Кара-Балта" ЖЧКсы | 1102201610102 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/88 | 18,3 |
| 2 | "Кыргызавтожол" МИ | 1104202210264 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/89 | 26,9 |
| 3 | "Кулуш-Ата" ЖЧКсы | 705201310162 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/90 | 9,6 |
| 4 | "Производственно-строительная организация ВИП" ЖЧКсы | 1602201610134 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/91 | 2,4 |
| 5 | "ДорСтрой Групп" ЖЧКсы | 1601201410085 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/92 | 1,8 |
| 6 | "ТАС и КО" ЖЧКсы | 2501201010038 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/93 | 0,8 |
| 7 | Жагалмай" ЖЧКсы | 1106200810181 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/94 | 3,9 |
| 8 | "ЖАК "Жолчу" | 1505199310026 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/95 | 8,5 |
| 9 | "Строительное управление №4" ЖАКы | 107199710094 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/96 | 8,2 |
| 10 | "ТранстройдорСервис" ЖЧКсы | 2405200710163 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/97 | 3,4 |
| 11 | "Дорстройсервис" ЖЧКсы | 1210201110091 | **12.08.2022 г.** | 19-04-01/98 | 4,2 |
| | **Бардыгы** | | | | **88,1** |

11 чарба жүргүзүүчү субъекттер алдында кредиттик карыз, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ведомстволук ишканалар тарабынан пайда болгон, негизинен, чарба жүргүзүүчү субъект болуп эсептелген жол-пайдалануу ишканалары.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 30.08.2022-жылдагы № 133-б буйругу менен, Кыргыз Республикасынын казыналык милдеттенмелерин эсепке алуу жана каттоо мамлекеттик китебинде катталган, 88,1 млн. сомго пайызсыз казыналык милдеттенмелер чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2008 г-жылдагы № 556 токтому менен бекитилген, " Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана тындыруу жөнүндө" Жободо мамлекеттик баалуу кагаздар мамлекеттик казыналык облигациялар (МКО) жана векселдер (МКВ) түрүндө берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **17.02.2023-жылдагы № 85** токтому менен жогоруда көрсөтүлгөн Жобого, мамлекеттик органдардын милдеттенмелерин жөнгө салуу үчүн чыгарылган, улуттук валюта номинирленген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары менен казыналык милдеттенмелерди таануу бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизилген.

**Корутунду**

2022-жылдын аягында бюджеттик каражаттардын жетиштүү эркин калдыктарынын болгонуна карабастан, казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен, 11 чарба жүргүзүүчү субъекттер алдындагы кредиттик карыз төлөнгөн, ал мамлекеттик ички карызды 88,1 млн. сомго көбөйтүүгө алып келген.

2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясы менен ички карызга карата, *“сунушталган мамлекеттик баалуу кагаздардын мөөнөттүү түзүмү, чыгымдарды азайтуудан улам аныкталат”* деп каралган.

**Сунуш**

2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясынын мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгарууда чыгымдарды азайтуу бөлүгү сакталсын.

**Аныкталды**

Айрым донорлор менен түзүлгөн кредиттик макулдашуунун финансылык шарттары менен, бир жолку жыйым, резервдөө жана кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөн калдыктарына комиссия түрүндө өзгөчө төлөмдөр каралган. Алсак, өзгөчө төлөмдөр төмөндөгү кредиторлор менен макулдашууларда каралган:

- Кытайдын Экспорттоо-Импорттоо банкы – кредиттин бардык суммасынан 0,18 % - 0,25 % бир жолку комиссия жана кредиттин өздөштүрүлбөгөн суммасына төлөм – 0,18 - 0,25 %;

- Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы – кредиттин бардык суммасынан 1 % бир жолку комиссия жана кредиттин өздөштүрүлбөгөн суммасына төлөм – 0,5 %;

- Евразийялык өнүктүрүү банкы – кредиттин бардык суммасынан 0,5 % бир жолку комиссия жана кредиттин өздөштүрүлбөгөн суммасына төлөм – 0,5 %;

- Банк КфВ (Германия) - кредиттин өздөштүрүлбөгөн суммасына төлөм – 0,25 %.

31.12.2022-жылга карата резервдөө (өздөштүрбөө) үчүн бир жолку комиссия жана пайыздар түрүндө төлөнгөн каражаттардын жалпы суммасы төмөндөгүлөрдү түзгөн: бир жолку комиссия – 5 671,3 миң АКШ доллары; 1 255,6 миң кытай юаны жана 790,0 миң евро, резервдөө (өздөштүрбөө) үчүн пайыздар - 13 678,34 миң АКШ доллары 541,3 миң кытай юаны жана 2 113,54 миң евро.

| № | Кредитор | 31.12.2022-жылга, миң сом | | Анын ичинен 2022-жылга, миң сом | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Бир жолку комиссия** | **резервдөө (өздөштүрбөө)** | **Бир жолку комиссия** | **резервдөө (өздөштүрбөө)** |
| 1 | Кытайдын Эксимбанкы, миң АКШ доллары | 4255,5 | 9934,88 | | 275,40 |
| | Миң кытай юаны | 1255,6 | 541,3 | | |
| 2 | ЕБРР, миң евро | 790,0 | 1665,43 | 113,0 | 293,49 |
| | Миң АКШ доллары | 190,8 | 341,75 | | 24,35 |
| 3 | ЕАБР, миң АКШ доллары | 1 100,0 | 3150,48 | | 57,52 |
| 4 | Германия банкы КфВ, миң евро | | 448,11 | | |
| 5 | АБИИ Миң АКШ доллары | 125,0 | 251,23 | | 111,44 |
| **Бардыгы** | **Миң АКШ доллары** | **5671,3** | **13678,34** | | **468,71** |
| | Миң кытай | **1255,6** | **541,3** | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | юаны | | | | |
| | **Миң евро** | **790,0** | **2113,54** | **113,0** | **293,49** |

2022-жылга макулдашуунун шарттарына ылайык, ***113,0 миң евро же 10 332,7 миң сом*** (КРУБда евронун курсу 31.12.2022-жылы - 91,44 сом) бир жолку комиссия төлөнгөн, резервдөө (өздөштүрбөө) – ***468,71 миң АКШ доллары же 40 159,1 миң сом*** (КРУБда доллардын курсу 31.12.2022-жылы - 85,68 сом), ***293,49 миң евро же 26 836,7 миң сом.***

Өнүккөн өлкөлөр тарабынан жардам катары G-20 өлкөлөрү жана башка донорлор тарабынан сунуш кылынган, (DSSI) карызды тейлөөнү токтотуу жөнүндө демилгесине Кыргызстандын катышуусу алкагында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 62 187,8 тыс миң АКШ доллары США (негизги сумма - 44 218,9 миң АКШ доллары жана пайыздар – 17 968,9 миң АКШ доллары) суммасындагы карызды төлөө мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө төмөндөгү кредиторлор менен макулдашуу түзүлгөн: 2021-жылы – Кытайдын Экспорттоо-импорттоо банкы, Банк КфВ (Германия),Түркиянын Өкмөтү” 2022-жылы - Натексис Банк (Франция), Гермес Кредитверзихерунгс-Актингезельшафт (Германия), Сауд өнүктүрүү фонду, Япон эл аралык кызматташуу агенттиги, Экспорттук-кредиттик Фонд ДАНИДА (Дания).

Карызды төлөө мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө үзүлгөн макулдашуулардын шарты боюнча, негизги сумма боюнча биринчи төлөмдөр жана пайыздар 2023-жылы каралган.

**Корутунду**

2022-жыл ичинде макулдашуулардын шарттарына ылайык, резервге коюу же өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн тышкы кредиторлорго (***468,71 миң АКШ доллары же 40 159,1 миң сом***, ***293,49 миң евро же 26 836,7 миң сом)*** бир жолку комиссиялык төлөм (***113,0 миң евро же 10 332,7 миң сом)*** жана пайыздар түрүндө төлөнгөн каражаттардын жалпы суммасы бюджеттен кошумча чыгашаларды шарттаган.

G-20 өлкөлөрү жана башка донорлор тарабынан өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө жардам катары Кыргызстандын карызды тейлөөнү (DSSI) токтотуп туруу боюнча демилгеге катышуусунун алкагында Финмин 62 187,8 миң АКШ долларына карыздын ордун жабууну токтотуп туруу жөнүндө макулдашуу түзгөн. Карызды кийинчерээк төлөө жөнүндө түзүлгөн макулдашуулардын финансылык шарттарына ылайык негизги сумманы жана пайыздарды алгачкы төлөө мөөнөтү 2023-жылга каралган, ушуга байланыштуу кийин төлөө үчүн кошумча пайыздар болжолу менен ***4 049,7 миң АКШ долларын же 346 978,3 миң сомду*** түзөт (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 31.12.2022-жылга карата АКШ долларынын курсун эске алганда - 85,68 сом).

**Сунуш/көрсөтмө**

Тышкы карызды тейлөө боюнча кошумча чыгашаларга жол бербөө максатында, карыздын ордун кийин жабуу боюнча макулдашууларды түзүүдө болжолдуу сарптоолор эсептелинсин жана өлчөмдөрү аныкталсын.

**Аныкталды**

ЭВФтин башкаруучулар кеңеши тарабынан 2021-жылдын 2-августунда мүчө мамлекеттердин валюталык резервдерин толуктоо жана алардын кымбатыраак баада ички же тышкы карыз алышуулардан көз карандылыгын кыскартуу үчүн 650 млрд. АКШ долларына эквиваленттүү (болжолу менен 456 млрд. АКУ) атайын карыз алышуу укугун (АКУ) жалпы бөлүштүрүү бекитилген. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2021-жылдын 23-августунда күчүнө кирген.

*Эскертүү: Атайын карыз алышуу укугу (АКУ) – ЭВФ тарабынан 1969-жылы мүчө өлкөлөрдүн башка резервдик активдерин толуктоо үчүн түзүлгөн жана АКШ доллары, япон йени, евро, фунт стерлинг жана кытай юанын камтыган эл аралык валюталар куржунуна* ***негизденген пайыздык эл аралык резервдик актив****.*

Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына Эл аралык валюта фонду жалпы бөлүштүрүүнүн натыйжасында жана пандемия шарттарында улуттук экономикаларды колдоонун алкагында ЭВФ өлкөлөрүнүн квоталарына пропорционалдуу (алардын фонддун капиталындагы үлүшүнө жараша) 170,0 млн. АКУ бөлүштүрүлгөн. Анын өлчөмү өлкөнүн ИДӨсү, төлөм теңдеминин көрсөткүчү жана эл аралык резервдер деңгээли эске алынган формулага жараша аныкталган.

Андан ары АКУ маалыматтары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан Минфинге алар ортосунда 13.05.2022-жылы түзүлгөн № 2022-Д-072/526-3-2 Макулдашуунун негизинде өткөрүлгөн, анын шарттарына ылайык, бөлүштүрүлгөн АКУ боюнча милдеттенмелер Финмин тарабынан мамлекеттик тышкы карыз катары эске алынат, ал эми аларды тейлөө боюнча чыгашалар республикалык бюджетте каралат.

Жогоруда аталган Макулдашуунун шарттарын эске алганда, Финмин бул карызды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жана мамлекеттик гарантияларын эсепке алуу китебинде каттоо менен (13.05.2022-жылдагы № 1-0234 каттоо эсеби) ЭВФ алдында 170,0 млн. АКУ өлчөмүндө тышкы карыз түрүндө эсепке алынган (негизги сумманы жана пайыздарды төлөө, сарптоолор жана жыйымдар, комиссиялык төлөмдөр ж.б. боюнча бардык милдеттенмелер менен кошо).

ЭВФтин атынан кредиторго негизги сумманы төлөө кийинки жылдан башталат, б.а. 01.08.2024-жылдан тартып 01.05.2027-жылга чейин. Пайыздар 01.08.2022-жылдан бери төлөнүүдө (ЭВФтин АКУ чени, төлөөлөрдүн саны – жыл ичинде 4 жолу), ал 01.05.2027-жылга чейин созулат.

31.12.2022-жылга карата абал боюнча Улуттук банк Финминге 113,8 млн. АКУ өткөрүп берген, алардын ичинен мурда түзүлгөн макулдашуулар боюнча ЭВФ алдында тышкы карыздын ордун жабууга 15,7 млн. АКУ пайдаланылган (негизги сумма – 14,3 млн. АКУ жана

пайыздар - 1,4 млн. АКУ, анын ичинде бөлүштүрүлгөн АКУ үчүн пайыздар – 267,2 миң АКУ).

Калган 98,1 млн. АКУ башка валюталарга конвертацияланып, жалпы **4 193,8 миң евро** суммасында (негизги сумма - 3 435,3 миң евро, пайыздар - 656,1 миң евро, башкалар - 102,4 миң евро) жана **121 312,6 миң АКШ доллары** (негизги сумма - 94 884,8 миң АКШ доллары, пайыздар - 26 167,1 миң АКШ доллары, башкалар - 260,7 миң АКШ доллары) башка кредиторлор алдында тышкы карыздын ордун жабууга да багытталган.

**Корутунду**

Мамлекеттик тышкы карыз боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинде бул мамлекеттик карыздын түзүмдүк бөлүгү экендиги каралган, ал ***белгилүү бир күнгө карата Кыргыз Республикасынын кредиторлору-резидент эместери алдында Кыргыз Республикасынын өздөштүрүлгөн жана орду жабылбаган мамлекеттик тышкы зайым же башка карыздык милдеттенмелеринин суммасын түшүндүрөт.***

Мындан тышкары, бул кодексте төмөнкүлөр каралган, так айтканда:

- Мамлекеттик тышкы зайым – ***аларды кредитор катары Кыргыз Республикасынын резидент эмеси, ал карыз алуучу катары Кыргыз Республикасынын атынан Министрлер Кабинети иш алып барган кредиттик макулдашуу же башка карыздык милдеттенмелер боюнча мамиле.***

- ***мамлекеттик тышкы карызды алуу жөнүндө чечим*** Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча кабыл алынат. ***Эл аралык макулдашуу болуп саналган, Кыргыз Республикасына зайымдарды берүү боюнча келишимдер Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" мыйзамына ылайык*** (62-берене) ***ратификациялanууга тийиш.***

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" мыйзамынын ***«Ратификациялануута тийиш болгон эл аралык келишимдер»*** деген 11-беренесинде ***<u>эл аралык келишимдерде алар каралган учурда милдеттүү түрдө ратификациялануута тийиш болгон шарттардын тизмеги</u>*** каралган. <u>Бул тизмеге Кыргыз Республикасына кредиттерди, гранттарды жана Кыргыз Республикасына башка финансылык жардамдарды ж.б. берүү боюнча шарттар кирет.</u>

Бирок, ***<u>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ички мамлекеттик жол-жоболордон өткөн, ЭВФтин кредитору жана Министрлер Кабинетинин карыз алуучусу ортосунда кредиттик макулдашууну түзүүсүз</u>*** Финмин тышкы карызда ЭВФ алдында 170,0 млн. АКУ карызды эске алган.

Эл аралык валюта фонду бардык өлкөлөргө тышкы карыз статистикасын түзүү үчүн негиз катары алар иштеп чыккан "Тышкы карыз статистикасы" колдонмосун пайдаланууну сунуштаган, анда резервдик активдер (тышкы активдер) жана ***акча-кредиттик жөнгө салуу органдарынын контролдугуна алынып тургандыгы*** жана кайсыл болбосун

учурда ошол органдар тарабынан төлөм теңдеминин тартыштыгын түз каржылоо, улуттук валюта курсуна таасирин тийгизүү максатында валюта рыноклорунда интервенцияларды жүргүзүү аркылуу ошол тартыштык өлчөмүнө кыйыр таасир тийгизүү ж.б. үчүн пайдаланылышы мүмкүндүгү каралган. ***Ошондой эле, аныктамага ылайык, резервдик активдер дүң тышкы карыздын калдыгына камтылбайт.***

*Эскертүү: тышкы активдер - алтын, **атайы карыз алышуу укугу**, ЭВФтеги резервдик позиция, чет өлкө валютасы, накталай валюта жана депозиттер, акча-кредиттик жөнгө салуу органдарынын банктарда - баалуу кагаздар, акциялар, облигациялар жана ноталар, акча рыногунун инструменттери, туунду финансылык инструменттер ж.б.*

Мындан тышкары, жогоруда аталган колдонмодо, кредиттерде жана зайымдарда ***макулдашуу аркылуу кредитор (ссуда берүүчү) дебиторго (карыз алуучу) кредитке каражаттарды түздөн-түз берүү аркылуу түзүлгөн*** финансылык активдерди камтыйт. Карыздык милдеттенмелер тышкы карыз болушу үчүн алар резиденттин резидент эмес алдында милдеттенмелери болушу зарыл.

Ошентип, ушул аудитте республиканын тышкы карызы алынган АКУ суммасына туура эмес түзүлгөндүгү, алынган активдер жана демек тышкы милдеттенмелерди түзүү боюнча мамлекеттик ички жол-жоболордун жоктугу (ратификациялоо) жөнүндө белгиленет.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын тышкы карызды тартуу жана өлкөнүн тышкы карызын түзүү жагында мыйзам талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

Башкармалыктын финансылык отчетунда мамлекеттик карыз катары 01.01.1992-жылга карата абал боюнча бардык калдыктарды индексациялоо аркылуу жарандардын акчалай аманаттарын калыбына келтирүү каралган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандарынын топтолгон каражаттарын калыбына келтирүү жана коргоо жөнүндө” мыйзамына ылайык түзүлгөн (01.01.1992-жылдан кийинки аманаттар индексацияланбайт) 664,0 млн. сом суммасына башка кредиттик карыз дале катталууда (“Кредиттик карыз боюнча маалымат” деген 1-формасына карата 6-тиркеме жана *«Башка милдеттенмелер» деген 12-тиркеме)*. Бул сумма СССРдин Сбербанк мекемесине (Кыргызэлбанк) Кыргыз Республикасынын аймагында жайгаштырылган аманаттарды индексациялоо боюнча калдык болуп саналат.

Мындан тышкары, 2009-жылдан бери 92,4 млн. сомго дебитордук карыз катталып келет (*«Башка дебитордук карыз»* деген 1-формага карата 9-тиркеме), ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.11.2003-жылдагы № 740 «Банкрот болгон «АКБ Инсан», «АКБ Меркюри» жана «АКБ Курулуш-Банк» коммерциялык банктардын аманатчыларынын акча каражаттарын компенсациялоо жөнүндө, 16.07.2005-жылдагы № 297 «Камкор» камсыздандыруу компаниясы” ЖАКтын камсыздандырылуучуларына социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө” жана 23.01.2008-жылдын № 23 «

Рентон Групп» ЖЧКсынын баалуу кагаз ээлерине социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө токтомдорун аткаруунун алкагында түзүлгөн. Финмин тарабынан үч банкрот болгон коммерциялык банктардын аманатчылары, кредиторлор, камсыздандыруучулар жана «Рентон Групп» ЖЧКсынын баалуу кагаз ээлери менен талап кылуу укугун өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуу түзүлгөн, аларга республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөөлөр ишке ашырылган.

**Корутунду**

Мамлекеттик карыз башкармалыгы 92,4 млн. сомго дебитордук карыздын жана 664,0 млн. сомго кредиттик карыздын суммаларын тиешелүү тастыктоочу документтер менен ырастаган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн акт түзүү менен кредиттик жана дебитордук карыздарга инвентаризация жүргүзүлсүн.

***2022-жыл үчүн республикалык бюджеттин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун (мындан ары – Фонд) ишине тиешелүү бөлүгүнүн аткарылышы***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө” мыйзамына ылайык, берилген кредиттер боюнча карыздын ордун жабуу боюнча болжолдуу суммалар 5 146,1 млн. сом өлчөмүндө каралган, киргизилген өзгөртүүлөр менен ордун жабуу суммасын көбөйтүү менен 4 433,2 млн. сом (86,2 %) чегинде такталып, 9 579,3 млн. сомду түзгөн. Иш жүзүндө карыздын ордун жабуу же бекитилген бюджеттен 4 989,5 млн. сомго артуу менен 10 135,6 млн. сомду түзгөн.

| Карыздын ордун жабуу | Бекитилген, млн. сом | Такталган, млн. сом | Четтөө (+,-) | Иш жүзүндө аткарылган, млн. сом | Четтөө (+,-) |
|---|---|---|---|---|---|
| Негизги сумма | 3502,6 | 7923,6 | 4421,0 | 8356,1 | 432,5 |
| Пайыздар | 1643,2 | 1643,2 | 0,0 | 1763,9 | 120,7 |
| Айып пулдар | 0,3 | 12,5 | 12,2 | 15,6 | 3,1 |
| бардыгы: | 5146,1 | 9579,3 | 4433,2 | 10135,6 | 556,3 |

Графикте бюджеттик кредиттерди кайтаруу суммасы («АСУБК» программалык камсыздоо малыматы боюнча) 6 764,7 млн. сом чегинде белгиленген, 2022-жылга Мыйзамда болжолдуу көрсөткүчтөр 1 618,6 млн. сомго аз белгиленген (6764,7 – 5146,1). Иш жүзүндө түшкөн каражаттар боюнча программалык карыз боюнча болжолдоолор 149,8 пайызга аткарылган (10 135,6/6764,7) жана мында болжолдуу түшүүлөргө мөөнөтү өткөн карыз суммалары кирген эмес, ал 01.01.2022-жылга карата - 4 911,9

млн. сомду түзгөн (31.12.2022-жылга - 5046,8 млн. сом же жыл башынан жогорулоо 134,9 млн. сомду түзгөн).

Мындан тышкары, 2022-жылга Мыйзамда 2021-жылга салыштырмалуу такталган көрсөткүчтөр 1 581,0 млн. сомго төмөн белгиленген (2021-жыл – 11 160,3 млн. сом).

Болжолдоону төмөндөтүү Фонддун ишинин көрсөткүчүнүн маанисин 196,9 пайызга чейин жакшыруусун шарттаган (10135,6/5146,1), бул маанилердин жана төмөнкү булактар боюнча ашкере аткарылышына алып келген:

- болжолдуу: негизги карыздын 4 853,5 млн. сомго (8 356,1-3 502,6), пайыздардын - 120,7 млн. сомго (1 763,9-1 643,2), айып пулдардын - 15,3 млн. сомго (15,6-0,3);
- такталган: негизги карыздын 432,5 млн. сомго (8356,1-7923,6), пайыздардын - 120,7 млн. сомго (1763,9-1643,2), айып пулдардын - 3,1 млн. сомго (15,6-12,5).

**Корутунду**

Бюджет жөнүндө мыйзамда 2022-жылга 5 146,1 млн. сом өлчөмүндө берилген кредиттер боюнча карыздын ордун жабуу болжолдоолору каралган жана болжолдуу түшүүлөргө 01.01.2022-жылга карата 4 911,9 млн. сомду түзгөн мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз каралган эмес. Киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык ордун жабуу суммасы 4 433,2 млн. сомго (86,2 %) көбөйтүү менен такталган, мында карыздын ордун иш жүзүндө жабуу 10 135,6 млн. сомду же бекитилген бюджеттен 4 989,5 млн. сомго жогору сумманы түзгөн.

Графикте белгиленген 6 764,7 млн. сомго бюджеттик кредиттерди кайтаруу суммасы («АСУБК» программалык камсыздоо малыматы боюнча) 2022-жылга Мыйзамда болжолдуу көрсөткүчтөр 1 618,6 млн. сомго аз белгиленген (6764,7 – 5146,1). Жогоруда белгиленгендер орду жабылууга тийиш болгон карызды айкын эмес болжолдоону чагылдырууда.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги***

Орто мөөнөттүү мезгилге бюджет долбоорун даярдоодо орду жабылууга тийиш болгон карызды айкын болжолдоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

Берилген кредиттер боюнча мөөнөтү өткөн карыздардын суммасы 01.01.2022-жылга карата 4 911,8 млн. сомду түзгөн, 2022-жыл ичинде карыз 2,7 % (134,9 млн. сом) көбөйгөн жана 31.12.2022-жылга - 5 046,8 млн. сомду түзгөн.

Мөөнөтү өткөн карыздын жалпы көлөмүндө абдан чоң үлүштү төмөндөгү кредиттер ээлейт: 65,3 % - 2000-жылга чейин берилген, 3 297,6 млн. сом мөөнөтү өткөн карыз менен; 34,7 % - 2000-жылдан кийин берилген – 1 749,2 млн. сом мөөнөтү өткөн карыз менен.

2000-жыл берилген мөөнөтү өткөн карыз менен кредиттерге карата («Зооветснаб», «Кыргызсельхозхимия», Депводхоз, Өнөр жай министрлиги, Курулуш министрлиги, Айыл чарба министрлиги ж.б.у.с. тутумунун

ишканалары), Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы суроо-талапка ээ эмес же кредиттөө жана күрөөлүк камсыздоонну так механизми жок туруп, пайдаланууга жарасыз ветеринардык препараттар жана минералдык жер семирткичтер түрүндө кредиттер берилгендигин бир нече жолу белгилеген.

Ошондой эле, кредиттердин бир бөлүгү чет элдик валютада берилгендиктен, карыз алуучулар төрт эсе көбөйтүү менен курстук айырманы төлөшөт (1997-жылы АКШ долларынын курсу - 16,9 сом, 2020-жылы - 69,51 сом жана 31.12.2022-жылы - 85,68 сом).

Агро өнөр жай комплексинин субъекттеринде 2000-жылга чейин берилген кредиттер боюнча түзүлгөн 1 743,4 млн. сом мөөнөтү өткөн карыздар бар, анын ичинен: АСЧМ жана ПП - 710,2 млн. сом, Суу чарба департаменти - 330,8 млн. сом, "Ош-Кыргызагрохимия" АКсы - 103,5 млн. сом, «Лизинговая компания Кыргызайылтехсервис» АКсы - 94,1 млн. сом, «Машиноиспытательная станция» ААКсы - 90,0 млн. сом жана Зооветжабдуу (Жалал-Абад Зооветжабдуу) - 16,3 млн. сом ж.б.

Энергетикалык тармак боюнча мөөнөтү өткөн карызга жол берилген (77,1 млн. сом), машина куруу (63,3 млн. сом), саламаттыкты сактоо (57,1 млн. сом), суу чарбасы (31,7 млн. сом), транспорт жана байланыш (26,6 млн. сом), муниципалдык органдар (15,0 млн. сом),тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы (13,3 млн. сом) ж.б.

Ушундай эле, транспорт жана байланыш тармагында мөөнөтү өткөн карыз боюнча көйгөйлөр бар: Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде – 520,0 млн. сом, «Кыргызтелеком» ААКсында - 254,9 млн. сом, «Ош ПАТП-1» ААКсында - 175,1 млн. сом, Транс-Союз-Азия ААКсында - 105,8 млн. сом.

Абдан көйгөйлүү объекттер болуп төмөндөгүлөр эсептелет: «Манас айылы» жана «Ашар», «Ашар» алдындагы ассоциациянын ишкер долбоорлору, Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин жана Тышкы соода жана өнөр жай министрлигинин (мурунку) субъекттери, «Транс-Союз-Азия», «Ош-Кыргызагрохимия» ААКсы, «Ош ПАТП-1» ААКсы, «Автомобилист», Транспорт жана суу чарба министрлиги, Суу чарба департаменти, Ысык-Көл областындагы Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (мурда Ысык-Көл облгосадминистрациясы) ж.б.

**Корутунду**

Бюджеттик кредиттердин мөөнөтү өткөн карыздарынын абдан чоң үлүшү 1992-жылдан 2000-жылга чейин берилген кредиттерге туура келет, алар көптөн бери төлөнгөн эмес жана керектүү чараларды көрүүнү талап кылат.

Мамлекеттик органдардын мөөнөтү өткөн карыздары республикалык бюдежттин потенциалдуу жоготуусу болуп эсептелет жана төлөбөө себеби болуп төмөндөгүлөр эсептелет: төлөө булагынын жана карыз боюнча укук мураскерлеринин жоктугу, карызды өндүрүү боюнча сот актыларынын болушу, карызды өндүрүү боюнча доо арызынын мөөнөтүнүн өтүшү, карызды таанууну салыштырма актыларынын жоктугу, ошондой эле

бюджетти кредиттерди өндүрүү бөлүгүндө республикалык бюдежттин пайдасына эмес сот актыларын чыгаруу.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

Алардын болушу жана негиздүүлүгү предмети боюнча кайтарымсыз карыздардын категориясынын акыркы статусу жөнүндө маселени карсын.

**Фондго**

1. Мөөнөтү өткөн карыздарды реструктуризациялоо боюнча чараларды көрүү менен, төлөөгө жөндөмсүз тобу боюнча бөлүү аркылуу мөөнөтү өткөн карыздын өсүшүнө дайыма талдоо жүргүзсүн.
2. Мөөнөтү өткөн карыздарды мажбурлап өндүрүү жөнүндө сот органдарына доо арызды даярдоо жөнүндө ишти дайыма жүргүзсүн.

**Аныкталды**

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.03.2022-жылдагы № 135-р (КПҮ) буйругу менен, республикалык бюджеттин эсебинен нефти продуктуларын жабдуучууларга республикалык бюджеттен 2,0 млрд. сом берилген, анын ичинен: «Альфа Ойл» ЖЧКсы - 1,0 млрд. сом, «Партнер Нефть» ЖЧКсы - 1,0 млрд. сом.

«Альфа Ойл» жана «Партнер Нефть» ЖЧКлары менен, 2022-жылдын 12-апрелинде төмөндөгүдөй шарттар менен кредиттик келишимдер түзүлгөн: Кыргыз Республикасына нефти продуктыларын жеткирүү, кайтаруу мөөнөтү - каражаттар чегерилген учурдан тартып эки ай, бюджеттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн пайыздык коюм – жылдык 0,1 %, мөөөнтү өткөн карыз суммасына эсептелген финансылык санкциялар - жылдык 6 %.

Кошумча макулдашуулар (төлөө графиги - 18.05.2022-жылдан 18.06.2022-жылга чейин) кредиттик келишимдеримдин шарттарын сактабстан, де факты жүзүндө каражаттар чегерилген күндөн кийин 40 күндөн соң, компаниялар менен кол коюлган.

Аудиттин жүрүшүндө керектүү маалыматтарды алууда кыйынчылыктар жаралды, анткени, «Альфа Ойл» жана «Партнер Нефть» ЖЧКлары бюджетке каражаттарды эсепке алууну жеке каражаттары менен бирге жүргүзүшкөн.

«Партнер Нефть» ЖЧКсы бюджеттик кредитти 18.05.2022-жылдан 17.06.2022-жылга чейин негизги сумма - 1,0 млрд. сом жана пайыздар - 167,1 миң сом түрүндө төлөгөн. «Альфа Ойл» ЖЧКсы бюджеттик кредитти төлөөнү 20.06.2022-жылы баштап 17.08.2022-жылы аяктаган (көптөгөн транштар 2,3 млн. сомдон 145,0 млн. сомго чейин). Буга байланыштуу, кредиттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн аларга эсептелген пайыздар - 261,5 миң сомду жана пайыздар – 5 662,0 миң сомду түзгөн.

12.04.2022-жылдагы № 19-04-01/49 келишимдердин шарттарына ылайык, төмөндөгүлөргө бюджеттик кредиттер каралган:

- «Партнер Нефть» ЖЧКсы кепилдик менен (12.04.2022-жылдагы № 19-04-01/51кепилдик келишими), ал жерде карыз алуучу - «Партнер Нефть»

ЖЧКсы, кепилдик берүүчү - «Газпромнефть-Азия Операционная компания» ЖЧКсы кредитор – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги;

- «Альфа Ойл» ЖЧКсы күрөөлүк камсыздоо менен 24.05.2022-жылдагы № 11-000-000-00/76 күрөө жөнүндө келишим, ал жерде карыз алуучунун милдеттенмелерин аткарууга жалпы 3 342,2 млн. сом суммасында жүгүртүүдөгү товарлар күрөөгө берилген (КММ, суюлтулган углеводород газы, дизель отуну ж.б.)

«Альфа Ойл» жана «Партнер Нефть» ЖЧКлары берген, бюджеттик кредиттерди (1,0 млрд. сом) максаттуу пайдалануу жөнүндө отчетторго ылайык, төмөндөгүлөр аныкталган:

«Партнер Нефть» ЖЧКсы кредиттин бүтүндөй 1,0 млрд. сом суммасына «Газпромнефть-Азия Операционная компания» ЖЧКсынан орточо наркы 59,8 сом/литр менен 16 900 000 литр дизель отунун сатып алган. Мониторинг республика боюнча дизель отунунун орточо баасы (кредитти алуу күнүндө) литри үчүн 62,9 сомдон 70,5 сомго чейин болгон. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 13,1 сомдон (62,9-59,8) литри 10,7 сомго (70,5-59,8) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 52,4 млн. сомдон 180,8 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

«Альфа Ойл» ЖЧКсы тарабынан 1 054 348,5 миң сомго 16381 тонна КММ сатылып алынган (анын ичинен карыз алуучунун эсебинен – 54 348,5 миң сом). Каражаттар 20 КММ жабдуучулар тарабынан чегерилген, анын ичинен, «МакроИнвест» ЖЧКсы (96,6 млн. сом), КУА «ЖНПЗ» ЖЧКсы (20,7 млн. сом), «Сатра Интернейшнл Холдинг» ЖЧКсы (19,6 млн. сом), «Легал - Транс» ЖЧКсы (16,2 млн. сом). Мындан сырткары, чегерүүлөр мурунку түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлгөн (бюджеттик кредитти алганга чейин), «Белхимпродукт» ЖЧКсынан (18.04.2022-жылдагы келишим) жана «Топливный Ресурс» ЖЧКсынан (19.04.2022-жылдагы келишим) сырткары.

Алсак, «Альфа Ойл» ЖЧКсы төмөндөгүлөдү сатып алган:

- орточо наркы 55,83 сом/литр менен дизель отунун. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 7,07 сомдон (62,9-55,83) литри 14,67 сомго (70,5-55,83) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 103,2 млн. сомдон 214,1 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

- суюлтулган газдын орточо наркы литри 18,44 сом. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча суюлтулган газдын орточо чекене баасы 33,9 сом/литрден 35,5 сом/литрге чейин болгон, кредит мөөнөтүнүн аягында суюлтулган газдын наркы литри 4,8 сомдон литри 5,5 сомго чейин азайган, сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 9,96 сомдон (28,4-18,44) литри 17,04 сомго (35,5-18,44) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 25,9 млн. сомдон 744,3 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон;

- АИ-95 бензинин орточо наркы 42,45 сом/литр. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча бензиндин орточо чекене баасы 62,9 сом/литрден 69,7 сом/литрге чейин болгон, кредит мөөнөтүнүн аягында бензиндин наркы 3,0 сом/литрден 3,4 сом/литрге чейин азайган. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 17,35 сомдон (59,8-42,45) литри 27,25 сомго (69,7-42,45) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 78,2 млн. сомдон 122,9 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон;

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, 1,0 млрд. сом бюджеттик кредитти алуу, орточо кирешени көбөйтүүгө жардам берген десек болот: «Партнер Нефть» ЖЧКСы <u>52,4 млн. сомдон 180,8 млн. сомго чейин, «Альфа Ойл» ЖЧКсы 207,3 млн. сомдон 381,3 млн. сомго чейин.</u>

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.07.2022-жылдагы № 373-р (КПҮ) буйругунун негизинде, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен республикалык бюджеттин эсебинен «Альфа Ойл» ЖЧКсына - 650,0 млн. сом жана «Партнер Нефть» ЖЧКсына - 650,0 млн. сом каражаттар берилген.

650,0 млн. сом бюджеттик кредиттерди берүү боюнча жогоруда көрсөтүлгөн буйрукта, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет менен макулдашуу боюнча шарт жок, 1,0 млрд. сом кредитти берүүдө ал мурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.03.2022 -жылдагы № 135-р буйругунда каралганына карабастан.

Ошондой эле, «Альфа Ойл» ЖЧКсы алган 650,0 млн. сом кредитке боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.07.2022-жылдагы № 373-р (КПҮ) буйругун чыгарууда «Альфа Ойл» ЖЧКсынын мурунку кредити боюнча карызы 53 141,7 миң сомду түзгөндүгү белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен кредиттик келишимдер түзүлгөн: «Партнер Нефть» ЖЧКсы 07.07.2022-жылдагы № 19-04-01/77 жана «Альфа Ойл» ЖЧКсы 07.10.2022-жылдагы № 19-04-01/103. Бюджеттик кредиттер 1,0 млрд. сом бюджеттик кредиттерди берүү сыяктуу шарттар менен түзүлгөн, пайыздык коюму – жылдык 6 % жана мөөнөтү өткөн карызга эсептелген айып пул санкциялары - 12 %дан сырткары.

<u>Факты жүзүндө каржаттар чгерилгенден кийин 34 күн аяктаганда төлөө графиги менен кошумча макулдашууга «Альфа Ойл» ЖЧКсы менен кол коюлган.</u>

“Альфа Ойл» жана «Партнер Нефть» ЖЧКлары берген, 650,0 млн. сом боюнча бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жөнүндө очтетторго ылайык, төмөндөгүлөр аныкталган:

«Партнер Нефть» ЖЧКсы бюджеттик кредиттин эсебинен төмөндөгүлөрдү сатып алган:

- орточо наркы 55,15 сом/литр менен, 8,0 мин тонна дизель отунун. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча дизель отунунун орточо чекене баасы 66,3 сом/литрден 70,5 сом/литрге чейин болгон, буга

карабастан, бир кыйла жүгүртүүдөгү каражаттар салынган, кредит мөөнөтүнүн аягында дизель отунунун наркы 7,6 сом/литрден 10,0 сом/литрге чейин өскөн. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 10,95 сомдон (66,1-55,15) литри 25,35 сомго (80,5 – 55,15) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 101,6 млн. сомдон 235,2 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

- 2,3 миң тонна АИ-95 бензининин орточо наркы 43,24 сом/литр. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча бензиндин орточо чекене баасы 63,9 сом/литрден 70,5 сом/литрге чейин болгон, буга карабастан, бир кыйла жүгүртүүдөгү каражаттар салынган, кредит мөөнөтүнүн аягында бензиндин наркы 70,5 сом/литрден 2,5 сом/литрге чейин өскөн. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 20,66 сомдон (63,9-43,24) литри 27,66 сомго (70,9 – 43,24) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 55,1 млн. сомдон 115,4 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

«Альфа Ойл» ЖЧКсы тарабынан 5 жабдуучудан 119,9 миң сомго 10 461 тонна КММ сатылып алынган (анын ичинен, карыз алуучунун эсебинен - 19 119,9 миң сом), анын ичинен жергиликтүүдөн (Кыргыз Республикасынын резиденттери болуп эсептелген) алар: «Топливный Альянс» ЖЧКсы (182,2 млн. сом), «Петротоп» ЖЧКсы (16,0 млн. сом), «Транс Энерго Сервис» ЖЧКсы (23,3 млн. сом). Төмөндөгүлөр сатылып алынган:

- АИ-95 бензинин орточо наркы 42,46 сом/литр. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча бензиндин орточо чекене баасы 58,9 сом/литрден 65,9 сом/литрге чейин болгон, кредит мөөнөтүнүн аягында бензиндин наркы 1,0 сом/литрден 2,8 сом/литрге чейин азайган. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 15,44 сомдон (57,9-42,46) литри 23,24 сомго (65,7-42,46) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 150,2 млн. сомдон 226,0 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон;
- суюлтулган газдын орточо наркы литри 21,5 сом. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча суюлтулган газдын орточо чекене баасы 28,1 сом/литрден 31,5 сом/литрге чейин болгон, кредит мөөнөтүнүн аягында суюлтулган газдын наркы литри 1,0 сомдон литри 1,6 сомго чейин азайган, сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 5,5 сомдон (26,9-21,50) литри 10,0 сомго (31,5-21,5) чейин түзгөн, же бюджеттик каражаттардын эсебинен 4,1 млн. сомдон 7,4 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон;
- 63,17 сом/литр менен дизель отуну. Башында кредитти алуу учурунда республика боюнча дизель отунунун орточо чекене баасы 74,5 сом/литрден 78,5 сом/литрге чейин болгон, кредит мөөнөтүнүн аягында дизель отунунун наркы 0,1 сом/литрден 1,7 сом/литрге чейин азайган. Сатуу жана сатып алуу ортосундагы маржа орточо литри 10,73 сомдон (73,9-63,17) литри 15,33 сомго (78,5-63,17) чейин түзгөн,

же бюджеттик каражаттардын эсебинен 40,8 млн. сомдон 58,3 млн. сомго чейин кирешелерди алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

Ошентип, ар бир нефтетрейдер тарабынан 1 650,0 млн. сомго 2ден бюджеттик кредиттерди алуу, кирешелерди көбөйтүүгө өбөлгө болгон: «Партнер Нефть» ЖЧКсы - 209,1 млн. сомдон 531,4 млн. сомго чейин, «Альфа Ойл» ЖЧКсы 402,4 млн. сомдон 673,0 млн. сомго чейин.

***Нефтетрейдерлер тарабынан 2 бюджеттик кредиттерди төлөө***

| Аталышы | Кредитти төлөө - 1,0 млрд. сом | | Кредитти төлөө - 650,0 млн. сом | |
|---|---|---|---|---|
| | "Партнер Нефть" ЖЧКсы | "Альфа Ойл" ЖЧКсы | "Партнер Нефть" ЖЧКсы | "Альфа Ойл" ЖЧКсы |
| Негизги сумма, миң сом | 1000000,0 | 1000000,0 | 650000,0 | 650000,0 |
| Пайыздар, миң сом | 167,1 | 261,5 | 8144,7 | 5953,1 |
| Айып пулдар, миң сом | | 5662,0 | 3055,1 | |
| **Бардыгы** | **1000167,1** | **1005923,5** | **661199,8** | **655953,1** |

***Бюджеттик каражаттарды алган күнгө карата нефтетрейдерлердин финансылык абалы***

| Беренелер | Кредитти алуу күнүндөгү ОСВ маалыматтары - 1,0 млрд. сом | | Кредитти алуу күнүндөгү ОСВ маалыматтары - 650,0 млн. сом | |
|---|---|---|---|---|
| | "Партнер Нефть" ЖЧКсы | "Альфа Ойл" ЖЧКсы | "Партнер Нефть" ЖЧКсы | "Альфа Ойл" ЖЧКсы |
| **Активдер, миң сом** | | | | |
| Акча каражаттары | 568141,3 | 979313,5 | 891674,8 | 1387954,9 |
| Алууга карата эсептер | 412980,3 | | 885822,3 | |
| Дебитордук карыз | 66289,5 | 234118,8 | 86429,7 | 343285,6 |
| ТМБ | 1399248,0 | 3846963,2 | 1692649,6 | 3196711,1 |
| Берилген авансалар | 747314,9 | 3869314,6 | 1205853,0 | 1746509,1 |
| Кредиттер, берилген зайымдар | | 917566,8 | | 904947,1 |
| **Бардыгы** | **3193974,0** | **9847276,9** | **4762429,4** | **7579407,8** |
| **Милдеттенмелер, миң сом** | | | | |
| Товарды төлөө эсептери | 1284632,8 | | 1640757,1 | |
| Алынган авансалар | 507987,6 | | 1074821,8 | |
| Банк зайымдары | 1060304,4 | | 1088411,7 | |
| Башка кредиттер | 956482,7 | | 1261061,9 | |
| Кыска мөнөттүү милдеттенмелер | | 9449988,4 | | 6380498,1 |
| Узак мөнөттүү милдеттенмелер | | 1484855,0 | | 1611088,5 |
| **Бардыгы** | **3809407,5** | **10934843,4** | **5065052,5** | **7991586,6** |

## Корутунду

Аудит тарабынан кредиттер түрүндө бюджеттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн пайыздык коюмдарды белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин негизсиз мамилеси жөнүндө

белгилейт. Алсак, «Партнер Нефть» жана «Альфа Ойл» ЖЧКлары менен кредиттик келишимдерде пайыздык коюмдар жылдык 0,1 %, ал эми 2022-жылдын экинчи жарымында – 6 % белгиленген.

Ошону менен бирге, 18.04.2022-жылдан 18.06.2022-жылга чейин ефтетрейдерлерге бюджеттик кредиттерди берүү мезгилинде, КРУБдун эсептик коюму жылдык 14 %ды, 12.07.2022-жылдан 12.09.2022-жылага чейин - 13 %ды түзгөн.

КРУБдун пайыздык коюмдары менен бюджеттик кредиттерди берүүдө, пайыз түрүндө республикалык бюджеттин кирешеси төмөндөгүлөрдү түзмөк: «Партнер Нефть» ЖЧКсы - 37,4 млн. сом (8,3 млн. сом алынган) жана «Альфа Ойл» ЖЧКсы - 37,4 млн. сом (6,2 млн. сом алынган).

Белгиленбеген максаттарга бир кыйла көлөмдөгү кредиттерди берүү, нефтепродуктыларын Кыргыз Республикасына жеткирүүдөн сырткары, бизнес долбоорлордун, белгиленген же азайтылган баа менен нефтепродуктыларын жеткирүү түрүндө максаттуу багыттар жок туруп, ЖЧКнын финансылык абалынын бирдей эместиги менен, жеке түзүмдөргө бюджеттик каражаттарды салуунун жогорку тобокелдиги пайда болгон.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Республикалык бюджеттин максималдуу экономикалык пайда алуу принциптерин колдонуу менен, жеке түзүмдөргө бюджеттик кредиттерди берсин.

**Аныкталды**

Иш жүзүндө алынган зайымдардан карыздын кыйла бөлүгүн 151 801,7 млн.сом суммасында энергетикалык комплекс (жалпы калдыктын 89%) ээлейт, мында "Кыргызстан УЭТ" ААКнын жана "Электр станциялары" ААКнын эки компаниясынын карыздары басымдуулук кылат. Алсак, бул компаниялардын 2022-жылдын 31-декабрына карата карызы 144 909,8 млн. сомду түзгөн, алардын ичинен: "Кыргызстан УЭТ" ААК - 72 065,1 млн. сом же 47,5% (негизги сумма - 66 441,5 млн. сом, пайыздар-5 510,2 млн. сом жана айып пулдар – 113,4 млн.сом) жана "Электр станциялары" ААК – 72 844,6 млн. сом же 48 % (негизги сумма - 69 109,6 млн. сом, пайыздар - 3 607,9 млн. сом жана айып пулдар - 127,1 млн. сом).

Ошону менен бирге, аудит мезгилинде мурда алынган кредиттерди төлөбөй коюу жана финансылык туруктуулукту толук кандуу жана сапаттуу талдоо тобокелдиги бар учурда, республикалык бюджеттен "Электр станциялары" ААКна жалпы суммасы **10 555,6 млн.сом** бюджеттик кредиттер берилген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы №352-т (КПҮ) тескемесинин негизинде, электр энергиясын импорттоого жана отун сатып алууга кеткен чыгымдарды жабууга "Электр станциялары" ААК тарабынан **3,0 млрд.сом** суммасында бюджеттик кредит берилген жана 2022-жылдын 11-январында №19-04-01 /1 насыя келишими түзүлгөн (төлөө мөөнөтү - 11 жыл, жеңилдетилген мезгил - 3 жыл, төлөө 2025 - жылдын 31-январынан тартып 2032 – жылдын

31-январына  чейин, пайыздар-1 %, мөөнөтү өткөндүгү үчүн айыптар (туумдар) - 2 %).

Келишимдин шарттарына ылайык, бюджеттик кредит максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат жана 2022 – жылдын биринчи кварталынын ичинде транштар менен берилет (2022 – жылдын 11 – январына чейин-1 196,0 млн.сом, 10-февралга чейин-1 150,0 млн. сом, 10-мартка чейин-654,0 млн. сом), акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин ар бир транш үчүн кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, төлөө графиги менен кошумча макулдашуу түзүлөт.

Төлөм тапшырмалары менен иш жүзүндө төмөнкү каражаттар которулган: 2022 – жылдын 11-январында №1 – 1 196,0 млн.сом, 2022 – жылдын 14-февралында №9 - 1 150,0 млн. сом, 2022-жылдын  11-мартында №8 - 654,0 млн. сом.

Төлөө графиги менен ар бир транш боюнча кошумча макулдашууларды түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдин шарттары сакталган эмес, анткени, төлөө графиги менен кошумча макулдашуу, бюджеттик кредит 3,0 млрд.сом өлчөмүндө бардык суммасына жана аудиттин жүрүшүндө гана түзүлгөн, б. а. 09.08.2023-жылдын 9-августунда №34.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесине ылайык, Бюджеттик кредиттер зайымчыга келишимде каралган кредитти жана пайыздарды кайтарып берүү боюнча, мурда берилген кредиттер боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздар болбогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бюджетке салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча өз милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылган шартта берилет.

Ошону менен бирге, кредиттик келишим түзүлгөн күнгө карата (11.01.2022-ж.) "Электр станциялары" ААКнын мурда берилген кредитер боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карызы 12,2 млн. сомду түзгөн.

Ушул мезгилге чейин банктын жана зайымчынын катышуусу менен бюджеттик кредиттер боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын суммасын зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө үч тараптуу келишимге кол коюлган эмес.

Кыргыз Республикасынын Министрлер **Кабинетинин 2022-жылдын 28-июнундагы №357-т** КПҮ тескемесинин негизинде 2022/2023-жылдын күз-кыш мезгилинде республиканын керектөөчүлөрүн электр энергиясы менен үзгүлтүксүз жабдууну даярдоо жана камсыз кылуу үчүн "Электр станциялары" ААКна **6,0 млрд. сомго** 2-бюджеттик кредит берилген.

Каражаттар республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн эсебинен, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасынын 1 272,8 млн.сомго кошумча түшүүлөрүнүн жана "Кыргыз Республикасынын 2022- жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамда каралган чыгашаларды кайра бөлүштүрүүнүн натыйжасында берилген, анын ичинде беренелер боюнча: 2829 "Топтолгон финансылык резервдер" - 4 477,2 млн. сом; 2821 "Башка классификацияланбаган

чыгашалар" - 250,0 млн. сом (КР Жогорку Кенешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети менен 2022-жылдын 30-июнундагы № 24, КПҮ макулдашуу).

Финансы министрлиги тарабынан "Электр станциялары" ААК менен 6,0 млрд. долларга 2022-жылдын 13-июлундагы №19-04-01/82 насыя келишими түзүлгөн (кредитти төлөө мөөнөтү 15 жыл, 10 жыл жеңилдетилген мезгил менен, негизги карыз боюнча карыздарды 2032-жылдын 30-июнунан тартып 2037-жылдын 30-июнуна чейин төлөө, пайыздар- которулган күндөн тартып иш жүзүндө которулган акча каражаттарынын суммасына чегерилген жылдык 0,75%, мөөнөтү өткөндүгү үчүн айыптар (туумдар) – 6%), анын шарттарында, бюджеттик кредит максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат жана транштар менен берилет (2022-жылдын июлунан ноябрына чейин), акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин ар бир транш үчүн кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, төлөө графиги менен кошумча макулдашуу түзүлөт.

Ошол сыяктуу эле, ар бир транш боюнча төлөө графиги менен кошумча келишимдерди түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдин шарттары сакталган эмес. ***Төлөө графиги менен кошумча макулдашуу кредиттик келишимдин 6,0 млрд.сом өлчөмүндө бардык суммасына жана аудиттин жүрүшүндө гана түзүлгөн, б. а. 09.08.2023-жылдын 9-августунда № 35.***

Ушул мезгилге чейин банктын жана зайымчынын катышуусу менен зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө үч тараптуу келишимге кол коюлган эмес.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-июнундагы №358-т тескемесинин негизинде, Жалал-Абад областындагыы Нарын дарыясында Камбар-Ата-1 ГЭСнин курулуш долбоорунун долбоордук-изилдөө иштерин жүргүзүүгө "Электр станциялары"ААКна **1 555,6 млн. сом** суммасында бюджеттик кредит берилген (КР Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2022-жылдын 30-июнундагы чечими) жана 2022-жылдын 13-июлундагы №19-04-01/81 насыя келишими түзүлгөн (кредитти төлөө мөөнөтү 10 жыл, 3 жылдык жеңилдетилген мезгил менен, 2025-жылдын 30-июлунан тартып 2032-жылдын 30-июлуна чейин, пайыздар-0,75 %, мөөнөтү өткөндүгү үчүн айыптар (туумдар) - 1,5 %).

Келишимдин шарттарына ылайык, бюджеттик кредит максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат жана транштар менен берилет (2022 – жылдын ичинде – 117,5 млн.сом, 2023 – жылдын ичинде-816,7 млн. сом, 2024-жылдын ичинде-621,4 млн. сом), акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин, ар бир транш үчүн кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, төлөө графиги менен кошумча макулдашуу түзүлөт.

2022-жылы төлөм тапшырмалары менен иш жүзүндө 117,5 млн. сомго каражат которулган, алардын ичинен: 2022-жылдын 27-июлунда гы №21-60,0 млн. сом жана 2022-жылдын 16-декабрындагы № 21 – 57,5 млн. сом. Мында, ар бир транш боюнча төлөө графиги менен кошумча

макулдашууларды түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдин шарттары сакталган эмес. ***Төлөө графиги менен кошумча макулдашуу бюджеттик кредиттин 1 555,6 млн.сом суммасына бардык өлчөмүнө жана аудиттин жүрүшүндө гана түзүлгөн, б. а. 2023жылдын 9-августунда №33.***

Ошондой эле, ушул мезгилге чейин: милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу жөнүндө келишимге (2023-жылдын 13-июлуна чейинки мөөнөт) жана зайымчынын жактыруусу жок жана макулдугу жок бардык эсептерден бюджеттик кредит боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын суммасын акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө банк менен зайымчынын катышуусунда үч тараптуу келишимге кол коюлган эмес.

**Корутунду**

Мурда берилген кредиттерди кайтарып берүүнүн экономикалык негиздемеси жок, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан "Электр станциялары" ААКна жалпы суммасы 10 555,6 млн.сомго 3 бюджеттик насыя берген.

3,0 млрд. сом суммасындагы бюджеттик кредитти берүүдө, "Электр станциялары" ААКсы менен *мурда берилген кредиттер боюнча 12,2 млн. сом мөөнөтү өткөн карыздары бар учурда,* кредиттик келишим түзүлгөн.

Ар бир транш боюнча төлөө графиги менен кошумча макулдашууларды түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдердин шарттары сакталган эмес, анткени төлөө графиги менен кошумча келишимдер 3,0 млрд.сомго, 6,0 млрд. сомго жана 1 155,6 млн. сомго, жана аудиттин жүрүшүндө гана, б. а. 2023-жылдын 9-августунда түзүлгөн.

Ушул мезгилге чейин милдеттенмелерди аткарууну мөөнөтүндө камсыз кылуу жана банктын жана зайымчынын катышуусу менен зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө үч тараптуу келишимге кол коюу бөлүгүндө, кредиттик келишимдердин шарттары аткарылган эмес.

**Сунуш**

***Кыргыз Рреспубликасынын Финансы министрлиги:***

Чарбакер субъекттерге бюджеттик кредиттерди берүү, өтүмдүүлүк деңгээлин жана милдеттүү күрөөлүк камсыздоону эске алуу менен ишке ашырылсын.

**Фондго**

1. Төлөө графиги менен кошумча макулдашууларды, банктын, зайымчынын жана кредитордун катышуусу менен үч тараптуу келишимдерди зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден бюджеттик кредит боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын суммасын акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жана күрөөлүк камсыздоо жөнүндө келишимдерди өз убагында түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдердин шарттарынын сакталышы камсыз кылынсын.

2. Карыздардын төлөнбөгөн суммасы бар учурда, ири кредиттик суммаларды бир нече жолу берүүдө, кредиттик тобокелдиктерди эске алуу менен, зайымчылардын финансылык абалына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №115 “2021-жылдын 28-30-апрелинде кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине зыяндын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, 76 жабыр тарткан ишкерлерге ***Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн гранттарынын каражаттарынын эсебинен*** (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы Борбордук казыналыктын топтоо эсебинде топтолгон) жалпы суммасы 15,2 млн.сомго бюджеттик кредиттер берилген.

Кредиттер төмөнкү шарттарда берилген: кредиттин суммасы – 200 000 (эки жүз миң) сом; пайыздык чен жылдык 0,1 пайыз; кредитти төлөө мөөнөтү 3 (үч) жыл, квартал сайын бирдей төлөмдөр менен; ***күрөөсүз негизде***; финансылык санкциялар - мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына чегерилүүчү жылдык 0,2 пайыз; карыздын негизги суммасын төлөөгө жеңилдетилген мезгил – 1 (бир) жыл.

Фонд тарабынан ишкердик субъекттери менен 15,0 млн.сомго 75 кредиттик келишимдер түзүлгөн жана каржыланган анын ичинен: 2021 - жылы - 12,4 млн. сомго 62, 2022-жылы- 2,6 млн. сомго 13 (тизмеге кирген 1 субъект кредит алуудан баш тарткан).

2021-жылдын 28-30-апрелинде кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине КЭР грантынын каражаттарынан алынган, жалпы суммасы 15,0 млн.сомго (3 жылдык төлөө мөөнөтү келе элек) берилген кредиттер Кыргыз Республикасынын кабыл алынган Мыйзамынын негизинде эсептен чыгарылган.

КЭРдин гранттык каражаттары боюнча түзүлгөн макулдашуунун шарттарында, айыл чарба техникасын андан ары сатып алуу үчүн (ал боюнча милдеттенмелерди ушул техника менен аткарууну камсыз кылуу) атайын депозиттик эсепке кайтарылуучу каражаттарды топтоо каралган, буга байланыштуу, 15,0 млн.сомго каражаттар кайра эсепке калыбына келтирилүүгө тийиш.

2022-жылдын 1-январына карата КЭРдин гранттык каражаттарынын калдыгы 18 752,8 миң сом (негизги сумма - 17 632,4 миң сом жана айып пул - 1 120,4 миң сом), 2022 - жылы - 45 457,3 миң сом (негизги сумма) түшкөн, 2022 – жылдын 31-декабрына карата калдык 64 210,1 миң сомду түзгөн (негизги сумма-63 089,7 миң сом жана айып пул-1 120,4 миң сом).

| **Эсептин аталышы** | **Валютанын түрү** | **2022-жылдын 1-январына калдык** | | | **Түшүүлөр** | | **2022-жылдын 31-декабрына калдык** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **бардыгы** | **Негизги сумма** | **Айып пул** | **Бардыгы** | **Негизги сумма** | **Бардыгы** | **Негизги сумма** | **Айып пул** |
| “КР ФЭМ БК”, айыл-чарба техникасы үчүн КЭР гранты боюнча | kgs | 18752859,02 | 17632407,33 | 1120451,69 | 45457309,73 | 45457309,73 | 64210168,75 | 63089717,06 | 1120451,69 |

Макулдашуунун шарттарында гранттык каражаттарды пайызсыз пайдалануу каралгандыгын эске алып, 2022-жылдын башына жана аягына карата калдыктардагы 1 120,4 миң сом өлчөмүндөгү айып пулдар республикалык бюджеттин кирешe бөлүгүнө которулууга тийиш.

2022-жылы КЭРдин гранттык каражаттарынын эсебинен 459,4 млн. сомго кредиттер алынган, төлөнгөн- 259,4 млн.сом, калдык - 206,6 млн. сом, мөөнөтү өткөн карыз – 7,1 млн. сом.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №115 "2021-жылдын 28-30-апрелинде кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине зыяндын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, жабыр тарткан 75 ишкерге ***Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн гранттарынын каражаттарынын эсебинен*** жалпы суммасы 15,0 млн.сомго бюджеттик кредиттер берилген.

Аудит жүргүзүү учурунда бул бюджеттик кредиттер Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 22-июнундагы №123 Мыйзамынын негизинде эсептен чыгарылган.

КЭРдин гранттык каражаттары боюнча макулдашуунун шарттарына ылайык, айыл чарба техникасын андан ары сатып алуу үчүн (ал боюнча милдеттенмелерди ушул техника менен аткарууну камсыз кылуу) атайын депозиттик эсепке кайтарылуучу каражаттарды топтоо каралган, буга байланыштуу 15,0 млн.сом каражат кайра эсепке калыбына келтирилүүгө тийиш.

2022-жылдын 31-декабрына карата КЭРдин гранттык каражаттарынын калдыгы 64 210,1 миң сомду түзгөн (негизги сумма - 63 089,7 миң сом жана айып пул - 1 120,4 миң сом).

Макулдашуунун шарттарында гранттык каражаттарды пайызсыз пайдалануу каралгандыгын эске алып, 2022-жылдын башына жана аягына карата калдыктардагы 1 120,4 миң сом өлчөмүндөгү айып пулдар республикалык бюджеттин кирешe бөлүгүнө которулууга тийиш.

**Сунуштама**

***Кыргыз Ррespубликасынын Финансы министрлигине***

1. Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн топтоо эсебине 15,0 млн. сом өлчөмүндө каражаттарды кайтаруу камсыз кылынсын.

2. 2022-жылдын башына жана аягына карата калдыктарда эсептелген 1 120,4 миң сом айып пулдарды республикалык бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Фондго**

Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн гранттарынын каражаттары боюнча карыздын калдыгын, анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен калдыкты кайтарып берүүнү ишке ашыруу боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Япония Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасына 6,4 млн. япон йени же 1 146,7 млн. сом грант берилген. Япония Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Алмашуу Ноталарынын шарттарына ылайык, Япония Өкмөтүнүн Утурлама фонддорунун каражаттары кыргыз тарапка берилген жана ***"тийиштүү түрдө жана өзгөчө эки мамлекеттин расмий бийликтеринин ортосунда өз ара макулдашылган тизмеде көрсөтүлгөн товарларды сатып алуу үчүн"***, тактап айтканда, "айыл чарба машиналарын жана жабдууларын жана товарларды сатып алуу менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү"сатып алуу үчүн пайдаланылышы керек.

Каражаттарды топтоо үчүн КР Улуттук банкында КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын атайын топтоочу эсептери ачылган. Каражаттар республиканын айылдык товар өндүрүүчүлөрүнө туруктуу кредит берүү үчүн пайдаланылат (Айыл чарба машиналарын жана жабдууларын сатып алуу жана берүү) жана каражаттар андан ары эсеп толук толтурулгандан кийин жана Япония Өкмөтүнүн макулдугу менен пайдаланылат.

2022-жылдын 31-декабрына карата Япония Өкмөтүнүн гранттык каражаттарынын эсебинен 876,0 млн. сомго кредиттер алынган, 551,4 млн. сомго карыздарды кайтаруу камсыз кылынган (алынган кредиттерден 62,9%), калдык - 437,0 млн. сом (49,9%), мөөнөтү өтүп кеткен карыз – 4 05,4 млн. сом (46,3 %).

**Корутунду**

Япония Өкмөтүнүн утурлама фонддорунан берилген каражаттарынын ичинен кайтарып берүүгө карата кыйла көйгөйлүү болуп 405,4 млн. сомду түзгөн мөөнөтү өткөн карыздар саналат.

**Сунуш**

405,4 млн.сом мөөнөтү өткөн карыздарды кайтарууну ишке ашыруу боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.12.2021-жылдын 24-декабрындагы №337-т тескемесине ылайык, Финансы министрлиги тарбынан:

- "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсына төмөнкү кредиторлорго талап кылуу укугун өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуу түзүлгөн: КР Соцфонду, "Кыргызнефтегаз" ААКсы, "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсы;
- "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКнын атайын администраторунун "Майлуу - Суу лампа заводу" ЖЧКсынын уставдык капиталындагы 100% үлүшүн сатуу боюнча инвестициялык сынакка катышкан;

– Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинде жана 2022-2023-жылдарга болжолунда 102,1 млн.сом өлчөмүндө жана Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинде жана 2023-2024-жылдарга болжолунда- 42,8 млн. сом өлчөмүндө акча каражаттары жогоруда аталган максаттарга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу финансы-кредиттик фонд жөнүндө" Жобого ылайык, Фонддун милдеттеринде Финансы министрлиги уюштуруучусу жана акционери болгон мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана коомдордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү жана ишке ашыруу каралган.

Фонддун 2022-жылдын 23-июнундагы №54-п "Майлуу-Суу лампа заводу" ЖЧКсын мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө" буйругу менен, бул ЖЧК "Майлуу-Суу лампа заводу" ААК болуп өзгөртүп уюштурулган жана кайра түзүлгөн **(Коомдун 100% акциясы Фондго таандык,** "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсын каттоо жөнүндө 2022-жылдын 28-июнундагы күбөлүгү).

Талап кылуу укугун өткөрүп берүү жөнүндө 3 макулдашуу түзүлгөн: "Кыргызнефтегаз" ААКсы менен 16 088,0 миң сомго, анын ичинде: негизги карыз – 9 299,3 миң сом жана соттун чечими боюнча туум – 6 788,7 миң сом; КР Социалдык фонду менен – 19 073,3 миң сомго; "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсы менен - 92 964,0 миң сомго, анын ичинде: негизги карыз – 54 218,9 миң сом жана туум – 3 874,5 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 09.08.2022-жылдын 9-августундагы №424-т тескемеси менен, Финансы министрлигине белгиленген тартипте: тапшырылган:

- Германия өнүктүрүү банкынын "Жеке ишканалар үчүн" (евролук эсептер), долбоору боюнча (KFW), "Ишкердик субъекттерин каржылоо" программасы боюнча, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын, ошондой эле, КЭР, ЮСАИД жана Түркия өкмөтүнүн Утурлама фонддорунун кайтарымдуу каражаттарынын эсебинен, "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсына 1,0 млрд. сом өлчөмүндө 4 транш менен бюджеттик кредит (**200,0 млн. сом – 2022-жылдын июлунда**, 200,0 млн. сом – 2022-жылдын сентябрында, 300,0 млн. сом - 2023-жылдын январында жана 300,0 млн. сом-2023-жылдын мартында) бөлүү;

- "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсы менен 1,0 млрд. сомго төмөнкү шарттар менен кредиттик келишим түзүү: кредитти **милдеттүү күрөөлүк камсыздоо менен** берүү, төлөө мөөнөтү - 12,5 жыл которулган күндөн тартып квартал сайын бирдей төлөмдөр менен (негизги сумманы жана пайыздарды төлөөгө жеңилдетилген мезгил - 2,5 жыл), кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен – жылдык 6% (өздөштүрүлгөн жана төлөнбөгөн суммага), финансылык санкциялар (туумдар) – төлөө графигинде каралган тиешелүү төлөө күнүнөн тартып, иш жүзүндөгү төлөө күнүнө чейинки мезгил үчүн, мөөнөтү өткөн карыздын суммасына чегерилген жылдык 12%. Негизги карыз жана пайыздар боюнча карыздарды төлөөнүн мезгилдүүлүгү-квартал сайын ар бир кварталдын акыркы айынын 15-числосуна чейин.

"Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсынын Бизнес-планы 2022-жылдын 26-августунда бекитилип, Фондго берилген. "Майлуу-Суу лампа заводу"

ААКнын жалгыз акционери (179 874 даана жөнөкөй акция) Финансы-кредиттик фондунун төрагасынын атынан чогулуштун протоколу менен, (02.09.2022-ж.) Финансы министрлигинен 1,0 млрд. сом өлчөмүндө бюджеттик кредит алуу жактырылган.

Финансы министрлиги тарабынан 1,0 млрд.сом суммасына айнек кайнатуучу "Риббон-процесс" мешин реконструкциялоо же жаңы айнек кайнатуучу мешти куруу менен айнек идиштерди (банкаларды жана бөтөлкөлөрдү) өндүрүүнү өздөштүрүүгө максаттуу багыттоо менен, 2022-жылдын 6-сентябрында №19-04-01/100 кредиттик келишими таризделген.

Кредит 4 транш менен берилет жана ар бир транш үчүн акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин кошумча макулдашуу түзүлөт. 2022-жылдын 30-сентябрындагы төлөм тапшырмасы менен Германия өнүктүрүү банкынын (евролук эсептер) "Жеке ишканалар үчүн” долбоору боюнча (KFW), КР Улуттук банкындагы топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен 400,0 млн.сомго 2 транш которулган. Фонд тарабынан кредиттик келишимдин шарттары сакталбастан, каражаттар иш жүзүндө которулгандан кийин (10.01.2023-ж.) 3 ай жана 10 күн өткөндөн кийин кошумча макулдашуу түзүлгөн (30.09.2022-ж.).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №424-т тескемесине ылайык, кредиттик келишимди түзүү, фонддун ишинде бюджеттик кредиттерди кайтарууну камсыз кылуу боюнча маанилүү механизмдердин бири болуп саналган, милдеттүү күрөөлүк камсыздоо менен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы № 406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” Жободо, зайымчынын алыш-бериш эсебине акча каражаттарын которуу кредиттик келишим жана бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо жөнүндө келишим түзүлгөндөн жана катталгандан кийин жүзөгө ашырыла тургандыгы каралган.

Жогоруда аталган Жобонун талаптары сакталбастан, зайымчыга 2022-жылдын 30-сентябрында каражаттар которулган, ал эми 2 даана күрөө жөнүндө келишимдер: 1- келишим - 80 күн (25.11.2022-ж.) жана 2 - келишим- 4 ай 24 күн өткөндөн кийин түзүлгөн. (31.01.2023).

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №424-т тескемесине ылайык, жалгыз акционери Фонд болгон "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКна 1,0 млрд.сом өлчөмүндө (4 транш менен) бюджеттик кредит берилген. Аудит мезгилинде Германия өнүктүрүү банкынын (евролук эсептер) "Жеке ишканалар үчүн” долбоору боюнча (KFW), КР Улуттук банкындагы топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен 400,0 млн.сомго 2 транш которулган.

Акча каражаттарын иш жүзүндө которгондон кийин кошумча макулдашууну түзүү бөлүгүндө, келишимдик шарттарды өз убагында аткаруу камсыз кылынган эмес, анткени 2022-жылдын 30-сентябрында

каражаттарды которууда кошумча макулдашуулар (төлөө графиги менен) 3 ай жана 10 күн өткөндөн кийин түзүлгөн (10.01.2023-ж.).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" Жобонун талаптары сакталбастан, Фонд тарабынан 2 даана күрөө жөнүндө келишимдер түзүлгөн: 1 келишим-80 күн (25.11.2022-ж.) жана 2-келишим - 4 ай.24 күн (31.01.2023-ж.).

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" Жобонун талаптары, ошондой эле, бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу келишимдерди жана төлөө графиги менен кошумча макулдашууларды өз убагында түзүү бөлүгүндө, түзүлгөн кредиттик келишимдердин шарттары сакталсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-декабрындагы №379-т тескемеси менен, "Кара-Балта спирт заводу" МИге "Ишкердик субъекттерин каржылоо" программасы боюнча КРУБнын топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен 280,0 млн.сом суммасында бюджеттик кредит берилген.

Финансы министрлиги тарабынан "Кара-Балта спирт заводу" МИ менен 2022-жылдын 20-сентябрындагы №19-04-01/101 төмөнкү шарттарда кредиттик келишим түзүлгөн:

- максаттуу багыты-суткасына 5000 дал өндүрүштүк кубаттуулукка чыгуу үчүн иш-чараларды жүргүзүү, кредитордук карыздарды, эмгек акы жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды төлөө, ишкананын инфраструктурасын жакшыртуу;
- кайтаруу мөөнөтү – 2023-жылдын 15-декабры;
- негизги карыз боюнча карыздарды төлөө 2023-жылдын 15-мартынан тартып 15-декабрына чейин, квартал сайын бирдей төлөмдөр менен;
- пайыздарды төлөөнүн мезгилдүүлүгү- квартал сайын, ар кварталдын акыркы айынын 15-числосуна чейин;
- бюджеттик кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен - жылдык 6 пайыз;
- финансылык санкциялар – мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына чегерилген жылдык 12 пайыз;
- төлөө КР УБнын топтоо эсептерине жүргүзүлөт;
- ***милдеттүү күрөөлүк камсыздоо менен.***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-декабрындагы №379-т тескемеси менен, Фонддун ишинде бюджеттик кредиттерди кайтарууну камсыз кылуу боюнча маанилүү механизмдердин бири болуп саналган милдеттүү күрөөлүк камсыздоо менен кредиттик келишимди түзүү каралган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.07.2022-жылдын №406 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" Жободо, зайымчынын алыш-бериш эсебине акча каражаттарын которуу кредиттик келишим жана бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо жөнүндө келишим түзүлгөндөн жана катталгандан кийин жүзөгө ашырыла тургандыгы каралган.

Талаптар сакталбастан, 2 ай өткөндөн кийин, башкача айтканда, 2022-жылдын 6-декабрында Күрөө жөнүндө келишим түзүлгөн. Ошондой эле, акча каражаттарын иш жүзүндө которгондон кийин кошумча макулдашууну (төлөө графиги менен) түзүү бөлүгүндө, келишимдик шарттардын аткарылышы камсыз кылынган эмес. Алсак, иш жүзүндө 280,0 млн. сомго каражат которулгандан кийин (27.09.2022-ж. т/т) 1 ай өткөндөн кийин кошумча макулдашуу түзүлгөн (27.10.2022-ж.)

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-декабрындагы №379-т тескемесине ылайык, "Ишкердиктин субъекттерин каржылоо" программасы боюнча КР УБнын топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен "Кара-Балта спирт заводу" МИге 280,0 млн. сом суммасында бюджеттик кредит берилген.

Каражаттарды иш жүзүндө которгондон кийин кошумча макулдашууну (төлөө графиги менен) түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдердин шарттары сакталган эмес, ал 1 ай өткөндөн кийин түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.07.2022-жылдын №406 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" Жобонун талаптары сактабастан, күрөө жөнүндө келишимдер 2 ай өткөндөн кийин түзүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.07.2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” Жобонун талаптары, ошондой эле, бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу келишимдерди жана төлөө графиги менен кошумча макулдашууларды өз убагында түзүү бөлүгүндө, түзүлгөн кредиттик келишимдердин шарттары сакталсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №202-т тескемеси менен Талас облусунун Манас районунун Киров суу сактагычындагы "Бала-Саруу ГЭСи" чакан ГЭСин куруу долбоорун ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен "Чакан ГЭС" ААКна 2,0 млрд. сом бюджеттик кредит берилген: республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен - 1 300,0 млн.сом жана КР Улуттук банкындагы топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен – 700,0 млн. сом ("Ишкердик субъекттерин каржылоо"

программасы боюнча - 474,0 млн. сом, МАР кредити боюнча – 155,0 млн. сом жана ЮСАИД гранты боюнча - 71,0 млн. сом).

Бюджеттик кредитти бөлүп берүү трансштар менен жүргүзүлөт жана максаттуу пайдалануу, мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук, төлөмдүүлүк жана камсыз кылуу шарттарында берилет.

Каржы министрлиги "Чакан ГЭС" ААК менен 2022-жылдын 21-апрелинде төмөнкү шарттарда насыя келишимин түзгөн:

– негизги сумманы кайтаруу мөөнөтү-11,5 жыл, бирдей кварталдык төлөмдөр менен, анын ичинде негизги сумманы төлөөгө жеңилдетилген мезгил-1,5 жыл;

– негизги сумманы жана пайыздарды төлөөнүн мезгилдүүлүгү- квартал сайын, ар кварталдын акыркы айынын 30-числосуна чейин;

- бюджеттик кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен - которулган күндөн тартып, иш жүзүндө которулган акча каражаттарынын суммасына чегерилген жылдык 6 пайыз;

- финансылык санкциялар- төлөө графигинде каралган тиешелүү төлөө күнүнөн тартып иш жүзүндөгү төлөнгөн күнгө чейинки мезгил үчүн мөөнөтү өткөн карыздын суммасына чегерилген жылдык 12 пайыз;

- күрөөлүк камсыздоо - Талас облусунун Манас районунун Киров суу сактагычына "Бала-Саруу ГЭСи" чакан ГЭСин куруу долбоорунун алкагында сатып алынуучу жабдуу;

- "Түндүк электр" ААКсы кепилдик берүү менен.

Кредиттик келишимдин шарттарында карызды төлөө мөөнөттүү милдеттенмеге (төлөө графигине) ылайык жүргүзүлөөрү каралган, ал акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин кошумча макулдашуу менен бекитилет жана кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

"Чакан ГЭС" ААКсына 2022-жылдын 21-апрелинде төлөм тапшырмалары менен 1 450,0 млн. сомго бюджеттик кредиттер которулган, алардын ичинен: республикалык бюджеттин эсебинен - 750,0 млн. сом, утурлама фонддордун эсебинен - 700,0 млн. сом ("Ишкердик субъекттерин каржылоо" программасы боюнча - 474,0 млн. сом, **суу пайдалануучулар ассоциациялары МАР долбоору боюнча – 155,0 млн. сом** жана ЮСАИД долбоору боюнча - 71,0 млн. сом).

Суу пайдалануучулар ассоциацияларынын каражаттарды кайтаруу боюнча түзүлгөн келишиминин (МАР долбоору) шарттарында сугат системаларына андан ары кредит берүү үчүн атайын депозиттик эсепке каражаттарды топтоо каралган. Буга байланыштуу, 155,0 млн.сом өлчөмүндөгү каражат топтоо эсебине кайра кайтарылууга тийиш.

Фонд тарабынан акча каражаттары иш жүзүндө которулгандан кийин кошумча макулдашуу түзүү бөлүгүндө, келишимдик шарттар өз убагында аткарылган эмес. Алсак, төлөө графиги менен кошумча макулдашуу, аудиттин жүрүшүндө, б.а. 2023-жылдын 31-июлунда (1 жыл 3 ай өткөндөн кийин) түзүлгөн.

Кредиттик келишимдин шарттарын бузуу менен, ушул кезге чейин банктын, зайымчынын жана кредитордун катышуусу менен зайымчынын

жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө үч тараптуу келишимге кол коюлган эмес.

**Корутунду**

Акча каражаттарын иш жүзүндө которгондон кийин кошумча макулдашууну түзүү боюнча келишимдик шарттар өз убагында аткарылган эмес, анткени ал аудиттин жүрүшүндө жана 1 жыл 3 ай өткөндөн кийин гана түзүлгөн.

Ушул мезгилге чейин банктын, зайымчынын жана кредитордун катышуусу менен зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жөнүндө үч тараптуу келишимге кол коюлган эмес.

Суу пайдалануучулар ассоциацияларынын каражаттарды кайтаруу боюнча түзүлгөн келишиминин (МАР долбоору) шарттарында сугат системаларына андан ары кредит берүү үчүн атайын депозиттик эсепке каражаттарды топтоо каралган. Буга байланыштуу, 155,0 млн.сом өлчөмүндөгү каражат топтоо эсебине кайра кайтарылууга тийиш.

**Сунуш**

***Кыргыз Рреспубликасынын Финансы министрлигине***

МАР долбоору боюнча - 155,0 млн. сом суу пайдалануучулар ассоциацияларынын топтоо эсебине каражаттарды кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Фондго**

Төлөө графиги менен кошумча макулдашууларды, банктын, зайымчынын жана кредитордун катышуусу менен үч тараптуу келишимдерди зайымчынын жактыруусу жок же макулдугу жок бардык эсептерден бюджеттик кредит боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын суммасын акцептсиз (талашсыз) эсептен алып салуу жана күрөөлүк камсыздоо жөнүндө келишимдерди өз убагында түзүү бөлүгүндө, кредиттик келишимдердин шарттарынын сакталышы камсыз кылынсын.

**Аныктоо**

Кыргыз Республикасынын “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө” Мыйзамынын 17- беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте мамлекет кредитор болуп эсептелген карыз тараптарга карата банкроттук процессинин жол-жоболорун козгоо маселелеринде мамлекеттин бирден-бир өкүлү болуп саналат;.

2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча КР Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Банкроттук иштер боюнча Департаментине (мындан ары-КР МЭК алдындагы БИД) банкроттук процессин андан ары демилгелөө үчүн 43,1 млн.сом карыз калдыгы менен 20 субъект боюнча материалдар жөнөтүлгөн, алардын ичинен: 5 субъект банкрот деп табылган, 7 субъект боюнча материалдар тиешелүү сотторго жөнөтүлгөн, 8 субъект боюнча материалдар КР МЭК алдындагы БИДге кайра иштеп чыгууга кайтарылган.

5 банкрот ишканасына 46,1 млн. сом карыз калдыгы менен талап кылуу укугу токтотулган: "Айып-Булак" ААК-38,4 млн. сом, "Көпүрө-Базар

агротехникалык тейлөө борбору" МИ - 2,2 млн. сом, "Боргемик" ОБФ-0,3 млн. сом, "Барак-Баш" Агротехсервиси - 4,4 млн.сом, "Ала-Тоо" ЖЧКсы - 0,8 млн. сом.

2022-жылы 5 банкрот ишкананын, аларда 466,9 млн.сом өлчөмүндөгү карыздын калдыгы же банкроттун таанылган суммасынын 86,1% болсо, мүлкүн сатуудан болгону 16,5 млн. сом суммасында, кайтаруу ишке ашырылган.

| Суб. саны | Аталышы | Банкрот деп таанылган сумма миң сом | Төлөндү, миң сом | | Калдык, миң сом |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бишкек ш. | | **Бардыгы** | **2022** | |
| 1 | «Кыргы я агро тамак-аш корпорациясы» ААКсы (банкрот) | 527 191,39 | 72 710,31 | 16 240,00 | 454 481,08 |
| | Жалал-Абад областы | | | | |
| 2 | «Тушум-Суу» СПА | 4 585,84 | 494,44 | 50,00 | 4 091,40 |
| | Нарын областы | | | | |
| 3 | «Каракол-Соок» АСПА | 3 412,26 | 802,47 | 145,00 | 2 609,79 |
| | Ош областы | | | | |
| 4 | «Мовий-Дарья» СПА | 186,19 | 45,00 | 10,00 | 141,19 |
| 5 | «Тытты-Булак» СПА | 6 785,11 | 1 217,87 | 59,84 | 5 567,24 |
| | **Бардыгы:** | **542 160,79** | **75 270,09** | **16 504,84** | **466 890,70** |

Төлөө суммасынан көрүнүп тургандай, 466,9 млн.сом өлчөмүндөгү карыздын калдыгынын ордун толтуруу көйгөйлүү болуп калат жана мындан ары республикалык бюджетти жоготуусу болот.

**Корутунду**

5 банкрот ишканасына карата республикалык бюджеттин жоготуулары болуп саналган карыздын калдыгы 46,1 млн. сом менен талап кылуу укугу токтотулган.

2022-жылы 5 банкрот ишкананын, аларда 466,9 млн.сом өлчөмүндөгү карыздын калдыгы же банкроттун таанылган суммасынын 86,1% болсо, мүлкүн сатуудан болгону 16,5 млн. сом суммасында, кайтаруу ишке ашырылган. 466,9 млн. сом өлчөмүндө карыздын калдыгынын ордун толтуруу көйгөй жаратат жана мындан ары республикалык бюджеттин жоготуусу болот.

**Сунуш**

Бюджеттик насыя алган карыздары барлар боюнча иштер күчөтүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын (мындан ары - ЕРӨБ) ортосунда "Кара-Балта шаарын суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо" долбоору боюнча 2,0 млн.еврого кредит жана 2,0 млн. евро грант берүү боюнча кредиттик макулдашуу түзүлгөн (2012-жылдын 3 - августунда Бишкек шаарында кол коюлган жана Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 25-июнундагы №101 Мыйзамы менен ратификацияланган).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 24-декабрындагы №56-т тескемесине ылайык, ЕРӨБ тарабынан берилген кредиттик жана гранттык каражаттарды кайра насыялоо максатында "Кара-Балта шаарынын суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо" долбоору боюнча Финансы министрлиги менен Кара-Балта шаарынын мэриясынын ортосунда 2013-жылдын 5-мартында №19-5/8 2,0 млн. еврого Субкредиттик макулдашууга кол коюлган.

Жогоруда аталган долбоор боюнча 2013-жылдан тартып азыркы учурга чейин каражаттар өздөштүрүлгөн эмес. 2022 – жылдын 31-декабрына карата Фонддун эсеби боюнча карыздын калдыгы 90,4 миң еврону (8 266,2 миң сом) түзгөн, анын ичинде: негизги сумма - 0,7 миң евро (61,4 миң сом), пайыздар – 89,2 миң евро (8 159,4 миң сом, айып пул-0,5 миң евро (45,4 миң сом).

Түзүлгөн Кредиттик макулдашуунун колдонулушу токтотулбагандыгын эске алуу менен, республикалык бюджеттен "Кара-Балта шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо" долбоорун тейлөөгө 86,1 миң евро өлчөмүндө же эсептик негизде 7 869,5 миң сом (КР УБнын курсу боюнча, евро 31.12.2022-ж.- 91,4 сом ), анын ичинен: бир жолку комиссия алуу-20,0 миң евро (1 %), пайыздар боюнча төлөө – 463 евро, резервация акысы (өздөштүрулбөгөн каражаттарга) - 65,7 миң евро чыгымдар жүргүзүлгөн.

Азыркы учурда бул Макулдашууну денонсациялоо боюнча жол-жоболор жүргүзүлүүдө, буга байланыштуу мурда төлөнгөн 86,1 миң евро же болжолдуу түрдө 7 869,5 миң сом республикалык бюджеттин жоготуулары болгон. Мындан тышкары, республикалык бюджетке долбоор боюнча 2,0 млн.еврого каралган гранттык каражаттар түшкөн эмес.

Ушундай эле жагдай "Кербен шаарындагы суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо" долбоорунда да байкалган, ал боюнча 2019-жылдын 13-сентябрында Бишкек шаарында кредиттик макулдашуу түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын 13.11.2019-жылдын 13-ноябрындагы №603 Мыйзамы менен ратификацияланган. Долбоордун жалпы суммасы 6,5 млн.еврону түзөт, анын ичинен ЕРӨБ кредити - 2,5 млн. евро жана Европа Союзунун гранты - 3,0 млн. евро. Ошондой эле, долбоордун алкагында 1,0 млн. евро суммасында техникалык көмөк көрсөтүү гранты берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15.09.2020-жылдын 15-сентябрындагы № 323-т тескемесине ылайык, Финансы министрлиги менен Кербен шаарынын мэриясынын ортосунда 2020-жылдын 16-октябрында

№19-04-01/242, 2,5 млн. евро өлчөмүндө кредит бөлүү жөнүндө Субкредиттик макулдашууга кол коюлган.

Кредиттик макулдашуунун шарттарында 2022-жылы биринчи төлөөлөр каралгандыгына карабастан, ушул мезгилге чейин бул долбоор боюнча иш жүзүндө өздөштүрүүлөр жана төлөөлөр жүргүзүлгөн эмес (кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен- Euribor +жылдык 1%). "Кербен шаарындагы суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо" долбоорун тейлөөгө республикалык бюджеттен чыгымдар жүргүзүлгөн эмес.

Ошону менен бирге, жогоруда көрсөтүлгөн жагдай мындан ары эсеп ачуу үчүн бир жолку комиссияны (кредиттин суммасынан 1%), кредиттин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн комиссияны (жылдык 0,5%) жана мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн айыптык санкцияларды (Euribor + жылдык 2%) алуу түрүндө республикалык бюджеттин кошумча чыгымдарына алып келет.

Фонддун эсеби боюнча 2022-жылдын 31-декабрына карата бул долбоор боюнча карыздардын саны кредиттердин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн пайыз түрүндө 37,7 миң евро (3 444,8 миң сом). Мында, карыздын бардык суммасынан мөөнөтү өткөн сумма 36,2 миң еврону (3 311,4 миң сом) түзгөн.

**Корутунду**

Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы тарабынан берилген өздөштүрүлбөгөн зайымдар үчүн кредиттик макулдашуулардын шарттарына ылайык, республикалык бюджеттен төлөмдөр жүргүзүлгөн. Алсак, кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөндүгүнөн улам, 2013-жылдан азыркы учурга чейин республикалык бюджеттен "Кара-Балта шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо" долбоорун тейлөөгө чыгымдар 86,1 миң евро же эсеп боюнча 7 869,5 миң сом, бул Макулдашууну денонсациялоо боюнча жол-жоболордун башталышынын себеби боюнча, республикалык бюджеттин жоготуулары болгон. Мындан тышкары, бул долбоор боюнча бюджетке 2,0 млн.еврого гранттык каражаттар түшкөн эмес.

Ушундай эле жагдай "Кербен шаарындагы суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо" долбоору менен да байкалган, ал боюнча Кредиттик макулдашуунун шарттары менен биринчи төлөмдөр 2022-жылга каралгандыгына карабастан, азыркы мезгилге чейин иш жүзүндө өздөштүрүү жана төлөө жүргүзүлгөн эмес (төлөмдөр жүрзүлө элек).

**Сунуштама**

***Кыргыз Рреспубликасынын Финансы министрлиги:***

1. "Кербен шаарындагы суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо" долбоору боюнча каражаттарды өздөштүрбөө тобокелдигине байланыштуу, макулдашууну денонсациялоо маселеси каралсын.

2. Комиссияларды төлөө менен байланышкан бюджеттин кошумча чыгымдарына жол бергендиги үчүн, жоопкерчиликти күчөтүү менен Субкредиттик макулдашуулар боюнча зайымчылар тарабынан каражаттарды өз убагында өздөштүрүү бөлүгүндө, талдоо жана мониторинг жүргүзүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды**

Фонддун финансылык отчеттуулугунда ("Валюта жана депозиттер" балансына карата 5-тиркеме) 10 102,0 млн. сом өлөмүндө карыздын келип түшкөн суммасы чагылдырылган же 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, төмөндөтүү жагына -33,6 млн.сом (10 135,6 млн. сом). айырма менен. Ошону менен, балансты маалыматтарынын жана 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун ортосундагы жол берилген айырма 33,6 млн.сомду түзгөн.

Айырма Казыналык менен салыштыруу актысы менен ырасталган (01.01.2023-жылдын 1-январына), мында карыздардын келип түшкөн суммасы 10 102,0 млн. сом өлчөмүндө чагылдырылган.

33,6 млн. сом айырма боюнча, каражаттар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесине ылайык, Фонддун атайын эсебине которулгандыгы аныкталган (бюджеттик кредиттерди башкаруу менен байланышкан чыгашалар Бюджеттик кредиттерди төлөөнүн эсебине, республикалык бюджетке кайтарылуучу акча каражаттарынын 3 пайыз өлчөмүндөгү чегерүүлөрдүн эсебинен жабылат, анын 30 пайызы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга багытталат).

Фонддун атайын эсебине Бюджеттик кредиттерди (пайыздардан) төлөөнүн эсебине келип түшкөн каражаттардан 33,8 млн. сом суммасында 3 пайыздык пайыздык чегерүүлөр да мыйзамсыз эсептелген (чет өлкөлүк кредиттерден-32,7 млн. сом; бюджеттик ссудалар боюнча 1,1 млн. сом), анын ичинен 31,6 млн.сом Фонддун кызматкерлерине сый акыларды жана жол кире жана тамак-аш үчүн төлөөгө негизсиз пайдаланылган.

**Корутунду**

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто жана Фонддун финансылык отчеттуулугунда чагылдырылган келип түшкөн суммаларынын ортосундагы айырма 33,6 млн. сомду түзгөн.

**Сунуш**

**Фондго**

КР ФМ алдындагы Борбордук Казыналык менен бирдикте кредиттер жана зайымдар боюнча карыздардын бардык келип түшкөн суммаларын толук чагылдыруу бөлүгүндө финансылык отчеттуулукту түзүү камсыз кылынсын.

**<u>Борбордук Казыналык</u> Мамлекеттик инвестициялар программасы**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 1-пунктунда мамлекеттик инвестициялар боюнча чыгашалар ички жана тышкы каржылоонун суммасын көрсөтүү менен ар бир долбоор жана министрлик боюнча каралган (7-тиркеме). Ушундай эле маалымат Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзамынын 8-тиркемесинде да камтылган.

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүүнүн тартиби, отчеттун түзүмү, зарыл көрсөткүчтөрү менен тиркемелердин курамы бөлүгүндө, ченемдик документтин жоктугу, ар бир долбоор боюнча мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө министрликтер боюнча жана өзүнчө, ички жана тышкы каржылоонун суммаларын көрсөтүү менен маалыматтын төмөн болушуна алып келди.

**Корутунду**

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүүнүн тартиби бөлүгүндө ченемдик документтин жоктугу, отчеттун түзүмү, зарыл көрсөткүчтөрү менен тиркемелердин курамы ар бир долбоор боюнча мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө министрликтер боюнча жана өзүнчө, ички жана тышкы каржылоонун суммаларын көрсөтүү менен маалыматтын төмөн болушуна алып келди.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Ички жана тышкы каржылоонун суммаларын көрсөтүү менен ар бир долбоор боюнча өзүнчө жана министрликтер боюнча мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө зарыл көрсөткүчтөрү менен республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту, отчеттун түзүмүн, тиркемелердин курамын түзүү бөлүгүндө, ченемдик документти иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө" Жободо жана Кыргыз Республикасынын Финансы "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-мартындагы №129/л буйругу менен бекитилген “Эл аралык кызматташтык башкармалыгы жөнүндө" Жободо мамлекеттик инвестициялардын жана кепилдиктердин алкагында өнүктүрүү бюджетин (мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун), тышкы финансылык жана техникалык жардамды аткаруу, эсепке алуу жана талдоо бөлүгүндө, тармактык саясаттын функциясы каралган.

Ошону менен бирге, Эл аралык кызматташтык башкармалыгынын мамлекеттик инвестицияларды башкаруу бөлүмү тарабынан регламенттөөчү ченемдик документ жок болгондуктан, мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун өнүктүрүү бюджетинин аткарылышы, эсепке алынышы жана отчеттуулугун түзүү боюнча операциялар эркин жана бекитилбеген формада жүргүзүлөт ("DB – Disbursement balance "деген аталыш менен. "Excel" программасы).

**Корутунду**

Мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун өнүктүрүү бюджетинин отчеттуулугун аткаруу, эсепке алуу жана түзүү боюнча операциялар бөлүгүндө жөнгө салуучу ченемдик документтин жоктугу, маалыматты туура эмес чагылдыруу тобокелдигине алып келет.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Чаралар көрүлсүн:

- мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун өнүктүрүү бюджетинин аткарылышы, эсепке алунуусу жана отчетту түзүүсү жөнүндө ченемдик документти иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча;
- мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун өнүктүрүү бюджетин аткаруу, эсепке алуу жана отчетту түзүүсү процесстерин автоматташтыруу менен андан ары "АИС КАЗНА Бюджет" программасы менен синхрондоштуруу боюнча.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-мартындагы №129/л буйругу менен бекитилген “Эл аралык кызматташтык башкармалыгы жөнүндө" Жободо, Бөлүмдүн милдеттеринде: атайын, өкмөттүк жана пайыздык эсептер боюнча акча каражаттарынын кыймылына мониторинг жүргүзүү, атайын жана пайыздык эсептердеги каражаттардын калдыктары боюнча коммерциялык банктар менен салыштыруу жүргүзүү каралган.

Бөлүм тарабынан коммерциялык банктар менен атайын жана пайыздык эсептердин калдыктары боюнча салыштыруу жүргүзүү бөлүгүндө, жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун талаптары сакталган эмес (салыштыруу актылары жок жана аудитке берилген эмес).

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-мартындагы №129/л буйругу менен бекитилген “Эл аралык кызматташтык башкармалыгы жөнүндө" Жобону бузуу менен, бөлүм тарабынан коммерциялык банктар менен атайын жана пайыздык эсептердин калдыктары боюнча салыштырып текшерүү бөлүгүндө, талаптар сакталган эмес (салыштырып текшерүү актылары аудитке берилген эмес).

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-мартындагы №129/л буйругу менен бекитилген “Эл аралык кызматташтык башкармалыгы жөнүндө" Жобонун талаптары сакталсын жана коммерциялык банктар менен атайын жана пайыздык эсептердин калдыктары боюнча салыштырып текшерүү актыларын түзүү камсыз кылынсын (ай сайын негизде).

**Аныкталды**

Министрликтердин жана ведомстволордун долбоорлорду ишке ашыруунун бардык бөлүмдөрүндө (ДИБ) жана долбоорлорду ишке ашыруу топторунда (ДИТ) бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчеттуулукту түзүү, донор менен макулдашуу боюнча, аткаруу агенттиги тарабынан бекитилген операциялык колдонмолорго ылайык жүргүзүлөт.

КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 29-ноябрындагы №285-П "2022-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчетту түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык,

Борбордук казыналык тарабынан КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого ылайык, финансылык отчеттуулуктун формалары боюнча ДИБ жана ДИТ отчеттору кабыл алынат.
Жогоруда аталган 2 ченемдик документтердин (операциялык колдонмо жана жобо) айырмачылыгы болуп, финансылык отчеттуулуктун формалары гана саналат.

**Корутунду**

Министрликтер менен ведомстволордун долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрү (ДИБ) жана долбоорлорду ишке ашыруу топтору (ДИТ) тарабынан бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчеттуулукту түзүү, аткаруучу агенттик Донор менен макулдашуу боюнча бекиткен операциялык колдонмолорго ылайык ишке ашырылат, ал эми Борбордук казыналык тарабынан КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык финансылык отчеттуулуктун формалары боюнча ДИБ жана ДИТ отчеттору кабыл алынат.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Долбоорлордун бухгалтердик эсебин жүргүзүүнү жана финансылык отчеттуулугун түзүүнү (ДИБ, ДИТ) Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого шайкеш келтирүү боюнча, чаралар көрүлсүн.

**Аныктама**

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыларды башкаруу жаатында потенциалды өнүктүрүү" экинчи долбоорунун алкагында (грант №TF0A3998), Финансы министрлиги тарабынан бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту түзүү, Борбордук казыналыктын операциялары (тике операциялар, утурлама фонддор, депозиттик эсептер) боюнча ченемдик - укуктук документтерди иштеп чыгууга, ошондой эле, эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк үлүштөрдү төлөө тартибин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларды өркүндөтүүгө 5,0 миң евро өлчөмүндө консультант (2022-жылдын 1-июнундагы № KG -MOF-CS-INDV/2-1-2) менен келишим түзүлгөн.
2022-жылдын 22-августунда консультант тарабынан: бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчеттуулукту түзүү, операциялар, утурлама фонддор, депозиттик эсептер, Борбордук казыналыктын тике операциялары, Кыргыз Республикасынын эл аралык финансы уюмдарына мүчөлүгү үчүн которулбай турган пайызсыз мамлекеттик баалуу кагаздарды (векселдерди) эсепке алуу, 2022-жылдын 20-апрелиндеги №2020-Д-072/393-3-2-4 КР Финансы министрлиги менен КР УБнын ортосундагы макулдашуу жөнүндө Меморандумга ылайык, ЭВФтин пайдасына чыгарылган пайызсыз, айланбай

турган жөнөкөй векселдерди эсепке алуу тартиби, эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү эсепке алуу жана төлөө тартиби боюнча жоболордун (нускамалардын) долбоорлорун иштеп чыгуу жөнүндө финалдык консолидацияланган отчет даярдалган (КР Финансы министрлиги тарабынан 2022-жылы датасыз бекитилген).

Консультант тарабынан иштелип чыккан жоболордун (нускамалардын) долбоорлору бүгүнкү күнгө чейин өз колдонулушун тапкан эмес жана бекитилген эмес.

**Корутунду**

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруу жаатында потенциалды өнүктүрүү" долбоору боюнча консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө гранттык каражаттарды натыйжасыз пайдалануу 5,0 миң еврону же 408,4 миң сомду түзгөн (КР УБнын курсу, Евро - 81,68 сом).

**Сунуштама**:

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***

Чаралар көрүлсүн:

- "Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруу жаатында потенциалды өнүктүрүү" долбоору боюнча консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө 5,0 миң Евро же 408,4 миң сом өлчөмүндө гранттык каражаттарды натыйжасыз пайданууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карoo боюнча;
- консультант тарабынан иштелип чыккан жоболорду (нускамаларды) колдонуу жана бекитүү боюнча.

**Аныктама**

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун маалыматтары боюнча 2022-жылы мамлекеттик инвестициялардын каражаттары боюнча бюджеттин аткарылышы 33 288,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинде тышкы каржылоо боюнча - 32 365,5 млн.сом.

Аудитте 32 365,5 млн. сом өлчөмүндөгү тышкы каржылоо каражаттары бирдиктүү казыналык эсепке которулбастан колдонулгандыгы аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 17-беренесине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары болуп, келип түшүүлөр, анын ичинде милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасында жана ушул Кодекстин 4-беренесинин 20-бөлүмүнө ылайык, ички жана тышкы булактардан карызга алуулардан түшкөн акча каражаттары, милдеттенмелерди кабыл алууга байланыштуу операциялардан түшүүлөр эсептелет. Демек, мамлекеттик инвестициялардын каражаттары республикалык бюджеттин ресурстары болуп саналат.

КР Конституциясынын 3-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле, КР мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер КР укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.

Эл аралык келишимдер болуп саналган мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун каржылоо жөнүндө макулдашууларда, Бирдиктүү казыналык

эсепке тышкы каржылоо боюнча каражаттарды которбоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын тике милдеттенмелери камтылбайт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Мыйзамына ылайык, эл аралык келишимдерди ратификациялоо мыйзам түрүндөгү ченемдик укуктук актыны кабыл алуу менен жүзөгө ашырылат, ал эми бюджеттик укуктук мамилелердин негизги принциптери КР Бюджеттик кодекси менен регламенттелет.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, жана КР Бюджеттик кодексинин 5-беренесинин 106-пунктуна ылайык, *(КР бюджеттеринин бардык ресурстары Бирдиктүү казыналык эсепке токтоосуз которулууга тийиш)* аудит 32 365,5 млн. сом суммасында мамлекеттик инвестициялардын каражаттарын пайдаланууну Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары, КР Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161 буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациясынын беренелери боюнча жүргүзүлгөн эмес деп эсептейт.

**Корутунду**

32 365,5 млн. сом суммасындагы мамлекеттик инвестициялардын каражаттары жана чыгашалар Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган, ошондой эле, ал боюнча түзүлгөн отчеттуулук КР Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациянын беренелери боюнча жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Эл аралык макулдашуу шарттарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарына ылайык, Бирдиктүү казыналык эсепке мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун каражаттарын тезинен чегерүү механизмин иштеп чыгуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

*«CASA-1000» долбоору (ЕИБ) (кредит)*

«КУЭТ» ААКсы тарабынан 165 000,0 миң АКШ долларына (ЭӨБ – 45 млн АКШ доллары, ИӨБ – 33 000,0 миң ислам динары, ЕИБ – 70 000,0 миң евро) «Борбордук Азия – Түштүк Азиянын электр энергиясын өткөрүү» долбоору ишке ашырылууда, анда төмөнкүдөй иш-чаралар каралган: «Датка» көмөк чордонуна уячаны орнотуу, анын ичинде: өчүргүч менен токту чектөөчү реакторду орнотуу, «Датка» көмөк чордонундагы байланыш, контролдоо жана эсепке алуу каражаттарын жабдуу, «Датка» көмөк чордонунан Тажикстан менен чек арага чейин 500 кВт электр берүү линиясы.

Кыргыз Республикасы менен Европа инвестициялык банкынын ортосундагы макулдашуунун алкагында кредиттин жалпы суммасы 70 000,0 миң еврону түзгөн жана долбоор боюнча 2022-жылга бекитилген бюджетте 1 034,3 млн. сом каралган. Иш жүзүндө бул сумма өздөштүрүлбөй калган жана анын себеби төмөнкүлөр болгон: 2021-жылдын аягында ЕИБден 20 млн. евро

өлчөмүндөгү үчүнчү транштын түшүүсү жана эсептерде акча каражаттарынын калдыгынын болушу (подрядчыга төлөө үчүн жетиштүү).

**Корутунду**

«Борбордук Азия – Түштүк Азия электр энергиясын өткөрүү» долбоору боюнча 1 034,3 млн. сом өлчөмүндөгү кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөй калышы сапатсыз пландаштырылгандыгы жөнүндө билдирет.

**Сунуш:**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджеттерин пландаштыруу бөлүгүндө контролдоо системасын күчөтүү боюнча чараларды көрсүн.

***Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги (аткаруучу агенттик)***

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджетин пландаштырууда зарыл суммага тиешелүү талдоо жүргүзүүнү, ошондой эле алардын өз убагында өздөштүрүлүшүн камсыз кылсын.

**Аныкталды**

«Электр станциялары» ААКсы ЕАӨБ тарабынан каржыланган «Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын эксплуатацияга киргизүү» долбоорун ишке ашырууда (кредит – 110,0 млн. АКШ доллары), анын алкагында долбоордун ишке ашырылышын көзөмөлдөө боюнча инженердик консультантты жалдоо жана Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын (120 МВт), 500 кВ тышкы бөлүштүргүч түзүлүштөрдү, 110 кВ тышкы бөлүштүрүү түзүлүштөрү үчүн жабдууларды жана электр линияларын сатып алуу, жеткирүү, орнотуу жана эксплуатацияга киргизүү, зарыл болгон курулуш-монтаждоо иштерин жүргүзүү каралган.

Алгачкы бюджет 945 880,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 936 482,5 миң сомго азаюу менен 9 397,5 миң сом болуп такталган, иш жүзүндө аткарылышы – 19 374,1 миң сом.

**Корутунду**

«Камбар-Ата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын эксплуатацияга киргизүү» долбоору боюнча 2022-жылга бюджет 945 880,0 миң сом суммасында бекитилип, такталган бюджет баштапкысынан 936 482,5 миң сомго азайган жана иш жүзүндөгү аткарылышы — 19 374,07 миң сомду түзүп, сапатсыз пландаштырууну көрсөткөн.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджетин пландаштыруу бөлүгүндө контролдоо системасын күчөтүү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

«Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен мамлекеттик инвестицияларга чыгашалардын көлөмү 37

778,9 млн. сом өлчөмүндө бекитилип, өзгөртүүлөр менен 34 723,3 млн. сом, иш жүзүндө аткарылганы – 33 288,9 млн. сом.

ЖИБ балансынын жана отчеттук маалыматтарынын 5-тиркемесине ылайык (2022-жылдын 31-декабрына карата) айрым долбоорлордун коммерциялык банктардагы эсептериндеги пайдаланылбаган калдыктар 3 612,6 млн. сомду түзгөн. 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто 33 288,9 млн. сом суммасында мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун иш жүзүндөгү чыгымдары чагылдырылган. Ошол эле учурда алар коммерциялык банктардагы 3 612,6 млн. сомго пайдаланылбаган калдыктарды камтыйт, бул суммага иш жүзүндөгү чыгашалардын ашыкча көрсөтүлүшүн көрсөтүүдө. Муну эске алуу менен, 2022-жылга мамлекеттик инвестициялык фонддор боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар 29 676,3 млн. сомду түзүүгө тийиш (33 288,9 - 3 612,6).

**Корутунду**

2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар 3 612,6 млн. сомго бурмаланган (айрым долбоорлордун коммерциялык банктардагы эсептериндеги пайдаланылбаган калдыктар).

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүүдө мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгымдардын бөлүгүнүн аныктыгы камсыз кылынсын.

**Аныкталды**

Мамлекеттик башкаруу секторунун 2022-жылга балансына ылайык («Валюта жана депозиттер» 5-тиркеме) 2022-жылдын 31-декабрына карата мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттарынын калдыктары 3 059,6 млн. сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардагы алыш-бериш эсептеринде мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттарынын калдыктарын чет өлкөлүк валютада кайра эсептеп чыгуу, КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жүргүзүү жана финансылык отчеттуулук боюнча жобонун 84-пунктун бузуу менен жүргүзүлгөндүгү аудит учурунда аныкталган.

Алсак, Финансы министрлигинин алдындагы Кредиттик линияларды башкаруу бөлүмүнүн “Микро, чакан жана орто ишканаларды өзгөчө колдоо” долбоору боюнча отчеттук маалыматтарга ылайык, Дүйнөлүк банктын 2022-жылдын 31-декабрына карата эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы кредит (№ 6758-KG) 2 999 970 АКШ долларын же 249,0 млн. сомду жана Азия инфраструктуралык инвестиция банкынын кредити (№ 0423A) - 3 158 447 АКШ долларын же 247,5 млн. сомду түзгөн.

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, отчеттук күнгө карата сомдун АКШ долларына карата курсу Дүйнөлүк банктын кредити боюнча – 83,01

сомду, ал эми Азия инфраструктуралык инвестициялык банкынын кредити боюнча – 78,36 сомду, же ар кандай курстарды түзгөн (Улуттук банктын 2022-жылдын 31-декабрына карата сомдун АКШ долларына карата расмий курсу – 85,68 сом).

Борбордук казыналык тарабынан 2022-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн баланстын «Валюта жана депозиттер» 5-тиркемесине ылайык, жогоруда аталган долбоор боюнча алыш-бериш эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары ДИБдин отчеттук маалыматтарына дал келбейт.

Алсак, баланс боюнча бул долбоор боюнча каражаттардын калдыктары 45,3 млн. сом суммасында чагылдырылган же калдыктар 499,0 млн. сомго азайтылган.

Ошентип, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун ченемдеринин талаптарын бузуунун натыйжасында, КР Финансы министрлиги тарабынан тармактык саясат функциялары талаптагыдай аткарылбагандыктан, мамлекеттик инвестициялар долбоорлору боюнча бухгалтердик баланста финансылык активдер 2022-жылдын 31-декабрына карата жалпы суммага 604 284,0 миң сомго негизсиз азайтылган.

**Корутунду**

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун ченемдеринин талаптарын бузуунун натыйжасында, КР Финансы министрлиги тарабынан тармактык саясат функциялары талаптагыдай аткарылбагандыктан, мамлекеттик инвестициялар долбоорлору боюнча бухгалтердик баланста финансылык активдер 2022-жылдын 31-декабрына карата жалпы суммага 604 284,0 миң сомго негизсиз азайтылган.

**Сунуш**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун отчеттуулугунда маалыматтарды берүүнүн аныктыгы бөлүгүндө контролдоо системасын күчөтүү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

Эл аралык кызматташтык башкармалыгы берген маалыматка ылайык 11 долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү узартылган (2022-жылы аяктайт).

| № | Долбоордун аталышы | Аяктоо мөөнөтү | Узартуу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | «Мамлекеттик мектептерди куруу» долбоору | 31.12.20220-ж. | 30.06.2023-ж. |
| 2 | «Туташтыруучу жолдор, ЦАРЭС 1 жана 3 коридорлору» долбоору | 31.01.2022-ж. | 31.01.2026-ж. |
| 3 | «Чек ара кызматтарын региондук жакшыртуу» долбоору | 30.09.2022-ж. | 31.07.2023-ж. |
| 4 | «CASA-1000» долбоору | 30.12.2022-ж. | 30.06.2024-ж. |
| 5 | «Токтогул ГЭСин реабилитациялоо. 2-фаза» долбоору | 31.06.2022-ж. | 30.05.2023-ж. |
| 6 | «Сарымсак ирригациялык системасын өнүктүрүү» долбоору | 30.05.2022-ж. | 30.05.2023-ж. |
| 7 | «Айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана тамактанууну жакшыртуу» долбоору | 30.06.2022-ж. | 30.06.2023-ж. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | «Улуттук суу ресурстарын башкаруу долбоору үчүн кошумча каржылоо» долбоору | 31.12.2022-ж. | 01.04.2024-ж. |
| 9 | «КРде айыл жерлерин суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу» долбоору | 30.06.2022-ж. | 30.06.2023-ж |
| 10 | «Бишкек шаарында катуу таштандыларды башкаруу системасын ишке ашыруу» долбоору | 30.06.2022-ж. | 20.06.2023-ж. |
| 11 | Долбоорлор:15 шаардын жана 3 айыл округунун суу менен камсыздоо жана канализация системаларын реабилитациялоо. | ар кандай мөөнөттөр | ар кандай мөөнөттөр |

Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтүн узартуу кошумча операциялык чыгымдарды алып келген (анын ичинде долбоорду ишке ашыруу бөлүмдөрүн тейлөө):

- «Сарымсак ирригациялык системасын өнүктүрүү»: 2022-жылдын 6-апрелинен 30-мартына чейинки мезгилге кошумча операциялык чыгымдар 173,0 миң АКШ долларын түздү, ал эми долбоордун мөөнөтүн 30.10.2023-жылга чейин узартуу менен чыгымдар 37,4 миң АКШ долларын түзгөн;
- “Улуттук суу ресурстарын башкаруу” долбоорун кошумча каржылоо”: 2022-жылдын 1-апрелинен 30.06.2023-жылга чейинки мезгилге кошумча операциялык чыгашалар 72,6 миң АКШ долларын түзгөн;
- “Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамактанууну жакшыртуу”: 2022-жылдын 1-январынан 30.06.2023-жылга чейинки мезгилде кошумча операциялык чыгашалар 360,8 миң АКШ долларын түзгөн;
- “Кыргыз Республикасында айыл жерлерин суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу”: 2022-жылдын 1-апрелинен 30-мартына чейинки мезгилге кошумча операциялык чыгашалар 83,4 миң АКШ долларын түзгөн

**Корутунду**

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтүн узартуу жалпы суммасы 389,8 миң АКШ долларын түзгөн кошумча операциялык чыгымдарга алып келген, анын ичинде: «Сарымсак ирригациялык системасын өнүктүрүү» – 173,0 миң АКШ доллары, «Улуттук суу ресурстарын башкаруу» долбоору үчүн кошумча каржылоо» – 72,6 миң АКШ доллары, «Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамактанууну жакшыртуу» - 360,8 миң АКШ доллары, «Кыргыз Республикасында айыл жерлерин суу менен жабдууну жана санитарияны жакшыртуу» - 83,4 миң АКШ доллары.

**Сунуш:**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Долбоорлордун белгиленген мөөнөттө ишке ашырылышын контролдоо системасын күчөтүү жана ал мөөнөттөрдүн узартылышына жол бербөө боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин ортосундагы каржылоо жөнүндө макулдашууларга ылайык, ишке ашыруу мөөнөттөрүн узартуу менен долбоорлор ишке ашырылууда, алар кийинкиде долбоорлордун жалпы бюджетинин көлөмүнүн төмөндөшүнө таасирин тийгизет. Алсак, жоготуулардын жалпы суммасы 256,8 миң АКШ долларын же 20 981,2 миң сомду түздү, анын ичинде төмөнкү долбоорлор боюнча:

- “Айылдык инвестиция – 3”: аяктоо мөөнөтү 30.11.2021, ишке ашыруу мөөнөтү 30.07.2022-жылга чейин узартылды. 01.11.2022-жылга карата АКШ

долларына карата СПЗны алмаштыруу курсу – 1,41082, 31.12.2021-жылга карата - 1,4080 болгон. 30.07.2022-жылга чейин узартылгандан кийин, СПЗ курсу акырындык менен төмөндөп, 30.07.2022-жылдын аягында 1,32360 болгон. Берилген маалыматтарга ылайык долбоордун алгачкы аяктоо датасына (2021-жылдын 31-ноябры) финансылык макулдашууда каралган 8 600 000 СПЗнын дин ичинен 7 660 105 СПЗ өздөштүрүлгөн. Аудиттин жүрүшүндө эсептөөлөр жүргүзүлүп, өз убагында аткарылбагандыктан жана мөөнөттөрдү узарткандыктан жалпы бюджеттин көлөмү азайып, 35,0 миң АКШ долларын же 2 848,7 миң сомдук жоготуулар аныкталган;

- “Токой экосистемасынын комплекстүү башкаруусу”: аяктоо датасы 30.09.2021, ишке ашыруу мөөнөтү 30.09.2022-жылга чейин узартылган. 2022-жылдын 30-сентябрына чейин узартылгандан кийин,СПЗ курсу акырындык менен төмөндөп, аяктоо учурунда (30.09.2022) 1,27987 болгон. Аудиттин жыйынтыгында эсептөөлөр жүргүзүлүп, өз убагында аткарылбагандыктан жана мөөнөттөрүн узарткандыктан жалпы бюджеттин көлөмү азайып, жоготууулар 221,8 миң АКШ долларын же 18132,4 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Долбоорлор өз убагында ишке ашырылбагандыктан жана алардын мөөнөттөрү узартылгандыктан бюджеттик жоготуулардын жалпы суммасы 256,8 миң АКШ долларын же 20 981,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен «Айылдык инвестициялар – 3» долбоорлору боюнча 35,0 миң АКШ доллары, же 2 848,7 миң сом, «Токой экосистемаларын комплекстүү башкаруу» - 221,8 миң АКШ доллары же 18 132,4 миң сом.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

- эл аралык уюмдар жана донор өлкөлөр каржылаган долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге долбоорлорду өз убагында ишке ашырбагандыгы үчүн жоопкерчиликтин тартиптик жана материалдык түрлөрүн колдонуу бөлүгүндө КР ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизсин.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджетинде жоготууларга жол бербөө максатында аткаруучу агенттиктер менен бирдикте:

- долбоорлорду өз убагында ишке ашырууну жана узартпастан бүтүрүүнү камсыз кылуу бөлүгүндө ишке ашыруучу агенттиктердин ишин координациялоо боюнча контролдоо системасын күчөтсүн.

**Аныкталды**

КР Суу чарба жана мелиорация департаментинин алдындагы «Айыл чарбасынын түшүмдүүлүгүн жана тамактанууну жакшыртуу» долбоору боюнча төмөнкү подрядчылар менен контракттар түзүлгөн:

- «Кырк-Булак» АВПнын ирригациялык системасын реабилитациялоого «Гидробетонстрой» ЖЧКсы (№ APNIP/C.1/CW/NCB/16 контракт);
- «Баш-Келтебек» АВПнын ирригациялык системасын реабилитациялоо боюнча «HI Tech Строй» ЖЧКсы менен «Ника КГ» ЖЧКсынын консорциуму менен (№APNIP/C/1/CW/NCB/11 контракт).

Түзүлгөн контракттардын шарттарын аткарбагандыгы үчүн (ишти мөөнөтүндө бүтүрбөө ж.б.) заказчы тарабынан жогорудагы подрядчыларга 4 171,9 миң сом айып салынган (№ APNIP/C.1/CW/NCB/16 контракт - 1 303,6 миң сом, № APNIP/C/1/CW/NCB/11 контракт - 2 868,3 миң сом).

Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү аяктагандан кийин ДИБ Финансы министрлигине (2023-жылдын 22-февралындагы чыг. №71) 4 171,9 миң сом өлчөмүндө айыптык санкцияларды андан ары колдонууну аныктоо жөнүндө кат жөнөткөн. Финансы министрлиги өзүнүн катында (2023-жылдын 22-февралындагы чыг. № 16-4/2242) «Экинчи чарбалык ирригация долбоорун кошумча каржылоо» долбоорунун чыгымдарынын ордун толтуруу үчүн бул каражаттарды кайтарып берүүнү белгилеген.

КР Бюджеттик кодексинин 47-беренесин бузуу менен, 4 171,9 миң сом өлчөмүндөгү айыптык санкциялар республикалык бюджетке чегерилген эмес.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы № 232 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу жөнүндө жобонун 95-1-пунктунда *"Долбоорду ишке ашыруу алкагында күтүлбөгөн кирешелер түзүлгөн учурда Долбоордун аткарылышы боюнча толук түшкөн каражаттар долбоор аяктагандан кийин республикалык бюджетке чегерилет" деп көрсөтүлгөн.*

**Корутунду**

КР Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин талаптарын бузуу менен, «Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамактанууну жакшыртуу» долбоорунун алкагында айып санкцияларын колдонуунун натыйжасында келип чыккан 4 171,9 миң сом суммасындагы каражаттар Финансы министрлиги тарабынан «Экинчи чарба ичиндеги ирригация долбоорун кошумча каржылоо» долбоорунун чыгашаларына багытталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы № 232 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу жөнүндө жобо менен *"Долбоорду ишке ашыруу алкагында күтүлбөгөн кирешелер түзүлгөн учурда Долбоордун аткарылышы боюнча толук түшкөн каражаттар долбоор аяктагандан кийин республикалык бюджетке чегерилет"деп каралган.*

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Төмөнкүлөр боюнча чара көрсүн:

- айыптык санкцияларды колдонуунун натыйжасында түзүлгөн 4 171,9 миң сом суммасындагы каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине которуу;

- бир долбоордун каражаттарын экинчи долбоордун чыгымдарына пайдалануу тажрыйбасына жол бербөө жана токтотуу.

**Аныкталды**

Аудит 2022-жылы түзүлгөн макулдашуулардын шарттарына ылайык, тышкы кредиторлорго 67 407,4 миң сом суммасында каражаттарды резервге коюу (өздөштүрбөө) үчүн комиссиялык төлөм төлөнгөн. Алсак:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Зайымчы) менен Кытайдын Экспорттук-импорттук банкынын (Кредитор) ортосундагы "Түндүк-Түштүк альтернативдик автожолу" долбоору боюнча кредиттик макулдашуунун (Казарман - Жалал-Абад, 291-433-чакырымдары, Балыкчы - Арал участогу, км 183 + 500 - 195 + 486) 2-бернесинин 2.2 жана 2.7-пункттары менен зайым каражаттары болгон мезгилдин ичинде Зайымчы Кредиторго Кредит берүү милдеттенмеси үчүн, кредиттик линиянын алынбаган жана жокко чыгарылбаган калдыктарына жылдык 0,25% (пайыз) өлчөмүндө эсептелген комиссияны төлөйт. 275,4 миң АКШ доллары же 25 394,7 миң сом каражат төлөнгөн;

- Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Каракол шаарынын суу менен камсыздоо системасын реабилитациялоо» долбоору боюнча кредиттик макулдашуунун 2.02. (g) бөлүмү боюнча 104,6 миң АКШ доллары же 9 047,2 миң сом суммасында милдеттенме үчүн комиссия төлөнгөн;

- Кыргыз Республикасы менен Азия инфраструктуралык инвестиция банкынын ортосундагы II кредиттик макулдашуу (АИИБ, 02.09.2020-ж. № L 0423A) Жеке жана каржы секторун чукул колдоо долбоорунун 2.04-пункту менен 111,4 миң АКШ доллары же 9 155,7 миң сом резервдик төлөм төлөнгөн, (зайымдын алынбаган калдыктары боюнча резервдөө комиссиянын белгиленген жылына 0,25%);

- «Чыгыш электр» ААКны реабилитациялоо» долбоору боюнча келишимдин шарттары боюнча (аяктоо мөөнөтү 2022-жылдын 30-июнунда) 2022-жылдын 31-декабрына карата резервдик комиссияга 12,4 миң евро же 1 077,1 миң сом чегерилген. КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык 2022-жылдын 31-декабрына карата долбоор боюнча каражаттарды өздөштүрүүнүн жалпы суммасы кредиттер боюнча 3 014,7 миң еврону, гранттык каражаттар боюнча - 1 740,0 миң еврону түзгөн;

- «Ош электр» ААКсын реабилитациялоо» долбоору боюнча келишимдин шарттары менен (аяктоо мөөнөтү 2022-жылдын 30-июнунда) 2022-жылдын 31-декабрына карата 16,0 миң АКШ доллары же 1 400,9 миң сом өлчөмүндө резервдик комиссия алынган. Долбоордун каражаттарын өздөштүрүүнүн жалпы суммасы 2022-жылдын 31-декабрына карата кредит боюнча 2 295,6 миң еврону, грант боюнча – 740,0 миң еврону түздү;

- калган 22 долбоор боюнча жалпы наркы үчүн 21 331,8 миң сом.

Жогоруда айтылгандардын баары долбоордун сапатсыз аткарылышын көрсөтүп турат.

**Корутунду**

2022-жылы Макулдашуунун шарттарына ылайык республикалык бюджеттен жалпы 67 407,4 миң сом суммасында каражаттарды резервге коюу (өздөштүрбөө) үчүн комиссиялар төлөнгөн.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

Каражаттардын өздөштүрүлбөй калышынын себебине байланыштуу республикалык бюджеттен 67 407,4 миң сомду резервдөө үчүн комиссиялык

төлөмдөрдүн төлөнүшүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карасын.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджеттерин пландаштыруу бөлүгүндө контролдоо системасын күчөтүү жана резервдөө үчүн комиссиялык төлөмдөрдү чегерүү жана төлөөгө жол бербөө боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

Финансы министрлигинин маалыматы боюнча, долбоорлор боюнча чегерилген пайыздардын суммасы (республикалык бюджетке которулган) 144 537,8 миң сомду түзгөн.

Аудит тарабынан 2022-жылдын аягында CASA - 1000 (ЕИБ) долбоорунун эсебинде 214,602 миң АКШ долларындагы пайыздардын калдыктары бар экендиги аныкталган, алар ушул кезге чейин республикалык бюджетке чегериле элек.

КР Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык, аудиттин жүрүшүндө бул 18 690,3 миң сом каражаттар республикалык бюджетке (04.08.2023-ж. №243800014 төлөм тапшырмасы) чегерилген.

**Корутунду**

КР Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин 7-пунктунун талаптарын сактабастан, чегерилген пайыздар боюнча 214,602 миң АКШ доллары (аудиттин жүрүшүндө чегерилген) суммасындагы акча каражаттарынын калган калдыктары республикалык бюджетке которулган эмес.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Банктардагы долбоорлордун каражаттарынын калдыктарына чегерилген пайыздардын республикалык бюджетке котоpууларынын контролдоо системасын күчөтсүн.

***Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги (аткаруучу агенттик)***

Банктардагы долбоорлордун каражаттарынын калдыктарына чегерилген пайыздардын республикалык бюджетке так жана өз убагында которулушун камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

«Токтогул ГЭСин реконструкциялоо, фаза-2» долбоорунун алкагында «Электр станциялары» ААКсы (Заказчы) жана GEHydroFrance (Франция) жана GERenewable (Швейцария) Консорциуму (Подрядчы) ортосунда № D-15- контракттык макулдашууга кол коюлду. 22/68 12.02.2018-ж. №2 пакет боюнча: 1-лот (№2 жана 4-агрегаттар): 6 023 028 АКШ доллары, 54 682 072 евро жана 119 415,3 миң сом, лот № 2 (1 жана 3 агрегат): 4 015 352 АКШ доллары, 33 121 381 евро жана 79 610,2 миң сом.

09.02.2021-жылдагы Контракттын жалпы шарттарынын 45-пунктуна ылайык, подрядчы жана заказчы Талаш маселелер боюнча кеңештин 3 мүчөсү менен контракт түзүшкөн, ага ылайык подрядчы Кеңештин мүчөсүнүн ар бирине 56 календардык күндүн ичинде агандан кийн ар бир

инвойсту толугу менен төлөп бериши керек жана бул инвойстордукн н жарым суммасын кайтаруу үчүн заказчыга карйылышы керек (инвойс суммасынан 50%ын подрядчыга кайтарып берүү).

Контрактка ылайык Талаш-тартыш маселелери боюнча кеңештин ар бир мүчөсүнө 28 күндүк билдирүү боюнча бардык угууларга жана барууларга гонорар ***айына 3 500 еврону түзөт***. Эгерде тараптардын бири талаш-тартышты жазуу жүзүндө Талаш Кеңешине тапшырса, аны кароо жана колдоо үчүн ***күнүмдүк тариф 3 500 еврону түзөт.***

Контракттарга кол коюлган күндөн тартып жана 20.07.2023-жылга чейин (кардар менен подрядчынын ортосунда болгон талаш-тартыштарга жана талаш-тартышты Талаш-тартыш кеңешинде кароого байланыштуу) компенсация суммасынын 50% заказчы тарабынан инвойсту кайтаруу суммасынан төлөм 550,9 миң еврону түзгөн (айлык гонорарды кошпогондо – 140,7 миң евро).

Жогорудагыларды эске алуу менен, «Токтогул ГЭСин реконструкциялоо-2-фаза» долбоорунун бюджетинин жоготуулары 550,9 миң еврону же 48 280,2 миң сомду түзгөн (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча инвойс күнүө карата).

**Корутунду**

«Токтогул ГЭСинин 2-фазасын реконструкциялоо» долбоору боюнча контракттарга кол коюлган күндөн тартып 20.07.2023-жылга чейин (заказчы менен подрядчынын ортосундагы талаш-тартыштарга байланыштуу жана талаш-тартыштын кеңеште каралышы боюнча) талаштуу маселелер боюнча), «Электр станциялары» ААКсына төлөмдөр GEHydroFrance (Франция) жана GERenewable (Швейцария) Консорциумга инвойсторду кайтаруу суммасынан 50%ды 550,9 миң еврону түзгөн (айлык гонорарды кошпогондо – 140,7 миң евро).

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

Аткаруучу агенттиктер менен бирдикте ишке ашырылып жаткан долбоорлор боюнча бюджеттик жоготууларды болтурбоо боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

– 2711 "Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар" беренеси боюнча такталган бюджет бекитилген бюджетке карата 82,5 млн. сомго көбөйтүлгөн жана 189,1 млн. сомду түзгөн, мында чыгымдар 170,5 млн. сомду түзгөн же такталган бюджеттен 18,6 млн. сомго аз. 31.12.2022-жылдагы абал боюнча 5,1 млн. сом суммасындагы кредиттик карыз бар;

– 2721 "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар" беренеси боюнча такталган бюджет бекитилген бюджетке карата 2 252,4 млн. сомго көбөйтүлгөн жана 16 628,8 млн. сомду түзгөн, мында чыгымдар (кесиптик билим берүү тутумундагы бирдиктүү берене менен берилген чыгымдарды эсепке албастан) 16 606,4 млн. сомду түзгөн же такталган бюджеттен 22,4 млн. сомго аз. 31.12.2022-жылга карата 11,2 млн. сом суммасындагы кредиттик карыз бар;

– 2821 “Башка квалификацияланбаган чыгымдар” беренеси боюнча такталган бюджет бекитилген бюджетке карата 4 042,6 млн. сомго азайтылган жана 815,4 млн. сомду түзгөн, мында чыгымдар (кесиптик билим берүү тутумундагы бирдиктүү берене менен берилген чыгымдарды эсепке албастан) 476,2 млн. сомду түзгөн же такталган бюджеттен 339,2 млн. сомго аз. 31.12.2022-жылга карата 28211 “Стипендиялар” беренеси боюнча 4,0 млн. сом суммасындагы кредиттик карыз бар.

31.12.2022-жылдагы абал боюнча корголгон беренелер боюнча кредиттик карыздын жалпы суммасы 422,6 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пунктун жана “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, корголгон беренелер боюнча кассалык чыгымдар биринчи кезекте жүргүзүлгөн эмес. Анын натыйжасында, 31.12.2022-жылдагы абал боюнча корголгон беренелер боюнча жалпы 422,6 млн. сом суммасында кредиттик карыз пайда болгон, анын ичинен төмөндөгү беренелер боюнча: 2111 “Эмгек акы” – 134,1 млн. сом, 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” – 37,6 млн. сом, 22171 “Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу” – 188,7 млн. сом, 2218 «”Тамак-аш продуктуларын сатып алуу” – 41,9 млн. сом, 2711 “Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар”– 5,1 млн. сом, 2721 “Калкка социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөк пулдар”– 11,2 млн. сом жана 28211 “Стипендиялар”– 4,0 млн. сом.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети корголгон беренелер боюнча чыгымдарды камсыз кылбаган жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пункутун жана “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүн бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин карасын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобонун *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.09.2022-жылдагы № 478 токтому менен өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин 17.12.2020-жылдагы № 618 токтомунун редакциясында)* 13-пункутуна ылайык, түзүлгөн республикалык бюджеттин кассалык планы, Финансы министри менен макулдашуу боюнча Финансы министринин орун басары – Борбордук Казыналыктын директору тарабынан бекитилет. Мында, 2022-жылдын январынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата кассалык пландоо, Финансы министринин орун басары менен макулдашуу боюнча Финансы министри тарабынан ресурстук бөлүк боюнча жалпы - 175 865,0 млн. сом

жана чыгымдар бөлүгү боюнча - 182 036,2 млн. сом суммасында бекитилген. Финансы министринин орун басары – Борбордук Казыналыктын директору кассалык планды түзүү жана бекитүү маселеси боюнча бюджеттик комиссиянын мүчөсү болуп эсептелет.

“Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобонун (*01.09.2022-жылдагы өзгөрүүлөр киргизилгенге чейин)* 9-пункуту менен, кассалык планды түзүү процессинде республикалык бюджеттин ресурстарын бирдей жана адилеттүү бөлүштүрүү максатында, кассалык пландоонун бирдиктүү формуласы (КПБФ) колдонулары каралган.

Бирок, кассалык планды түзүүдө жана бекитүүдө, Финансы министрлиги тарабынан пландоонун бирдиктүү формуласы (КПБФ) колдонулган эмес.

Ресурстук бөлүктүн жетишсиздигине карабастан, терс калдык менен кассалык пландар бекитилген жана такталган. Алсак, 2022-жылдын январында жана апрелден ноябрга чейин (9 ай) кассалык пландар терс калдык (кассалык үзгүлтүк) менен бекитилген, анын ичинен январдан августка чейинки мезгилде (*01.09.2022-жылы № 478 өзгөртүү киргизилгенге чейин)* 618,6 млн. сомдон 11 934,6 млн. сомго чейинки кассалык үзгүлтүк менен. Кассалык планды түзүүдө, бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдиги эске алынган эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобонун *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.09.2022-жылдагы № 478 токтому менен өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин 17.12.2020-жылдагы № 618 токтомунун редакциясында)* 13-пункутуна ылайык, түзүлгөн республикалык бюджеттин кассалык планы, Финансы министри менен макулдашуу боюнча Финансы министринин орун басары – Борбордук Казыналыктын директор тарабынан бекитилет. Мында, 2022-жылдын январынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата кассалык пландоо, Финансы министринин орун басары менен макулдашуу боюнча Финансы министри тарабынан ресурстук бөлүк боюнча жалпы - 175 865,0 млн. сом жана чыгымдар бөлүгү боюнча - 182 036,2 млн. сом суммасында бекитилген. Финансы министринин орун басары – Борбордук Казыналыктын директору кассалык планды түзүү жана бекитүү маселеси боюнча бюджеттик комиссиянын мүчөсү болуп эсептелет.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн Жобонун 9-пункутунун талаптары сакталбастан, кассалык пландоонун бирдиктүү формуласы колдонулган эмес. Ресурстук бөлүктүн жетишсиздигине карабастан, терс калдык менен кассалык пландар бекитилген жана такталган. 2022-жылдын январында жана апрелден ноябрга чейин (9 ай) кассалык пландар терс калдык (кассалык үзгүлтүк) менен бекитилген, анын ичинен январдан августка

чейинки мезгилде (*01.09.2022-жылы № 478 өзгөртүү киргизилгенге чейин)* 618,6 млн. сомдон 11 934,6 млн. сомго чейинки кассалык үзгүлтүк менен. Кассалык планды түзүүдө, бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдиги эске алынган эмес.

2022-жылы баштапкы бекитилген кассалык пландоого ай сайын өзгөртүүлөр киргизилген, негизинен, чыгымдар бөлүгүн көбөйтүү эсебинен, ал айрым учурларда баштапкы бекитилген пландан 35 %га жогорулатылган.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги кассалык планды түзүүнү жана бекитүүнү Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдигин реалдуу талдоонун негизинде жүргүзсүн.

***Бирдиктүү казыналык эсепке Кыргыз Республикасынын бюджетинин бардык ресурстарын милдеттүү жана дароо чегерүү боюнча***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пункутуна ылайык, бирдиктүүлүк принциби - Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жүзөгө ашырылуучу бюджетти аткаруу боюнча операцияларды кошпогондо, бюджеттин бардык ресурстарын кошууну жана бюджеттин бардык чыгашаларын бирдиктүү казыналык эсептен алууну жүзөгө ашырууну билдирет.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн Кодекстин 105-беренесинин 6-бөлүгү менен, бюджеттик мекемелер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксатысыз коммерциялык банктарда эсептерди ачууга укуксуз деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле, 105-берененин 3-бөлүгүнүн а) пункутуна ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр атайын эсепте эсепке алынат.

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүү - жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптарын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгү менен, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик органдар жана

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлгөн мекемелер казыналыктын тутумунан тышкары бардык эсептерди жабышы керек.

Мында, өзүн өзү каржылоо принцибинде иш алып барган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (АКжанаТЖКЧМА) ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүндө акча каражаттарынын келиши жана чыгышы коммерциялык банктардын эсептеринде казыналыктын тутумунан сырткары жүргүзүлөт.

АКжанаТЖКЧМА берген маалыматтарга ылайык, 2022-жылга ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн кирешелери - 1 071,5 млн. сомду, чыгымдар - 891,8 млн. сомду жана баланстык киреше - 179,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- 8 ведомстволук бөлүм боюнча кирешелер - 617,9 млн. сомду, чыгымдар - 520,7 миң сомду жана баланстык киреше - 97,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен олуттуу кирешелери боюнча: “Бишкекбашкыархитектура” - 176,7 млн. сом, Мамлекеттик экспертиза департаменти - 159,6 млн. сом жана Курулуш жана инженердик инфра түзүм департаменти (ТЖКД) - 116,6 млн. сом;

– 54 аймактык бөлүм боюнча кирешелер - 453,6 млн. сомду, чыгымдар - 371,1 млн. сомду жана баланстык киреше - 82,5 млн. сомду түзгөн,

Ошентип, мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөткөн жана өзүн өзү каржылаган АКжанаТЖКЧМАнын ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес жана бирдиктүүү казыналык эсепке 1 071,5 млн. сом суммасындагы бардык ресурстарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

Мындан сырткары, 1-формадагы Республикалык бюджеттеги бюджеттик мекемелердин валюталары жана депозиттерине карата 5-тиркемедеги топтолгон отчеттук маалыматтарга ылайык, 31.12.2022-жылдагы абал боюнча коммерциялык банктарда каражаттардын 157 889,7 миң сом суммасындагы калдыктары болгон.

Ошондой эле, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштарына ылайык, Бюджеттик кодекстин 105-беренесине ылайык коммерциялык банктардагы эсептерди жабуу жана каражаттардын калдыктарын бирдиктүү казыналык эсепке которуу боюнча чаралар көрүлүшү керек эле. Бирок, ушул кезге чейин коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пункутун сактабастан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6 жана 8-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтарды

көрсөткөн жана өзүн өзү каржылаган ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес жана бирдиктүү казыналык эсепке 1 071,5 млн. сом суммасындагы бардык ресурстарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

Мындан сырткары, 1-формадагы Республикалык бюджеттеги бюджеттик мекемелердин валюталары жана депозиттерине карата 5-тиркемедеги топтолгон отчеттук маалыматтарга ылайык, 31.12.2022-жылдагы абал боюнча коммерциялык банктарда каражаттардын 157 889,7 миң сом суммасындагы калдыктары болгон.

Ошондой эле, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштарына ылайык, Бюджеттик кодекстин 105-беренесине ылайык коммерциялык банктардагы эсептерди жабуу жана каражаттардын калдыктарын бирдиктүү казыналык эсепке которуу боюнча чаралар көрүлүшү керек эле. Бирок, ушул кезге чейин коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүннө жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, казыналыктан сырткары турган алыш-бериш эсептерин жабуу жана каражаттардын калдыктарын бирдиктүү казыналык эсепке которуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимин демилгелесин.

***Бирдиктүү казыналык эсептен сырткары турган бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын тиешелүү бюджеттердин эсептерине кечиктирбестен бюджеттик каражаттарды алуучуларга которуу бюнча талдоо.***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүнө ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулууга жатат.

Берилген маалыматтарга ылайык, аудит учурунда (31.07.2023-жылы) 31.12.2022-жылга карата мекемелердин кассасындагы 12 889,1 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттарынын калдыктары тиешелүү бюджеттердин эсебине которулган эмес, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде - 180,8 миң сом жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгында - 12 708,3 миң сом.

Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы № 131-б буйругу менен бекитилген, “Бюджеттик каражатты алуучу” төлөм картасын

чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө" Жобо бекитилген (мындан ары – Жобо). Жобонун 20-пункутуна ылайык, "Бюджеттик каражаттары алуучу" (БКА) картасы аркылуу акча каражаттарын, накталай акча каражаттарын алууга табыштама берилген күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде картаны кармоочу алышы керек. БКА картасы боюнча бюджеттик мекемелер жүргүзгөн бардык чыгымдар, кезектеги финансылык жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө аякташы керек. Ошону менен бирге, Жобонун 22-пункуту менен, аймактык башкармалыктардын (мындан ары – АБ) бардык начальниктери кезектеги финансылык жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө, бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алышын жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүүнү камсыздашат.

25.12.2022-жылга карата Башкы китептин балансынын бириктирилген отчётунун маалыматтары боюнча, БКА карталарындагы каражаттардын калдыктары 135 112,2 миң сомду жана 31.12.2022-жылга карата 5 621,8 миң сомду түзгөн. Келтирилген маалыматтардын негизинде, 2022-жылдын 25-декабрынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы БКА картасы боюнча чыгымдар 129 490,4 миң сомду (135 112,2 - 5 621,8) түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүн бузуу менен, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулган эмес.

Берилген маалыматтарга ылайык, аудит учурунда (31.07.2023-жылы) 31.12.2022-жылга карата мекемелердин кассасындагы 12 889,1 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттарынын калдыктары тиешелүү бюджеттердин эсебине которулган эмес (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде - 180,8 миң сом жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгында - 12 708,3 миң сом), ошондой эле, БКА картасы боюнча 352,1 миң сом суммасындагы калдыктар бар.

Мындан сырткары, "Бюджеттик каражатты алуучу" төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен, Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктары тарабынан кезектеги финансылык жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө, бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алуу жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүү камсыздалган эмес. Алсак, 2022-жылдын 25-декабрынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы БКА картасы боюнча чыгымдар 129 490,4 миң сомду (135 112,2 - 5 621,8) түзгөн.

25.12.2022-жылга карата Башкы китептин балансынын бириктирилген отчётунун маалыматтары боюнча, БКА карталарындагы каражаттардын

калдыктары 135 112,2 миң сомду жана 31.12.2022-жылга карата 5 621,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

- 31.12.2022-жылга карата “Бюджеттик каражатты алуучу” карталарындагы каражаттардын калдыктары боюнча “Банк аралык процессин борбору” ЖАКы менен салыштырууну жүргүзсүн;

- мекемелердин кассаларындагы 12 889,1 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттары жана БКА карталарындагы пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары тиешелүү бюджеттин эсептерине калыбына келтирилсин;

- БКА карталары боюнча чыгымдар Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы № 131-б буйругу менен бекитилген, “Бюджеттик каражатты алуучу” төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” Жобого ылайык жүргүзүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон бюджеттик каражаттардын калдыктарын өз учурунда чегерүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүн бузууга жол берген министрликтердин жана ведомстволордун кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарын эсепке алуу жана пайдалануунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келүүсү***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.04.2022-жылдагы № 65б буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу үчүн, коммерциялык банктарды тандоонун жол-жоболоруна” ылайык, Борбордук Казыналык тарабынан 3,0 млрд. сом өлчөмүндөгү убактылуу бош каражаттарды (мындан ары – УБК) жайгаштыруу жөнүндө сунуш киргизилген. Борбордук Казыналык берген талдоого ылайык, Бирдиктүү казынылак эсептеги акыркы калдык төмөндөгүлөрдү түзгөн: 2019-жылы - 11,8 млрд. сом, 2020-жылы - 13,8 млрд. сом, 2021-жылы акыркы калдык 16,7 млрд. сом.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 3,0 млрд. сом өлчөмүндөгү убактылуу бош каражаттарды боло турган жайгаштыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкына кат жөнөткөн. Ошондой эле, 13.04.2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына конкурска катышуу жөнүндө суроо-талап жөнөтүлгөн, ал 18.04.2022-жылы саат 12:00дө болгон.

Конкурс 18.04.2022-жылы саат 12:00дө төмөндөгү лоттор менен өткөрүлгөн:

| ЛОТТОР | Депозит суммасы (миң сом) | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Депозит боюнча пайыздык коюмдун баштапкы өлчөмү (жылдык %) |
|---|---|---|---|
| № 1 лот | 500 000,0 | 3 | 7 |
| № 2 лот | 500 000,0 | 3 | 7 |
| № 3 лот | 500 000,0 | 8 | 8 |
| № 4 лот | 500 000,0 | 8 | 8 |
| № 5 лот | 500 000,0 | 8 | 8 |
| № 6 лот | 500 000,0 | 8 | 8 |
| **Бардыгы** | **3 000 000,0** | | |

Конкурска 10 банк табыштама берген: “РСК Банк” ААКсы, “Финка банк” ЖАКы, “Компаньон” Банкы, “Бай Түшүм” Банкы, “Азия Банкы” ЖАКы,
“Кыргызкомерцбанк” ААКсы, “KICB” ЖАКы, “Доскредобанк” ААКсы, “Кыргыз-Швейцария Банкы” ЖАКы, “Халык банк Кыргызстан” ААКсы.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибине ылайык, бардык критерийлерге төмөндөгү 8 банк туура келген: “РСК Банк” ААКсы, “Финка банк” ЖАКы, “Бай Түшүм” Банкы, “Азия Банкы” ЖАКы, “KICB” ЖАКы, “Доскредобанк” ААКсы, “Кыргыз-Швейцария Банкы” ЖАКы, “Халык банк Кыргызстан” ААКсы.

Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктарды тандоо боюнча комиссиянын кеңешмесинин 19.04.2022-жылдагы протоколуна ылайык конкурстук комиссия тарабынан, төмөндөгү банктарга № 1, № 2, № 3, № 6 лот боюнча каражаттарды жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынган:

| ЛОТТОР | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын эсептик суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| № 1 лот | “РСК Банк” ААКсы | 3 | 7,5 | 500 000,0 | 9 375,0 |
| № 2 лот | “РСК Банк” ААКсы | 3 | 7,5 | 500 000,0 | 9 375,0 |
| № 3 лот | “KICB” ЖАКы | 8 | 10,0 | 500 000,0 | 33 333,3 |
| № 6 лот | “KICB” ЖАКы | 8 | 10,5 | 500 000,0 | 35 000,0 |
| **Бардыгы** | | | | **2 000 000,0** | **87 083,3** |

Табыштамаларды кароодо, конкурстук комиссия тарабынан мамлекеттин катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарга артыкчылык

берилгендигин аныкталган. Төмөндө коммерциялык банктар сунуш кылган абдан жогорку пайыздык коюмдар боюнча жүргүзүлгөн талдоо берилген:

| ЛОТТОР | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын эсептик суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| № 1 лот | "Бай Түшүм" Банкы | 3 | 8,0 | 500 000,0 | 10 000,0 |
| № 2 лот | "Доскредобанк" ААКсы | 3 | 8,0 | 500 000,0 | 10 000,0 |
| № 3 лот | "Бай Түшүм" Банкы | 8 | 14,0 | 500 000,0 | 46 666,7 |
| № 6 лот | "Финка банк" ЖАКы | 8 | 16,0 | 500 000,0 | 53 333,3 |
| **Бардыгы** | | | | **2 000 000,0** | **120 000,0** |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн суммалардын ортосундагы четтөө 32 916,7 миң сомду (120 000,0 – 87 083,3) түзгөн.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин 17-пункутуна ылайык, ыйгарым укуктуу орган өтпөй калган конкурс боюнча каражаттарды мамлекеттин катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарга жайгаштырууга укуктуу.

№ 4-5 лоттор боюнча конкурстук комиссия тарабынан, бюджеттин болжолдуу көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү себебинен улам, конкурстук өтпөй калды деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.04.2022-жылдагы № 65б буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу үчүн, коммерциялык банктарды тандоонун жол-жоболорунун" 13-пункутуна ылайык, өтпөй калган табыштамаларды тандоо жөнүндө чечим, табыштамалар жок, же тандоо өткөрүү жөнүндө маалыматта көрсөтүлгөн шарттарга бардык табыштамалар туура келбеген учурда кабыл алынышы мүмкүн.

Буга байланыштуу, № 4, 5 лоттор боюнча өтпөй калган конкурсту таануу жөнүндө конкурстук комиссиянын чечими негизсиз болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги УБКны жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоонун жол-жоболорун бузуу менен, депозитке акча каражаттарын жайгаштыруунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн пикирин эске албастан туруп, мамлекеттик катышуу үлүшү бар төмөндөгү коммерциялык банктарга талап кылганга чейин 1,0 млрд. сом өлчөмүндөгү каражаттарды негизсиз жайгаштырган:

| ЛОТТОР | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын эсептик суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| № 4 лот | "РСК Банк" ААКсы | 3 | 3 | 500 000,0 | 3 750,0 |
| № 5 лот | "Айыл Банк" ААКсы | 3 | 3 | 500 000,0 | 3 750,0 |
| **Бардыгы** | | | | **1 000 000,0** | **7 500,0** |

Жогоруда жазылгандардын негизинде № 4, 5 лоттор боюнча конкурстун бардык талаптарына туура келген жана катышкан коммерциялык банктар тарабынан сунуш кылынган абдан жогорку пайыздык коюмдар боюнча талдоо жүргүзүлгөн:

| ЛОТТОР | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын мүмкүн болуучу эсептик суммасы |
|---|---|---|---|---|---|
| № 4 лот | Азия Банкы | 3 | 10,0 | 500 000,0 | 12 500,0 |
| № 5 лот | КИКБ | 3 | 8,5 | 500 000,0 | 10 625,0 |
| **Бардыгы** | | | | **1 000 000,0** | **23 125,0** |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн суммалардын ортосундагы четтөө 15 625,0 миң сомду (23 125,0 - 7 500,0) түзгөн.

18.04.2022-жылдагы конкурс боюнча депозиттерден киреше бөлүгү боюнча четтөөлөрдүн жалпы суммасы **48 541,7 миң сомду** (32 916,7 + 15 625,0) түзгөн.

2022-жылдын июлунда жогоруда көрсөтүлгөн УБК башка коммерциялык банкка кайрадан жайгаштырылган.

Борбордук Казыналык тарабынан 2022-жылдын 7-июлунда 2,0 млрд. сом өлчөмүндөгү убактылуу бош каражаттарды жайгаштыруу жөнүндө Финансы министрлигине сунуш киргизилген. Борбордук Казыналык берген талдоого ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептин акыркы калдыгы төмөндөгүлөрдү түзгөн: 01.01.2022-жылга - 18,9 млрд. сом; 01.02.2022-жылга - 21,2 млрд. сом; 01.03.2022-жылга - 26,7 млрд. сом; 01.04.2022-жылга - 22,2 млрд. сом; 01.05.2022-жылга - 13,6 млрд. сом; 01.06.2022-жылга - 13,1 млрд. сом; 01.07.2022-жылга - 19,6 млрд. сом.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2,0 млрд. сом өлчөмүндөгү убактылуу бош каражаттарды жайгаштыруу тууралуу кат жөнөтүлгөн. Ошондой эле, 14.07.2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктарга конкурска катышуу жөнүндө суроо-талап жөнөтүлгөн, ал 21.07.2022-жылы саат 12:00дө болгон.

Конкурс 21.07.2022-жылы саат 12:00дө төмөндөгү лоттор менен өткөрүлгөн:

| ЛОТТОР | Депозит суммасы (миң сом) | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Депозит боюнча пайыздык коюмдун баштапкы өлчөмү (жылдык %) |
|---|---|---|---|
| № 1 лот | 300 000,0 | 5 | 10,5 |
| № 2 лот | 350 000,0 | 5 | 10,0 |
| № 3 лот | 400 000,0 | 5 | 9,5 |
| № 4 лот | 450 000,0 | 5 | 9,0 |
| № 5 лот | 500 000,0 | 5 | 8,5 |
| **Бардыгы** | **2 000 000,0** | | |

Конкурска 7 банк табыштама берген: "РСК Банк" ААКсы, "Финка банк" ЖАКы, "Бай Түшүм" Банкы, "KICB" ЖАКы, "Халык банк Кыргызстан" ААКсы, "Айыл банк" ААКсы, АКБ "Кыргызстан".

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибине ылайык, бардык критерийлерге төмөндөгү 6 банк туура келген: "РСК Банк" ААКсы, "Финка банк" ЖАКы, "Бай Түшүм" Банкы, "KICB" ЖАКы, "Халык банк Кыргызстан" ААКсы, "Айыл банк" ААКсы.

Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктарды тандоо боюнча комиссиянын кеңешмесинин 22.07.2022-жылдагы протоколуна ылайык конкурстук комиссия тарабынан, төмөндөгү банктарга каражаттарды жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынган:

| ЛОТЫ | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын эсептик суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| № 1 лот | "РСК Банк" ААКсы | 5 | 10,5 | 300 000,0 | 13 125,0 |
| № 2 лот | "Халык Банк Кыргызстан" ААКсы | 5 | 13 | 350 000,0 | 18 958,3 |
| № 3 лот | "Айыл Банк" ААКсы | 5 | 11,5 | 400 000,0 | 19 166,7 |
| № 4 лот | "Айыл Банк" ААКсы | 5 | 11 | 450 000,0 | 20 625,0 |
| № 5 лот | "Айыл Банк" ААКсы | 5 | 10,5 | 500 000,0 | 21 875,0 |
| **Бардыгы** | | | | **2 000 000,0** | **93 750,0** |

Төмөндө коммерциялык банктар сунуш кылган абдан жогорку коюмдар боюнча талдоо жүргүзүлгөн:

| ЛОТЫ | БАНК | Депозитти жайгаштыруу мөөнөтү (айы) | Ком.банктын коюму (жылдык %) | Депозит суммасы (миң сом) | Депозит боюнча %дын мүмкүн болуучу эсептик суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| № 1 лот | "Бай Түшүм" Банкы | 5 | 13 | 300 000,0 | 16 250,0 |
| № 2 лот | "Халык Банк Кыргызстан" ААКсы | 5 | 13 | 350 000,0 | 18 958,3 |
| № 3 лот | "Халык Банк Кыргызстан" | 5 | 12 | 400 000,0 | 20 000,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | ААКсы | | | | |
| № 4 лот | “Айыл Банк” ААКсы | 5 | 11 | 450 000,0 | 20 625,0 |
| № 5 лот | “Айыл Банк” ААКсы | 5 | 10,5 | 500 000,0 | 21 875,0 |
| **Бардыгы** | | | | **2 000 000,0** | **97 708,3** |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөө **3 958,3 миң сомду** (97 708,3 – 93 750,0) түзгөн.

Борбордук Казыналык тарабынан 800,0 млн. сом өлчөмүндөгү убактылуу бош каражаттарды жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Конкурс 2022-жылдын 7-октябрында өткөн, ага “РСК Банк” ААКсынан гана 200,0 млн сом суммасында бир табыштама түшкөн. Конкурстук комиссия тарабынан, “РСК Банк” ААКсы табыштаманы туура эмес бергендигине жана башка табыштамалардын жоктугуна байланыштуу токтотулган. УБКны жайгаштыруу тартибинин 17-пункутуна ылайык, 800,0 млн. сом өлчөмүндөгү каражаттар талап кылганга чейин, жылдык 3% менен “Айыл банк” ААКсына жайгаштырылган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктарды тандоо боюнча конкурстук комиссиянын 19.04.2022-жылдагы протоколуна ылайык, конкурстук комиссия тарабынан № 1, № 2, № 3, № 6 лоттор боюнча жалпы 2 000,0 млн. сом суммасындагы каражаттар “РСК Банк” ААКсына жана “KICB” ЖАКына жайгаштырылган. Депозиттин пайыздары боюнча эсептик сумма 87,1 млн. сомду түзгөн.

Табыштамаларды кароодо, конкурстук комиссия тарабынан мамлекеттин катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарга артыкчылык берилгендигин аныкталган. “Бай Түшүм” ААКсы, “Доскредобанк” ААКсы жана “Финка банк” ЖАКынын депозиттеринин пайыздары боюнча кирешелердин эсептик суммасы 120,0 млн сомду түзгөн. УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөө 32,9 млн. сомду (120,0 - 87,1) түзгөн.

№ 4, 5 лоттор боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.04.2022-жылдагы № 65 б буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу үчүн, коммерциялык банктарды тандоонун жол-жоболорунун” 13-пункутун бузуу менен, конкурс өтпөй калды деп негизсиз таанылган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн жол-жоболорду бузуу менен, депозитке акча каражаттарын жайгаштыруунун максатка ылайыксызды жөнүндө конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн пикирин эске албастан, 1,0 млрд сом өлчөмүндөгү каражаттар талап кылганга чейин “Айыл банк” ААКсына жана “РСК Банк” ААКсына жайгаштырган. Депозиттин пайыздары боюнча эсептик сумма 7,5 млн. сомду түзгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн лоттор боюнча “Азия Банкы” ААКсы жана “KICB” ЖАКы коммерциялык банктар тарабынан жогорку пайыздык коюмдар коюлган, ал жерде депозиттин пайыздарынан кирешелер 23,1 млн. сомду түзгөн. УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөө 15,6 млн. сомду (23,1 - 7,5) түзгөн.

18.04.2022-жылдагы конкурс боюнча УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөөнүн жалпы суммасы 48,5 млн. сомду (32,9 + 15,6) түзгөн.

Мындан сырткары, жалпы 2 000,0 млн. сом суммасында беш лот боюнча 21.07.2022-жылдагы УБКны жайгаштыруу боюнча конкурс өткөрүлгөн. УБКны жайгаштыруудан абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөө 4,0 млн. сомду (97,7 – 93,7) түзгөн.

УБКны жайгаштыруу боюнча эки конкурста 2022-жылы абдан жогорку пайыздар боюнча эсептик суммалардын жана факты жүзүндө келип түшкөн кирешелердин ортосундагы четтөө 52,5 млн. сомду (48,5 +4,0) түзгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги убактылуу бош каражаттарды жайгаштырууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартиби менен каралган, УБКны жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоо жол-жоболорун так жетекчиликке алсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 26.04.2022-жылдагы № 78-б “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу боюнча убактылуу эсепке алуу жана отчеттуулук тартиби жөнүндө” буйругуна ылайык, жайгаштырылган каражаттар боюнча жүгүртүүнү эсепке алуу, “Каражаттарды жайгаштыруу” башкы китебинин Бириктирилген балансынын техникалык эсебинде жүргүзүлөт. Мында, коммерциялык банктарга жайгаштырылган УБК булактары боюнча финансылык отчеттуулук жана эсеп, Башкы китептин Бириктирилген балансынын ресурстук бөлүгүнөн өзүнчө жүргүзүлөт. Буга байланыштуу, УБКнын пайда болуу булактары аныкталган жок.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 26.04.2022-жылдагы № 78-б “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу боюнча убактылуу эсепке алуу жана отчеттуулук тартиби жөнүндө” буйругуна ылайык, жайгаштырылган каражаттар боюнча жүгүртүүнү эсепке алуу, “Каражаттарды жайгаштыруу” башкы китебинин Бириктирилген

балансынын техникалык эсебинде жүргүзүлөт. Мында, коммерциялык банктарга жайгаштырылган УБК булактары боюнча финансылык отчеттуулук жана эсеп, Башкы китептин Бириктирилген балансынын ресурстук бөлүгүнөн өзүнчө жүргүзүлөт. Буга байланыштуу, УБКнын пайда болуу булактары аныкталган жок.

**Сунуш**

Ресурстук бөлүктөр (республикалык же жергиликтүү бюджет, атайын эсептин каражаттары же депозиттик каражаттар ж.б.) эсептери боюнча УБКнын пайда болуу булактарын көрсөтүү менен, коммерциялык банктарга Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштырууда ачыктык принцибин сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-бөлүгүнүн 3-пункутунун з) пункутчасына ылайык, атайын эсептерде Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу башка каражаттар түрүндө келип түшүүлөр эсепке алынат. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.04.2022-жылдагы № 233 токтому менен, Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоонун тартиби (мындан ары – Тартип), ошондой эле, Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттардын тизмеги (мындан ары – Тизмек) бекитилген.

Тартиптин 4-пунктунун 2,3 жана 5-пункутчаларына ылайык, Тизмекке салык эмес кирешелердин булактарын киргизүүнү негизги критерийлери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет: башка каражаттардын булагы бул ведомствого ресурстардын администраторлору боюнча бюджетке түшүүлөрдүн булактарынын реестринде (тизмегинде) бекитилген булак; түшүүлөрдү көбөйтүүдө дем берүүчү фактордун болушу; тең салмактуулук жана тилектештик, б.а. башка каражаттар катары каралган жыйымдардын, менчиктен түшкөн кирешелердин, айыптардын жана өндүрүп алуулардын бир бөлүгү атайын эсептерге чегерилүүдөн тышкары бюджеттин киреше бөлүгүндө топтолуучу эсепте чагылдырылууга тийиш.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы № 604 токтому менен бекитилген, Административдик ресурстар боюнча келип түшүүлөр булактарынын реестринде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине “Борбордук аппараттагы Финансы министрлигинин ведомстволук мекемелеринин чегерүүлөрүнүн” жана “Бюджеттик бош каражаттарды жайгаштыруудан пайыздардын” түшүү булактары бекитилген эмес. Ошондой эле, топтолгон эсептен көрсөтүлбөстөн, белгиленген булактан келип түшкөндөр толугу менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине чегерилет.

Жогоруда белгиленген критерийлерге туура келбегендигине карабастан, Тизмекке Финансы министрлигинин атайын эсебине “Борбордук аппараттагы Финансы министрлигинин ведомстволук мекемелеринин

чегерүүлөрүнүн” жана “Бюджеттик бош каражаттарды жайгаштыруудан пайыздардын” келип түшүү булактары киргизилген.

2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде турган, мекемелердин атайын эсептеринин каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө берилген отчетко ылайык, Финансы министрлигинин атайын эсебине 201 928,5 миң сом каражаттар келип түшкөн, анын ичинен: Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фонддон “жогору/төмөн турган мекемелердин чегерүүлөрү” төлөмүн багыттоо менен - 9 496,5 миң сом жана коммерциялык банктардан “эсептелген пайыздарды чегерүү” - 192 432,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин 7-пункуту менен, Бюджеттик системанын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруудан пайыздык киреше түрүндө алынган акча каражаттары Бирдиктүү казыналык эсепке которулууга тийиш, аларды андан ары пайдалануу Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимине ылайык жүргүзүлөт.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечиминин жоктугунан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан атайын эсептен 124 179,9 миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн. Чыгымдарын 97 % негизги үлүшү кызматкерлерди сыйлоого багытталган, бул болсо, 120 904,1 миң сом суммасын түзгөн, анын ичинен: 2111 “Эмгек акы” беренесинен - 106 215,2 миң сом жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренесинен - 14 688,9 миң сом. Кассалык чыгымдардын калган бөлүгү төмөндөгү беренелерге туура келет: 2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” – 230,3 миң сом, 2215 “Жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” – 584,0 миң сом жана 3112 “Машиналар жана жабдуулар” - 2 461,4 миң сом. 31.12.2022-жылга карата калдык 77 748,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоонун тартибин бузуу менен (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.04.2022-жылдагы № 233 токтому менен бекитилген), Атайын эсептерде топтолгон каражаттардын тизмесине салык эмес кирешелердин булактарын киргизүүнүн негизги критерийлерине туура келбегендигине жана Ресурстардын администраторлору тарабынан бюджетке келип түшкөн булактардын реестринде жоктугуна карабастан, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги боюнча “Борбордук аппараттагы Финансы министрлигинин ведомстволук мекемелеринин чегерүүлөрү” жана “Бюджеттик бош каражаттарды жайгаштыруудан пайыздар”, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине 201 928,5 миң сом келип түшкөн, анын ичинен: Финансы министрлигинин

алдындагы Финансылык-кредиттик фонддон “жогору/төмөн турган мекемелердин чегерүүлөрү” төлөмүн багыттоо менен - 9 496,5 миң сом жана коммерциялык банктардан “эсептелген пайыздарды чегерүү” - 192 432,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин 7-пункутун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын убактылуу жайгаштыруудан пайыздык киреше түрүндө алынган акча каражаттарын андан ары пайдалануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечиминин жоктугунан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан атайын эсептен 124 179,9 миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн. Чыгымдарын 97 % негизги үлүшү кызматкерлерди сыйлоого багытталган, бул болсо, 120 904,1 миң сом суммасын түзгөн, анын ичинен: 2111 “Эмгек акы” беренесинен - 106 215,2 миң сом жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренесинен - 14 688,9 миң сом. 31.12.2022-жылга карата атайын эсептин калдыгы 77 748,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:***

- Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоонун тартибин бузуу менен (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.04.2022-жылдагы № 233 токтому менен бекитилген), “Борбордук аппараттагы Финансы министрлигинин ведомстволук мекемелеринин чегерүүлөрдөн” жана “Бюджеттик бош каражаттарды жайгаштыруудан пайыздардан” келип түшкөн каражаттарды атайын эсепке чегерүүнү токтотсун.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы № 604 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджетинин ресурстарынын администраторлору боюнча бюджетке түшүү булактарынын реестрине киргизүүгө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 75-беренесинин талаптарына ылайык келтирсин.

- Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоонун тартибин бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине каражаттарды чегерүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибин бузуу менен, атайын эсептен каражаттарды чыгымдоо бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамын бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин карасын.

***“Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында, аппараттык-программалык комплексти колдонуу***

***менен фиксацияланган, Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдаланууну талдоо***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.02.2019-жылдагы № 56 токтому менен, "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартиби бекитилген (мындан ары – Тартип).

Тартиптин 7-пункутуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча башкы башкармалыгы (ЖКККББ) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте иш жүзүндө түшкөн финансылык каражаттарды жана төлөнгөн айыптардын санын эсепке алуу үчүн ар бир айдын 7сине чейин, ай сайын администрацияланган эсепке ар бир АПК боюнча иш жүзүндө келип түшкөн акча каражаттарынын салыштырып-текшерүү актысын түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда көрсөтүлгөн токтому Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.06.202-жылдагы № 299 токтому менен күчүн жоготту деп таанылган, аны менен "Укук бузуулардын бирдиктүү реестри" автоматташтырылган маалыматтык системасында иштелип чыккан, анын ичинде "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган укук бузууларды жасагандыгы үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартиби бекитилген, ал жерде административдик эсепке факты жүзүндө келип түшкөн акча каражаттарын салыштыруу актысынын мөөнөтү ай сайын 10-числого чейин белгиленген.

Бирок, 2022-жылы ЖКККББ менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосундагы салыштыруу актылары жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттү дайыма бузуу менен түзүлгөн. Мисалы, ЖКККББ тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине январь үчүн салыштыруу актысы 16.02.2022-жылдагы № 20-10/1100 кат менен, июль жана август үчүн 13.10.2022-жылдагы № 20-10/8074 бир эле кат менен, ушундай эле октябрь жан ноябрь айлары үчүн, 15.02.2023-жылдагы № 20-10/1585 кат менен жөнөтүлгөн ж.б. Негизинен, 2022-жылы салыштыруу актылары белгиленген мөөнөттөн 5 күндөн 2,5 айга чейин кечиктирүү менен түзүлгөн.

Борбордук казыналык тарабынан салыштыруу актыларын өз учурунда берүү зарылдыгы жөнүндө кат жөнөтүлгөн, мисалы, ЖКККББга 16.07.2019-жылдагы № 05-03-2/881 жана “Инфоком” МИге, Башкы прокуратурага 14.06.2022-жылдагы № 05-2/6984 чыгыш каттары менен.

"Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бузгандыгы боюнча берилген маалыматтарга ылайык, 2022-жылы республикалык бюджеттин кирешесине 712 280,6 миң сом суммасындагы каражаттар келип түшкөн, анын ичинен: айып пулдар - 548 622,6 миң сом жана айып пулдар боюнча туумдар, финансылык санкциялар - 163 658,0 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн тартип менен, айып пул суммаларын пайдалануу тартиби белгиленген. Айып пулдардан келип түшкөн 548 622,6 миң сом суммасындагы каржаттар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: ЖКККББ - 23 150,4 миң сом, Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети (Санариптик өнүктүрүү министрлиги) - 11 222,9 миң сом. Жеткире каржыланбаган калдык 49 591,5 миң сом суммасын түзгөн (УКМК - 11 694,1 миң сом жана ЖӨБО – 37 897,4 миң сом). Ошону менен бирге, айып пул суммаларын пайдалануу тартибин аткаруу камсыздалган эмес.

**Корутунду**

"Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бузуу менен, 2022-жылы салыштыруу актылары дайыма белгиленген мөөнөттөн 5 күндөн 2,5 айга чейин кечиктирүү менен түзүлгөн.

"Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бузгандыгы үчүн, 2022-жылы республикалык бюджеттин кирешесине 712 280,6 миң сом суммасындагы каражаттар келип түшкөн, анын ичинен: айып пулдар - 548 622,6 миң сом жана айып пулдар боюнча туумдар, финансылык санкциялар - 163 658,0 миң сом.

Айып пулдардан келип түшкөн 548 622,6 миң сом суммасындагы каржаттар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: ЖКККББ - 23 150,4 миң сом, Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети (Санариптик өнүктүрүү министрлиги) - 11 222,9 миң сом. Жеткире каржыланбаган калдык 49 591,5 миң сом суммасын түзгөн (УКМК - 11 694,1 миң сом жана ЖӨБО – 37 897,4 миң сом). Ошону менен бирге, айып пул суммаларын пайдалануу тартибин аткаруу камсыздалган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.02.2019-жылдагы № 56 токтому менен бекитилген, "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар"

компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин аткаруу менен, факты жүзүндө келип түшкөн каражаттарды жана төлөнгөн айып пулдардын санын эсепке алуу үчүн, белгиленген мөөнөттө салыштыруу актылары түзүлсүн жана "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында чыгымдарды каржылоо өз учурунда жүргүзүлсүн.

***Бюджеттик милдеттенмелерди администрациалоосун талдоо (Бюджеттик кодекстин 103-104 беренелери)***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгү менен, бюджеттик милдеттенмелердин лимити - алуучу тарабынан бюджеттик милдеттенмелерди аткаруу үчүн бюджеттик каражаттардын чектик ченеми каралган.

Бюджеттик смета - бюджеттик мекеменин кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмүн квартал боюнча бөлүштүрүү менен бюджеттик классификацияга ылайык аныктоочу документ.

Көрсөтүлгөн Кодекстин 71-беренесинин 23-пункутуна ылайык, бюджеттик укук мамилелерин жөнгө салуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган артыкчылыктарды жана программалык иш-чараларды эске алуу менен республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга ылайык аларды квартал боюнча бөлүштүрүү менен башкы тескөөчүлөргө, тескөөчүлөргө жана алуучуларга бюджеттик милдеттенмелердин лимиттерин жиберет;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы № 723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартибине ылайык, жыйынды бюджеттик жазуу - бекитилген бюджеттин негизинде түзүлүп, бюджеттик классификацияга ылайык бюджеттин кирешелерин жана чыгымдарын квартал боюнча бөлүштүрүүнү, активдер жана милдеттенмелер менен операцияларды камтуучу документ.

Жыйынды жазуу бюджеттик процесстин катышуучулары үчүн негизги директивалык документ болот, анын негизинде бюджетке кирешелердин түшүүсү, ошондой эле республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнованиелерди бөлүү контролдонот.

Бирок, республикалык бюджетти аткарууда жана кассалык пландарын түзүүдө, 15.02.2022-жылы Финансы министри бекиткен, 2022-жылга республикалык бюджеттин жыйынды жазуусу Финансы министрлиги тарабынан кармалган эмес. Ошондой эле, бюджеттин жыйынды жазуусу 2022-жылдын 1-кварталынын аягында жана IV кварталында терс калдык менен, бюджеттин баланстуулугу принцибин сактабастан бекитилген.

31.12.2022-жылдагы “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, 2022-жылга республикалык бюджеттин такталган жыйынды жазуусу бекитилген, ал жерде өзгөртүүлөр киргизилген, анын ичинен 2022-жылдын I-III кварталына, б.а. өткөн мезгилге карата.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 4-бөлүгү менен, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди аткаруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте квартал боюнча бюджеттик бөлүштүрүүнүн негизинде ыйгарым укуктуу аткаруу орган тарабынан жүзөгө ашырылат деп көрсөтүлгөн. Мында, ыйгарым укуктуу орган (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги) тарабынан бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчү (БКББ) жана бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчү (БКБ) боюнча бюджеттик милдеттенмелердин лимитин сактоо, квартал сайын бөлүштүрүү менен эсепке алынбайт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы № 723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 4-бөлүгү жана 71-беренесинин 3-бөлүгү сакталбагандыктан, ыйгарым укуктуу орган (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги) тарабынан бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчү (БКББ) жана бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчү (БКБ) боюнча бюджеттик милдеттенмелердин лимитин сактоо, квартал сайын бөлүштүрүү менен эсепке алынбайт.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги БКББ жана БКБ боюнча бюджеттик милдеттенмелердин лимитин сактоо эсебин жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 71 жана 103-беренелерине, ошондой эле Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартибине (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15.05.2023-жылдагы № 248 токтому) ылайык, квартал сайын бюджеттик бөлүштүрүүнүн негизине, бекитилген жана такталган бюджеттердин чегинде бюджетти аткаруу процессинде чыгымдардын жүргүзүүнү ылайык келтирсин.

***Бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарынын калдыктарынын жана бюджеттердин кассалык чыгашаларын жүзөгө ашырууну (105-берененин 5-пункуту) талдоо.***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин акча каражаттарынын калдыктарынын чектеринде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашырат.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн Кодекстин 106-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункуту менен, бюджеттердин аткарылышынын кассалык тейлөөсү төлөм документтерин берүүнүн кезектүүлүгүнүн тартибинде аларды белгиленген тартипте берүүнүн негизинде жана Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттин каражаттарынын калдыгынын иш жүзүндө болгон чектеринде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бюджеттен кассалык чыгашаларын карайт деп белгиленген.

Тандалма талдоодо, Бирдиктүү казыналык эсепте бюджеттик каражаттардын факты жүзүндө калдыгынын жоктугуна карабастан, бюджеттик каражаттар боюнча кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын натыйжасында 5 155,0 млн. сомго чейин кассалык айырма пайда болгон, мисалы, 30.04.2022-жылга (-)2 011,5 млн. сом, 31.05.2022-жылга (-)4 310,6 млн. сом, 13.05.2022-жылга (-)5 155,0 млн. сом ж.б. б.а. жергиликтүү бюджеттердин, Бирдиктүү казыналык эсепте турган атайын жана/же депозиттик эсептердин каражаттары чыгымдалган. Мында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин акча каражаттарынын калдыктарынын чектеринде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесине ылайык, Бюджеттик милдеттенмелерди аткаруу боюнча кассалык төлөөлөрдүн көлөмдөрүнө кассалык чектөөлөр бюджеттин чыгашалары түшкөн кирешелердин көлөмүнөн убактылуу ашып кеткен учурда киргизилери каралган. Кассалык чектөөлөрдү киргизүү чечими ыйгарым укуктуу орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан кабыл алынат. Кассалык чектөөлөрдү киргизүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет. Бирок, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүн жана 106-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункутун бузуу менен, 2022-жылы Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттик каражаттардын факты жүзүндө калдыгынын жоктугуна карабастан, бюджеттик каражаттар боюнча кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын натыйжасында 5 155,0 млн. сомго чейин кассалык айырма пайда болгон, б.а. жергиликтүү бюджеттердин, Бирдиктүү казыналык эсепте турган атайын жана/же депозиттик эсептердин каражаттары чыгымдалган. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесинин ченемдери сакталбагандыктан, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуш**

Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттин каражаттарынын калдыгынын иш жүзүндө болгон чектеринде республикалык жана жергилиетүү бюджеттердин чыгымдары боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү

бөлүгүндө кассалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык так жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесин аткаруу менен, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби иштелип чыксын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилсин.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берилген республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттордун курамынынын толуктугун талдоо***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамында республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзөт жана отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-майынан кечиктирбестен Министрлер Кабинетине берет.

Министрлер Кабинети ушул Кодекстин талаптарына ылайык отчеттук мезгилден кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен отчеттук жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетту карайт жана Жогорку Кеңештин кароосуна жиберет.

Мында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Министрлер Кабинети жыл сайыл 1-майдан кечиктирбестен республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Жогорку Кеңешке отчет берет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет тиешелүү тиркемелери менен, 28.04.2023-жылдагы № 05-4/5309 чыгыш каты менен жөнөтүлгөн.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-тиркемесине ылайык, 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренесинин такталган бюджетинин жалпы суммасы 9 985,4 млн. сомду түзгөн, ал эми 2022-жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет боюнча 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренеси боюнча такталган бюджеттин жалпы саны 9 973,1 млн. сомду түзгөн, же Мыйзам менен белгиленген суммадан 12,3 млн. сомго аз (9 985,4 – 9 973,1).

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзам менен “Кызматтык иш сапарларга чыгымдар” беренеси боюнча такталган бюджет 1 043,5 млн. сомду түзгөн, мында, 1 055,8 млн. сом суммасы көрсөтүлгөн же 12,3 млн. сомго көп (1 055,8 – 1 043,5).

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин 4-бөлүгү менен, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамында республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзөт жана отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-майынан кечиктирбестен Министрлер Кабинетине берет деп каралган. Бул болсо, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө каршы келет, ал жерде Министрлер Кабинети жыл сайыл 1-майдан кечиктирбестен республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Жогорку Кеңешке отчет берет деп белгиленген.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын бюджеттик каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетто 2121 "Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси боюнча 12,3 млн. сомго аз (9 985,4 – 9 973,1) четтөө аныкталган, ал эми Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-тиркемесинде каралган суммадан 2211 "Кызматтык иш сапарларга чыгымдар" беренеси боюнча 12,3 млн. сомго көп (1 055,8 – 1 043,5) көрсөтүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

- республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту берүү мөөнөтү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин 4-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгү менен шайкеш келтирилсин.

***Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын сакталышын камсыздоосун талдоо***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча - убактылуу кассалык үзүлүштөр келип чыкканда мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын үзгүлтүксүз жүзөгө ашыруу үчүн арналган милдеттүү бюджеттик резерв болуп белгиленген. Бул берененин 3-бөлүгү менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмү бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмүнүн чектеринде кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда бекитилери белгиленген.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-тиркемесине ылайык, жылдык эмгек акы фонду 82 192,1 млн. сомду түзөт, бул болсо, айына орточо 6 849,3 млн. сомду түзгөн. Мында, мыйзамда бекитилери белгиленген.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын

Мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгү менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын такталган көлөмү көрсөтүлгөн эмес жана 500,0 млн. сомдон кем эмес суммадагы минималдуу маани гана белгиленген. Бул болсо, такталган бир айлык эмгек акы фондунун көлөмүнөн 6 349,3 млн. сомго (6 849,3-500,0) же 13,7 эсе (6 849,3/500,0) аз. Бул, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын такталган көлөмүн аныктоонун формалдуулугуна жана милдеттүү бюджеттик резерв сакталбагандыгына байланыштуу, чыгымдардын корголгон беренелерин төлөй албастыгынын тобокелдиктеринин пайда болушу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, бекитилген Мыйзам менен жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү, бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз каржылоону камсыздай албай тургандыгы, бул көрсөткүч белгилүү бир методика менен эсептелиши жана кайрадан каралышы керектиги белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин берген түшүндүрмөсүнө ылайык, эмгек акы фондунун чегинде жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчаларды түзүү бир нече убакытты талап кылат, буга байланыштуу, 2022-жылдан тартып эмгек акы фондунун көлөмү бир кыйла өскөн. Ошондой эле, учурда жыл башындагы бош каражаттарды так болжолдоо мүмкүн эмес. Жыл башындагы бош калдыктар, өткөн жылдын жыйынтыгы менен гана аныкталат, мында, кийинки жылга республикалык бюджет бекитилип калат.

Бекитилген республикалык бюджеттеги алардын көлөмүнөн, жыл башындагы бош калдыктардын факты жүзүндө ашырылышы, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 6-беренесине ылайык, бюджеттин баланстуулугу принцибин бузууга, ошондой эле, бюджетке кошумча күч келтирүүгө алып келиши мүмкүн.

**Корутунду**

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын такталган көлөмү бекитилген эмес жана 500,0 млн. сомдон кем эмес суммадагы минималдуу маани гана белгиленген. Бул болсо, такталган бир айлык эмгек акы фондунун көлөмүнөн 6 349,3 млн. сомго (6 849,3-500,0) же 13,7 эсе (6 849,3/500,0) аз. Бул, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын такталган көлөмүн аныктоонун формалдуулугу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин 1-бөлүгү менен белгиленген, милдеттүү бюджеттик резерв сакталбагандыгына байланыштуу, чыгымдардын корголгон беренелерин төлөй албастыгынын тобокелдиктеринин пайда болушу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, бекитилген Мыйзам менен жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү, бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз каржылоону камсыздай албай тургандыгы, бул көрсөткүч белгилүү бир

методика менен эсептелиши жана кайрадан каралышы керектиги белгиленген.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

- кезектеги финансылык жылга бюджетти түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесине ылайык, убактылуу кассалык үзгүлтүктөр пайда болгондо, мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз жүргүзүү үчүн багытталган милдеттүү бюджеттик резервди (жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалар) сактоо максатында, эмгек акы фондунун бир айлык көлөмүнүн чегинде жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү каралсын.

***“Аныкталбаган суммалардын” көбөйүүсүнүн/азаюусунун пайда болуу себептерин талдоо***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин 58-пункту менен, "Аныкталбаган түшүүлөр" эсебине түшкөн төлөмдөр жана кирешенин түрүнө таандыктыгы аныкталбаган түшүүлөр алар чегерилген күндөн тартып 2 (эки) ай бою "аныкталбаган түшүүлөр" катары эсептелет, ал эми өтүп жаткан жылдын декабрында келип түшкөн төлөмдөр ошол жылдын 30-декабрына чейин эсепке алынат. Бул мөөнөттөр аяктагандан кийин бул суммалар АС автоматтык түрдө республикалык бюджеттин кирешесине чегерилет жана 14511900 "Башка салыктык эмес түшүүлөр" классификациясынын элементи боюнча эсепке алынат деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктарынын (АБ) жана Борбордук Казыналыктын (БК) эсептеринин көчүрмөлөрү боюнча, “АИС Казна Бюджетте” түзүлгөн аныкталбаган суммалар 29.12.2022-жылдын аягында 439 923,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен: бюджеттик эсептер боюнча - 436 518,5 миң сом жана атайын эспетер боюнча - 3 404,9 миң сом. Борбордук Казыналыктын бюджеттик эсеби боюнча, 2021-2022-жылдары келип түшкөн 427 861,7 миң сом суммасындагы бир кыйла сумма бар.

Мында, АБ жана БК тарабынан көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганда 29.12.2022-жылдын аягындагы 439 923,4 миң сом өлчөмүндөгү аныкталбаган суммалардын калдыктары республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген эмес.

БК берген маалыматтарга ылайык, 2022-жылга карата бюджеттик каражаттар боюнча аныкталбаган суммалардын эсеби боюнча жыл башындагы калдык 27 670,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен, БК боюнча абдан олуттуу сумманы 26 448,0 миң сом суммасы түзгөн. 31.12.2022-жылга карата калдык 11 381,6 миң сомго (58,9 %) азайтылган жана 16 289,3 миң сом суммасын түзгөн, анын ичинен, 2021-2022-жылдар аралыгында келип

түшкөн абдан олуттуу сумма БК боюнча 15 097,4 миң сом суммасында түзүлгөн.

Мындан сырткары, төмөндөгүлөр боюнча 31.12.2022-жылга карата аныкталбаган суммалар боюнча жалпы (-)28 569,8 миң сом суммасында терс калдык бар:

– Майлуу-Суу АБ (-)3 250,9 миң сом, ал 2010-жылга чейин пайда болгон. Бул каражаттар боюнча Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик финансы полициясы тарабынан 27.04.2010-жылдагы № 084105080 жазык иши козголгон (мында, Майлуу-Суу АБга жазык ишинин жыйынтыгы жөнүндө маалымдалган эмес);

– Жайыл АБ (-)25 307,3 миң сом, ал боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан 07.04.2005-жылдагы № 85-04-23 жазык иши козголгон жана ушул кезге чейин сот иштери аяктаган эмес;

– Бакай-Ата АБ (-)11,6 миң сом, ал 2015-жылдан бери бар.

**Корутунду**

БК берген маалыматтарга ылайык, 2022-жылга карата бюджеттик каражаттар боюнча аныкталбаган суммалардын эсеби боюнча жыл башындагы калдык 27 670,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен, БК боюнча абдан олуттуу сумманы 26 448,0 миң сом суммасы түзгөн. 31.12.2022-жылга карата калдык 11 381,6 миң сомго (58,9 %) азайтылган жана 16 289,3 миң сом суммасын түзгөн, анын ичинен, 2021-2022-жылдар аралыгында келип түшкөн абдан олуттуу сумма БК боюнча 15 097,4 миң сом суммасында түзүлгөн.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктары (АБ) жана Борбордук Казыналык (БК) тарабынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин 58-пункутунда көрсөтүлгөн, белгиленген мөөнөттү бузуу менен, 2022-жылдын 29-декабрындагы абал боюнча аныкталбаган суммаларды 439 923,4 миң сом өлчөмүндөгү калдыгы республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген эмес.

**Сунуш**

БК 31.12.2022-жылга карата аныкталбаган суммалардын калдыктарынын пайда болгон себептерин жана мөөнөтүн карасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин 58-пункутуна ылайык, белгиленген мөөнөттө аларды республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү камсыздалсын.

**<u>Капиталдык салымдар</u>**

“Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 3 000,0 млн. сом суммасындагы каражаттар каралган.

Такталган план менен “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча сметалык багыттоолор көбөйтүлгөн, аны менен 17 601,0 млн. сом өлчөмүндөгү каражаттар каралган, анын ичинен, мамлекеттик заказчылардын табыштамаларынын негизинде 17 572,5 млн. сом бөлүнгөн, алар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

| № | Мамлекеттик заказчылардын аталышы | 2022-жылга план | 2022-жылга такталган план | 2022-жылга каржылоо фактысы | % аткаруу |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Республика боюнча бардыгы (млн.сом):** | **3 000,0** | **17 601,0** | **17 572,5** | **99,8%** |
| **1** | **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги** | **900,0** | **5 490,9** | **5 467,4** | **99,6%** |
| *1.1.* | *Капиталдык курулуш* | *750,0* | *3 292,1* | *3 272,0* | *99,4%* |
| *1.2.* | *Капиталдык оңдоо* | *50,0* | *401,3* | *401,3* | *100,0%* |
| *1.3.* | *Суу менен жабдуу* | *100,0* | *797,5* | *794,1* | *99,6%* |
| *1.4.* | *Баткен областындагы жеке турак үйлөрдүн курулушу* | *0,0* | *1 000,0* | *1 000,0* | *100,0%* |
| **2** | **Бишкек шаарынын мэриясы** | **550,0** | **2 650,0** | **2 650,0** | **100,0%** |
| *2.1.* | *Бишкек шаарындагы билим берүү объекттеринин курулушу (УКС, ОГУКС)* | *500,0* | *2 530,0* | *2 530,0* | *100,0%* |
| *2.2.* | *Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык чарба жүргүзүү департаменти* | *50,0* | *120,0* | *120,0* | *100,0%* |
| **3** | **Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти** | **600,0** | **5 268,0** | **5 268,0** | **100,0%** |
| *3.1.* | *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрли (темир жол курулушу)* | *0,0* | *483,8* | *483,8* | *100,0%* |
| **4** | **Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин алдындагы Суу ресурстары кызматы (ирригация)** | **500,0** | **630,0** | **630,0** | **100,0%** |
| **5** | **Ош шаарынын мэриясы (Ош шаарындагы Капиталдык курулуш башкармалыгы)** | **50,0** | **228,9** | **228,9** | **100,0%** |
| **6** | **Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Архив кызматы** | **5,0** | **51,5** | **51,4** | **99,8%** |
| **7** | **Күч блогу жана стратегиялык объекттер** | **394,0** | **2 662,7** | **2 657,8** | **99,8%** |
| **8** | **Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги (юстиция үйлөрүнүн имараттарын куруу)** | **1,0** | **4,1** | **4,1** | **100,0%** |
| **9** | **Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги** | **0,0** | **131,0** | **131,0** | **100,0%** |

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесине ылайык, Бюджеттик инвестициялар биринчи кезектеги тартипте ички инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун натыйжалуулугуна баа берүүнү

эске алуу менен мурда башталган инвестициялык долбоорлордун аякташына багытталат.

Техникалык-экономикалык негиздемелерди, тандоону, ишке ашырууну жана ички инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүүнү иштеп чыгуу жана кароо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" Жободо аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн Жобого ылайык, бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган артыкчылыктардын жана критерийлердин негизинде, социалдык-экономикалык өнүгүү шарттарын эске алуу менен, капиталдык салымдар түрүндө тиешелүү жылга бюджеттик инвестицияларды бөлүштүрөт жана ар бир БКББнын (бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр) капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын бөлүштүрүлгөн көлөмү жөнүндө маалымат берет.

Долбоорлордун тизмегине артыкчылыктуу тартипте төмөнкүлөр киргизилет:

1) бюджеттик жылы бүтүрүүгө тийиш болгон объекттер;

2) БКББ тарабынан тартылган каражаттардын булактарынан кошумча каржылануучу курулуштар жана объекттер (объекттин наркынын 50 пайызынан кем эмес);

3) капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмегине киргизүү үчүн тандап алуу критерийлерине ылайык келген курулуш объекттери.

Ошону менен бирге, "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча курулуштар тизмегине 2 655,5 млн. сом суммасындагы 46 жаңы объекттердин курулушу кирген, бирок, Мамкурулуш алдындагы Турак жай жарандык курулуш департаментинин маалыматтары боюнча 01.01.2022-жылга карата 9 194,6 млн. сом суммасындагы капиталдык курулуштун жалпы көлөмү менен, аягына чыгарылбаган 731 объект бар.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, Техникалык-экономикалык негиздемелерди, тандоону, ишке ашырууну жана ички инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүүнү иштеп чыгуу жана кароо тартибин бузуу менен, "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча курулуштар тизмегине 2 655,5 млн. сом суммасындагы 46 жаңы объекттердин курулуш кирген, бирок, Мамкурулуш алдындагы Турак жай жарандык курулуш департаментинин маалыматтары боюнча 01.01.2022-жылга карата 9 194,6 млн. сом суммасындагы капиталдык курулуштун жалпы көлөмү менен, аягына чыгарылбаган 731 объект бар.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, "Инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 7-пункутуна ылайык, бюджеттик жылы аяктоого тиешелүү болгон долбоорлорду бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмесине артыкчылыктуу киргизүү боюнча иштерди жүргүзсүн.

**Аныкталды**

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан кезектеги жылга капиталдык салымдардын объекттерин каржылоо тизмегинде керектөөдөн 1-5%ды түзгөн каражаттардын суммасы каралган, бул болсо, курулушту аяктоо үчүн жетишсиз болуп эсептелет, ошону менен бирге, бюджеттик каражаттарды чачуу жана аларды чыгымдоонун натыйжалуулугун жоготуу жүрүүдө. Алсак, Мамкурулуш алдындагы Турак жай жарандык курулуш департаментинин маалыматтары боюнча 118 объект узак мөнөттүү курулуш катары эсептелет, алардын курулушу 2003-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилде башталган, алардын курулушун аяктоого 2 982,6 млн. сом талап кылынат.

**Корутунду**

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан капиталдык салымдардын объекттерин каржылоо тизмегинде керектөөдөн 1-5%ды түзгөн каражаттардын суммасы каралган, бул болсо, курулушту аяктоо үчүн жетишсиз болуп эсептелет, ошону менен бирге, бюджеттик каражаттарды чачуу жана аларды чыгымдоонун натыйжалуулугун жоготуу жүрүүдө. Алсак, Мамкурулуш алдындагы Турак жай жарандык курулуш департаментинин маалыматтары боюнча 118 объект узак мөнөттүү курулуш катары эсептелет, алардын курулушу 2003-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилде башталган, алардын курулушун аяктоого 2 982,6 млн. сом талап кылынат.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджеттик каражаттардын рационалдуу эмес пайдаланылышына жана аягына чыгарылбаган курулуштардын санынын көбөйтүүгө жол бербөөгө максатында, бекитилген сметалык наркты жана социалдык жана экономикалык натыйжалуулукту баалоонун жоктугунан, жаңы объекттерди бюджеттик инвестициялоо долбоорлорунун тизмесине киргизүүгө жол бербесин.

**Аныкталды**

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча каржылоого карата капиталдык оңдоо объекттеринин тизмегин бекиткен. Алсак, 2022-жылы объекттерди капиалдык оңдоого 401 336,1 миң сом суммасындагы каражат бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, капиталдык салымдар - бул төмөнкүдөй негизги фонддорду түзүүгө жана калыбына келтирүүгө багытталган каражаттар: жаңы обьекттерди куруу, долбоорлоо-чалгындоо иштерин реконструкциялоо

жана иштеп чыгуу; мамлекеттик (муниципалдык) органдарды техникалык жабдуу; машиналарды, жабдууларды жана башка техникаларды сатып алуу. Буга байланыштуу, “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча объекттерди капиталдык оңдоого 401 336,1 миң сом өлчөмүндөгү каражаттар негизсиз бөлүнгөн.

Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген имараттарды жана курулмаларды кезектеги күтүүдө капиталдык ондоо иштерин жүргүзүү боюнча объекттерди капиталдык салым объекттеринин тизмегине киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жана негиздүүлүгү каралсын.

**Корутунду**

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, капиталдык салымдар объекттеринин тизмегине капиталдык оңдоо объекттерин киргизген. Алсак, 2022-жылы объекттерди капиалдык оңдоого 401 336,1 миң сом суммасындагы каражат бөлүнгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмегин бекитүү боюнча ишти, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык так жүргүзсүн.

## 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин алкагында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бухгалтердик эсепти, ички аудитти жана ички контролдоону өнүктүрүү башкармалыгынын ишин талдоонун жыйынтыгы

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 122-беренесине жана “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына туура келбестен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы № 280 “Кыргыз Республикасынын ички аудит системасын өркүндөтүү жөнүндө” токтому менен, Ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн базасында, республиканын бюджеттик мекемелерине тышкы аудитти жүргүзүүчү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы түзүлгөн (юридикалык жак статусу, мөөрү жана штампы, уюштуруу-укуктук формасы - оперативдүү башкаруу укугунда түзүлгөн, өз алдынча баланс, обочолонгон мүлкү, Кыргыз Республикасынын казыналык системасында өздүк жана башка эсептери бар ведомстволук бөлүм).

Экинчи тараптан алганда, Лим декларациясынын 5-бернесинин 3-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жогорку

контролдоо органынын көз карандысыз деңгээли белгиленген жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттен тышкаркы каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ыйгарым укуктары, уюштуруу жана иш тартиби Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзам жана башка мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен белгиленген.

Мамлекеттик органдарга жана мекемелерге ички аудит жүргүзүүгө тиешелүү маселелер, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 71-беренесинин 5 жана 30-пункутуна ылайык, бюджеттик укук мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (Финмин) ички аудит тутумун методологиялык камсыздоону жүргүзөт жана мамлекеттик ички аудит кызматтарынын ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 122-беренесине ылайык, Ички аудит - ишти өркүндөтүүгө, тобокелдиктерди башкарууга, ички контроль тутумунун адекваттуулугуна жана натыйжалуулугуна карата жетекчиликке кепилдиктерди жана консультацияларды берүүгө багытталган, мамлекеттик башкаруу секторунун органынын ичиндеги көз карандысыз жана объективдүү иш-милдет.

"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, ички аудит кызматы ички аудит объектисинин жетекчисине отчет берет жана ички аудит объектисинин ички контроль системасын түзүүгө консультациялык жардам берет жана өз ишинин стратегиялык, узак мөөнөттүк жана жылдык пландарын, анын ичинде ички аудиторлорду кесиптик окутуу пландарын иштеп чыгат.

**Корутунду**

Министрликтерде жана ведомстволордо ички аудит кызматы иштөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине каршы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы № 280 "Кыргыз Республикасынын ички аудит системасын өркүндөтүү жөнүндө" токтому менен, ички аудит боюнча Кеңеши тин консультативдүү сунуштары жок туруп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын функцияларын кайталоо менен, Ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдардын түзүмдүк

бөлүмдөрүнүн базасында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдында Ички аудит кызматы түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы № 280 “Кыргыз Республикасынын ички аудит системасын өркүндөтүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдында Ички аудит кызматы жөнүндө жободо кетирилген дал келбестиктер өзүнчө көңүл бурууну талап кылат, ал жерде Кызмат ички аудит боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ички аудит объектисинин иш чөйрөсү үчүн ички аудиттин стандарттарын, этикалык стандарттарды жана ички аудиттин башка методологиялык ченемдерин колдонуу боюнча ведомстволук нускамаларды иштеп чыгууга укуктуу, бирок бул функция Бухгалтердик эсепти, ички аудитти жана ички контролдоону өнүктүрүү башкармалыгына ыйгарылган (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 28.03.2022-жылдагы № 129/л буйругу менен бекитилген, Бөлүм жөнүндө жобо).

Ошондой эле, 2023 - 2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Ички аудит кызматынын аудитинин стратегиялык планында 2 аймактык бөлүм, 57 штаттык бирдик алдында 1 800 аудит объектиси к
каралган, ошол эле учурда Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттен тышкаркы каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт.

**Сунуш**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:*

Объект ички аудитти аткаруу функциясы катары ички аудитти жакшыртуу жана сактоо, тышкы аудиттин функцияларын кайталоо тобокелдигин алып салуу максатында, төмөндөгүлө боюнча чараларды көрсүн:

- ички аудит чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин сактоо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик органдардын жана мекемелердин ички аудит кызматтарын иштеши;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бөлүмү, алдыңкы эл аралык практикаларга ылайык контролдоо жана ички аудитке жаңы ыкмаларды жайылтуу үчүн көзөмөлдөөгө жооп берген, ошондой эле ички аудит менен тышкы аудиттин органдарынын ортосунда кызматташууну өнүктүрүүгө координациялоо ролун ойгонон жана мамлекеттик сектордо ички аудит менен байланышкан комплекстүү ченемдик-укуктук комплекс, методологиялык жардам, окутуу жана консультация үчүн жооптуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бөлүмү катары, PEMPAL мүчө өлкөлөрүнүн тажрыйбаларын

эске алуу менен, шайкеш келтирүү боюнча борбордук бөлүмдү түзүү маселесин кароо.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.09.2013-жылдагы № 498 токтому менен бекитилген, Ички аудит боюнча Кеңеш жөнүндө жобонун 3-бөлүгүнүн 4-пунктун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бузуу менен, мамлекеттик органдардын ички аудит кызматтарынын ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ички аудит объектилеринде ички аудитти жүргүзүүдө аудит мөөнөтү Кеңеши менен макулдашылган эмес, ал жерде Ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон 22 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрү жоюлгандан кийин 2022-жылдын экинчи жарым жылдыгында ички аудит жок.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.09.2013-жылдагы № 498 токтому менен бекитилген, Ички аудит боюнча Кеңеш жөнүндө жобонун 3-бөлүгүнүн 4-пунктун бузуу менен, мамлекеттик органдардын ички аудит кызматтарынын ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ички аудит объектилеринде ички аудитти жүргүзүүдө аудит мөөнөтү Кеңеши менен макулдашылган эмес, ал жерде Ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон 22 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрү жоюлгандан кийин 2022-жылдын экинчи жарым жылдыгында ички аудит жок.

**Сунуш**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:*

Ички аудит боюнча Кеңеш жөнүндө жобону так сактоо, ошондой эле ички аудит боюнча Кеңештин милдеттерин жана функцияларын аткарууга жардам берүү боюнча чараларды көрсүн.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору З.А. Сатаевдин жетекчилиги менен, башкы мамлекеттик инспекторлор Д.М. Такырбашева, Г.К. Джумагулова, Г.Ш. Джайлообаева, Т.А. Балбаков, А.С. Токтоналиев, мамлекеттик инспекторлор: И. Исаков, А Кудайбердиев, Ч. Соодонбеков, Ж. Акболушев, М. Артыков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **З.А. Сатаев**